# СЕНИН КАРЖЫЛЫК ТӨҢКӨРҮШҮҢ

## Тынчтыктын күчү

ГЭРИ КИСИ

Кымбаттуу Машайактагы досум,

Биз бул окуу каражаты сизге батасын берсин, дем-күч берсин деп сыйынабыз. Сураныч, бул материалды досторуңуз, үй-бүлө мүчөлөрүңүз жана жыйыныңыз менен тайманбастан бөлүшүңүз. Ошондой эле, сиз **FLNFree.com** веб-сайтына кирип, кошумча электрондук көчүрмөлөрдү жана өз тилиңиздеги бекер окууларды жүктөп алсаңыз болот.

Кудай сизди сүйөт жана сиздин жашооңуз үчүн Анын укмуштуудай планы бар! Биз Кудайдын Падышачылыгы кандайча иштээрин изилдеп көрдүк, ал биздин жашообузду жакшы жакка өзгөрттү жана силер менен да ошондой болот деп ишенебиз!

Машайактагы сүйүү менен,

Гэри жана Дренда Кисилер.



P.S. Акысыз жүктөп алуу үчүн биздин веб-сайтка сөзсүз кириңиз. **FLNFree.com,** сиз өз тилиңизде көбүрөөк акысыз окууларды жүктөп алууңуз үчүн.

# СЕНИН КАРЖЫЛЫК ТӨҢКӨРҮШҮҢ

## Тынчтыктын күчү

ГЭРИ КИСИ

**Your Financial Revolution: The Power of Rest, Kyrgyz**
Copyright © 2024 by Gary Keesee

Originally published in English
Copyright © 2018 by Gary Keesee
ISBN: 978–1–945930–03–4

Gary Keesee Ministries,
P. O. Box 779, New Albany,
OH 43054, USA

GaryKeesee.com

This book is a FREE GIFT from Gary Keesee Ministries and is
**NOT FOR SALE**

**Сенин каржылык төңкөрүшүң, Тынчтыктын күчү, кыргыз тилинде.**
© 2024, Гэри Киси

Алгач англис тилинде басылып чыккан
© 2018, Гэри Киси
ISBN: 978–1–945930–03–4

Гэри Кисинин кызматы,
П/Я 779, Нью Албани,
Огайо 43054, США

GaryKeesee.com

Бул китеп – Гери Кисинин кызматынан белек, **САТУУГА БОЛБОЙТ**

Мен бул китепти жубайым Дрендага арнагым келет. Анткени, анын колдоп–кубаттоосу, Кудайдын иштерине болгон ышкысы, үй–бүлөсүнө жана мага болгон сүйүүсү мага көптөгөн жылдар бою дем берип келет. Кыялдар чындап эле орундаларын биз чогуу далилдедик!

— Гэри Киси

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ** ........................................................................7

**1–БӨЛҮМ.** Тынчтык – бул негиз ........................................13

**2–БӨЛҮМ.** Мыйзамдуу укуктар ...........................................27

**3–БӨЛҮМ.** Силердин жообуңар – Падышачылык ..............47

**4–БӨЛҮМ.** Мен Падышачылыктын негизги
ачкычын таптым! .............................................67

**5–БӨЛҮМ.** Басканга караганда, учкан жакшы ....................83

**6–БӨЛҮМ.** Жашоодо төлөмдөрдү төлөөдөн
да көп нерсе бар ..............................................103

**7–БӨЛҮМ.** Бул мүмкүн эмес! ...............................................117

**8–БӨЛҮМ.** Кош бөлүк ........................................................129

**9–БӨЛҮМ.** Жетиштүүдөн да көбүрөөк! .............................145

**10–БӨЛҮМ.** Кош бөлүктүн сыры.........................................169

# КИРИШҮҮ

Биз фермердик үйдөн чыккан күнү ачуу да, таттуу да болду. Биз бул кичинекей, эски, жараксыз фермердик үйдө дээрлик тогуз жыл жашадык, ошентип мен акыркы коробкаларды фургонубузга жүктөп жаткан учур келди. Биз өзүбүз курган жаңы үйгө көчүп бара жатканбыз, жети жүз он беш чарчы метр болгон, георгиан стилиндеги үй Огайо штатындагы жыйырма эки гектардан ашык кооз айыл чарбалык жерде жайгашкан. Анын сегиз гектары токой жана саз болгон. Бул бир нече жыл мурун элестетүү да кыйын болгон түш болчу.

Биз эски фермердик үйүбүздү жакшы көрүп калганыбызга карабай, аны таштап кетип бараттык. Ооба, биз анын сынган терезелери, кир жертөлөсү жана тынымсыз аарылардын кол салуулары менен ошол жерде чыдап жашап жүрдүк. Ушунчалык көп эскерүүлөр эсиме келди. Беш баламдын экөөсү ушул үйдүн конок бөлмөсүндө төрөлгөн.

Бизде көптөгөн жакшы учурлар болгон, бирок ошол эле учурда өзүбүздү толугу менен үмүтсүз сезген финансылык каатчылыктын учурлары да болгон. Биз көп нерсени үйрөнүшүбүз керек болчу. Азыр элестетүү да кыйын, бирок биз тогуз жыл мурун эски фермердик үйүбүзгө көчүп келгенибизде, ижара акысын төлөө үчүн айына 300 доллар таба албай кыйналган кездер болчу эле. Бизде эки машина бар болчу бирок, экөө тең бир нече жүз миң км. жүрүп койгон эски, анан да экөө тең күрөөгө келген болчу. Ал кезде биз баарына карыздай болуп калганбыз. Бизде ондон көп кредиттик карта, эки банк кредити, эки автокредит, салык кызматына болгон карыздар, туугандарга бир нече он миң доллар

карыздар бар болчу... Тизмени уланта берсе болот. Биз жашаган жокпуз, бирок эптеп күн көрүп жаттык; дээрлик бардык мүлкүбүз күрөөгө коюлган, анткени кээде тамак–аш сатып алууга да эч нерсебиз жок болчу. Бизде эскирген же бузулган буюмдар гана бар болчу, аларды да эскиргенден кийин сатып алганбыз.

Биздин ошол кездеги катастрофалык финансылык абалыбыз жаркын келечекке болгон үмүттү дээрлик калтырган да эмес. Чынын айтсам, эч кандай өзгөрүүлөрдү көрөм деп ойлогон эмесмин. Мен үй–бүлөмдү жакшы көрөм, сонун аялым бар, бирок мен аларды каржылык тозок аркылуу сүйрөп жүрчүмүн!

Мен антидепрессанттарды ичип, паникадан жабыркап жана күн сайын коркунучта жашадым. Жөнөкөй тил менен айтканда, мен кубанычтуу адаммын дегенден алыс болчумун. Мен өмүрдү камсыздандыруу полистерин сатып, комиссиялык төлөм менен жашап жаттым жана белгисиздикке ылдамдык менен бараттым. Жок, мен каржылык туңгуюкка учуп бара жаттым. Бара–бара биз карызга тереңдеп батып бараттык, карыз ала турган жерибиз калбай калганга чейин жеттик. Анан ошол учурда мен сынып калдым. Паника жана коркунуч сезими менин акылымды ээлеп алды. Ал тургай, комиссиялык сатуулар үчүн жаман болсо да, үйдөн чыгуудан коркчумун.

Келинчегим күйөөсүнөн айрылам деп ойлоп, төрт бала менен жалгыз калуудан коркуп жүргөн. Бирок, ал сыйынуунун күчүнө чын жүрөктөн ишенген машайакчы жана мага ишенүүнү улантып, колун түшүргөн жок. Биз чогуу сыйынып, Кудайдын Падышачылыгынын принциптерин изилдей баштадык. Биз Кудайдан жоопторду жана багытты издей баштаганда, жүрөгүбүз үмүт менен жаркырап, Кудай көрсөткөн нерселерди колдонуу менен биринин артынан бири болгон кереметтерге күбө болдук.

Бир күнү кечинде Кудай адамдарга карыздан кутулууга жардам берүү жана Ал мага көрсөткөн принциптерди үйрөтүү үчүн каржы тармагында өзүмдүн компаниямды ачуум керектигин көрсөткөндө, чечүүчү учур келди. Ал кезде элди карыздан кутулууга жардам бере

турган компания ачуу кызыктай көрүнгөн, анткени өзүбүздүн дагы карызыбыз көп болчу. Биз бул жөнүндө сыйындык жана Теңир бизге алдыга кадам шилтеп, Анын принциптерин башкаларга үйрөтө баштаганда, өзүбүз эркиндикке ээ болорубузду айтты.

**БИЗ КУДАЙДАН ЖООПТОРДУ ЖАНА БАГЫТТЫ ИЗДЕЙ БАШТАГАНДА, ЖҮРӨГҮБҮЗ ҮМҮТ МЕНЕН ЖАРКЫРАП, КУДАЙ КӨРСӨТКӨН НЕРСЕЛЕРДИ КОЛДОНУУ МЕНЕН БИРИНИН АРТЫНАН БИРИ БОЛГОН КЕРЕМЕТТЕРГЕ КҮБӨ БОЛДУК.**

Компанияны ачуу ишеним менен кадам таштоо болчу, анткени бизде аны кантип жасоо түшүнүгү жок болчу, бирок өжөрлүк менен күрөшүүнү улантып аттык. Компания өсүп, анын ишмердүүлүгүнөн түшкөн кирешенин аркасында эки жарым жылдын ичинде биздин үй–бүлө толугу менен карыздан кутулдук. Мен кийинки бөлүмдө бул тууралуу кененирээк айтып берем, бирок азыр мен жөн гана жашообуз түп–тамырынан бери өзгөрдү деп айтам! Биз сезген эркиндиктин даамын – автосалонго кирип, жаңы унаага накталай акча төлөп жатканда, жаңы үйүбүздөгү бардык курулуш иштерин пландап, куруп, төлөп жатканда башыбыздан өткөргөн укмуштуудай сезимди айтып берүү мүмкүн эмес. Биз ойлогондон да көп ырахатка ээ болдук.

Ооба, фермердик үйдө эстей турган нерселер бир топ. Мен акыркы каробканы алайын деп киргенде, тар бөлмөдө жубайым турганын көрдүм. Ал мага жаш толгон көздөрү менен карады. Бирок, бул кайгынын көз жашы эмес эле, бул кубанычтын жана толкундануунун көз жашы эле, анткени ал бул жерде Кудайдын бизге эмнелерди үйрөткөнүнүн баарын эстеп жатты. Мен да бүт бөлмөлөрдү акыркы жолу карап, бул жерде болгон окуялардын баарын аралаш сезим менен эстеп, көз жашымды араң тыйып турдум. Биз жашообуздун бир бөлүмүн жаап, жаңы аймакка

көчүп баратканбыз. Эми бизди эмне күтүп турду экен? Бул сапар бизди келечекке үмүтү жок болуп калган депрессиядан алып чыкты. Акыркы каробканы алып үйдөн чыкканда токтоп, аны жылмайып карадым. Жок, мен сени сагынбайм. Эми менде жакшыраак жер бар.

**ДРЕНДА ЭКӨӨБҮЗ АЧКАН НЕРСЕ, СИЛЕР ҮЧҮН ДА ЖЕТКИЛИКТҮҮ.**

Жаңы үйүбүзгө көчүп келгениме абдан кубандым. Бирок, биздин саякатыбыздагы эң жакшы нерсе, акыры тынчтыкты билдик! Мен төлөмдөрдү төлөө менен эле чектелбестен, келечегим жөнүндө да ойлоно алмакмын. Анын тынчтыгында жашоо өткөн бардык жылдардын ичинде кыялга айланып калган эле.

Машиналар үчүн төлөө – тынчтык. Карызсыз жашоо – тынчтык. 22 гектар жерге толук төлөнүүчү үйгө ээ болуу – тынчтык дегенди билдирет. Дүкөнгө барганда аялыңдын жылмаюусун көрүп, акчаны ойлобоо – тынчтык. Башкаларга жүз миңдеген долларларды берип, Жакшы Кабарды жайылтууга жардам берүү үчүн жетиштүү акчага ээ болуу – тынчтык. Бирок, балким, менин жашоомдогу эң чоң өзгөрүү – мен эртең менен турганда, өткөн бүт жылдар бою мени кыйнап келген чыңалуу жана коркуу менен ойгонууну токтотконум болду. Дагы бир жума эптеп күн көрүүгө аракет кылбай, кайрадан жагымдуу нерселерди кыялдануу – бул тынчтык.

Ооба, акыркы коробкаларды жаңы үйүбүзгө алып баруу үчүн микроавтобуска салган күнүм ачуу да, таттуу да болду. Бирок, мага ишенип койгула, Дренда экөөбүз тапкан тынчтыктын таттуулугу өткөн күндөрдү эскерүүдөгү ачуу ойлорго көлөкө түшүргөндүктөн, өзүбүздү кайрадан кичинекей балдардай сезип, чогуу кыялданып, күлүп калдык.

Мен силердин ойлоруңарды билем. Мен муну кандай гана каалаганмын. Эсептерди кантип төлөш керек экенинин гана ойлобостон, күлүп, кыялданып ойлонууну кандай гана каалагам.

Азыр ишенүү кыйын болсо да, Дренда экөөбүздүн тапкан нерселерибиз кандай болсо, ал силер үчүн да ошонлой эле жеткиликтүү. Биздин окуяны окуп жатып, Кудайдын мыйзамдарын жана принциптерин жашооңордо колдонууга шыктанышыңар үчүн сыйындым.

Бул такыр кыйын эмес, болгону тынчтыктын күчүн ачыш керек!

> *Чарчап–чаалыккандар жана түйшүк тарткандар, баарыңар Мага келгиле, Мен силерге тынчтык берем. Менин моюнтуругумду алып, Менден үйрөнгүлө, анткени Мен жоошмун жана момунмун. Ошондо жаныңарга тынчтык табасыңар. Анткени Менин моюнтуругум жакшы, жүгүм жеңил».*
>
> – Матай 11:28–30

# 1 – БӨЛҮМ

# ТЫНЧТЫК – БУЛ НЕГИЗ

**ТЫНЧТЫК** – салыштырмалуу кыймылсыздык, капыстан болгон кыймылдардын жоктугу, жымжырттык, эс алуу, аракетсиздиктин, тынчсыздануунун жоктук абалы (Google).

Силер чарчадыңарбы? Күн сайын жумушуңар көп болуп, жарык көрбөй жатасыңарбы? Силердин акчага болгон муктаждыгыңар жумушуңардын ордун, түрүн жана жумуштун узактыгына карата болгон чечимиңерди аныктайбы? Карыздан эч качан кутулбай тургандай сезилип жатабы? Өзүңөрдү кыйратуучу, маанисиз умтулуу менен жашап жаткандай сезесиңерби? Эгер ошондой болсо, анда силер жалгыз эмессиңер.

Силер арс чычкан (хомяк) чуркаган дөңгөлөктү көрдүңөр беле? Көргөнсүңөр деп ишенем, эгер жок болсо, кемирүүчүлөрдүн торуна салынган дөңгөлөктү элестеткиле. Хомяк ага секирип, чарчаганга чейин чуркай алат. Бирок, бул дөңгөлөктүн бир көйгөйү бар. Кемирүүчү канчалык узак жана тез чуркабасын, тажаганда же чарчап, дөңгөлөктөн түшкөндө, ал дагы эле чуркоону баштаган жеринде болот. Эч нерсе өзгөрбөйт. Ал канааттануу сезими менен түктүү кичинекей жүзүн аарчый алат. Бирок, анын жашоо шартын жакшыртуу үчүн эч нерсе өзгөрбөйт, эркиндикке укугу жок, капаска камалган бойдон кала берет. Ошол эле нерсе, баарыныкы болбосо да, көптөгөн адамдардын жана алардын каржылык жашоосунда болот. Алар жума бою талыкпай иштешет жана дем

алыш күндөрү чарчап келишет, бирок дүйшөмбү күнү таң атканда, алар мурунку жумадагыдай абалда калышат. Алар жөн гана дагы жети күн эптеп аман калышты.

Менин тогуз жылдык жашоомдун көрүнүшү ушундай болду. Мен бүт тырышчаактыгым менен, ынталуулугум менен күнүнө 15–18 саат иштедим, бирок ондуктарды, эсептерди жана салыктарды төлөгөндөн кийин менде эч нерсе калбай калчу. Адатта күнүмдүк керектөөлөргө акчам жетишсиз болгондуктан, акырындап жашоо үчүн карызга акча алып көнүп калдым. Каржылык кысым күчөгөндө мен дагы да көп аракет кылдым, бирок баары маанисиз болуп атты. Токтоп, ийгиликтеримди баалап жатып, мен дагы эле артка кетип жатканымды түшүндүм.

Албетте, бул олуттуу психологиялык кесепеттерге алып келди. Мен күн сайын күрөшкөн көңүл чөккөндүк жана коркуу сезимиме жана физикалык абалыма акырындык менен таасирин тийгизди. Дүрбөлөң, катуу коркунуч жана нес болуу денеме чабуул кыла баштады. Дарыгерлер менин оорумдун себебин түшүнө алышкан жок. Коркунуч ушунчалык курчап алгандыктан, мен жашаймбы же өлүп каламбы билбей да калдым. Тогуз жылга жакын күрөөканага буюмдарыбызды коюп, туугандардан карыз алып жашап калдык. Акыр–аягы, бизде коё турган буюмдарыбыздан жана менин өзүмдүн баалуулугумдан дээрлик эч нерсе калган жок. Аны жана жашоомдо калган кубанычты, бир кашык менен гана чогултса болот болчу. Мен сынып калдым.

Кредиторлор мени сотко берүү үчүн катарга тизилип калышты, мына ошондо баары болду. Телефон шыңгырап, мен толук үмүтсүздүк менен жооп бердим. Бул чалуу башка көптөгөн таңкы чалуулар сыяктуу эле болчу.

– Киси мырза, сиз биздин кардарыбызга белгилүү өлчөмдөгү акча карыз экениңизди билесизби? Карызды качан төлөй аласыз? Киси мырза, сиз муну мен сизге акыркы чалганымда айткансыз. Үч күндүн ичинде акчаны бизге которбосоңуз, кардарым сизди сотко берет. Сиз түшүндүңүзбү, Киси мырза? Үч күн. Көрүшкөнчө.

Бул чалуу мага бир тонна кирпичтин кулаганындай болду. Бул менин айласыз абалымдын оордугун билбегенимден эмес. Менде жөн гана акча жок болчу. Менин мүлкүмдүн арасында бир дагы бүтүн буюм жок болчу. Муздаткыч бош болчу. Менин сүйкүмдүү үй–бүлөм тоңуп калбаш үчүн, каминдин жанында жатышчу, анткени отоплениеге акча жок болчу. Кайрылууга эч ким жок болчу. Досторум, туугандарым мага жардам бергенден тажашты. Айлам кетип, акырын тепкич менен уктоочу бөлмөгө чыгып, керебеттин жанына жатып калдым. Мен көз жашым менен Кудайдан жардам сурап жалбардым.

Теңир мага сүйлөдү, ал тургай, жооп ушунчалык тез келгенине таң калдым. Бул кулак уккан үн эмес, менин жан дүйнөмдөн так жана даана чыккан үн эле. Биринчиден, Теңир мага менин кыйынчылыгымдын Ага эч кандай тиешеси жок экенин айтты. Менимче, Ал муну айтканынын себеби, менин көз карашым боюнча Ал эмнеге бизге жардам бербей жатат деп бир аз таң калгандыгым үчүн. Биз кереметтүү жыйынга барчубуз, мүмкүн болушунча берешендик кылып, дээрлик дайыма ондук берип турчубуз. Бирок, Ал мен Анын Падышачылыгы кандай иштегенин изилдебегендиктен кыйынчылыка кабылганымды айтты. Ал мага Анын Падышачылыгында акча жердегиге караганда башкача караларын, эгер мен эркин болгум келсе, Анын Падышачылыгында каржылык башкаруунун принциптерин үйрөнүшүм керектигин айтты.

Мен ошол замат шашып түшүп, Дренданы кармап алып, ага Теңир жаңы эле мени менен сүйлөшкөнүн, жооп Анын Падышачылыгында экенин айтканым эсимде. Албетте, биз Анын Падышачылыгы кандайча иштээрин түшүнчүбүз деп ойлогондуктан, бир аз ыңгайсыз болдук. Анткени, мен айтып өткөндөй, биз кереметтүү жыйынга таандык болчубуз, экөөбүз тең Кудайды сүйчүбүз жана бейишке барарыбызды билчүбүз. Бирок, белгилүү болгондой, биз Анын Падышачылыгы жана анын кандайча иштээри жөнүндө абдан аз билген экенбиз.

Мен Кудайдын мени менен сүйлөшүп, Өзүнүн жообун — Анын

Падышачылыгын ачып бергенине кубандым. Мен анын эмнени билдирерин түшүнө элек болчумун, бирок мен бекемделдим. Анын үстүнө, мен Кудайдын *Падышачылык* деген сөзү эмнени билдирерин түшүнгөн эмесмин. Мен муну билишим керек болчу, анткени бул бир сөздө чындап эле Дренда экөөбүз эңсеп, издеген жооп бар болчу.

Ошол күнү биз кол кармашып сыйындык. Биринчиден, биз Кудайга анын Сөзүн жана Падышачылыгынын каржыга байланыштуу принциптерин изилдөөгө убакыт бөлбөгөнүбүз үчүн тобо кылдык. Экинчиден, мен, үй–бүлө башчысы, ушундай айласыз абалда калуубузга жол бергеним үчүн, аялымдан кечирим сурадым. Биз экөөбүз тең сыйынып, Анын Падышачылыгынын иштерин изилдей баштайлы жана акыркы тогуз жылдан бери жашап жүргөнүбүздөн башкача жашайлы деп макулдаштык.

Андан кийин эмне болгонун сүрөттөөнүн эң жакшы жолу – которгучту кароо. Караңгы бөлмөгө кирип, жөн гана аны басасыңар. Жарык! Силер көрүп атасыңарбы? Кудай бизге Өзүнүн Падышачылыгы жөнүндө үйрөтө баштаганда ал ушул сыяктуу болгон. Кимдир бирөө которгучту баскан сыяктуу болуп, биз мурда көрбөгөн нерсени көрдүк. Биз Кудайдын Падышачылыгы — туруктуу мыйзамдары бар өкмөт экенин түшүнө баштадык. Биз бул мыйзамдарды үйрөнүүгө болорун жана биз керектүү байлыкка ээ болуу үчүн, Кудайдын күчү менен даанышмандыгын колдоно аларыбызды түшүндүк.

Биз дагы эле абдан таң калып жатсак да, укмуштуудай бактылуу болдук. Кудай бизге Өзүнүн Падышачылыгынын түзүлүшүн үйрөтө баштаганда, бир нече укмуштуу окуялар болду. Мен бул китептин беттерине алгачкы окуяларды сүрөттөбөй эле коёюн, анткени алар ушул сериянын биринчи китебинде, “Сиздин финансылык алмашууңуз. Макулдашуунун күчү» (Your Financial Revolution: The Power of Allegiance) деген китептерде көрсөтүлгөн. Бул китепти **garykeesee.com же Amazon.com** даректеринен сатып алса болот. Ошондой эле, менин “Ишеним менен аңчылык” китебимди окушуңар керек **(Faith Hant),** ал силерге Кудай мага бугуга аңчылык

кылуу аркылуу көрсөткөн эң биринчи сабактарды, ырыскыдан түшүмдү кантип жыйноо керектигин көрсөтөт. Бирок, узун сөздү кыска кылуу үчүн, бир мисал келтирүүмө уруксат бергиле.

Мен жогоруда жазганымдай, биз катуу карызга батып, андан чыгуунун жолун көрбөдүк. Салык кызматына болгон карыз, күрөөканаларга коюлгандар, төлөмү чектен ашып кеткен он кредиттик карта жана жылына 28 пайыздык үстөк менен алынган үч насыя. Тиш доктурга, химиялык тазалоочуга, ата–энебизге, досторубузга карызыбыз бар болчу. Кайсы бир кызматты атагыла, биз баарына карызбыз. Табигый дүйнөдө үмүт кыла турган эч нерсе жок болчу. Мен абдан көп иштесем да, каржылык келишимдерим жакшы жүрүшпөй аткан. Бирок, азыр мен Падышачылыкта укмуштуудай нерселер жасалып жатканын көргөндөн кийин (жогоруда айтылган эки китептеги окуяларды окуп чыгыңыз деп кайрадан эскертем), Падышачылык – биздин жообубуз экенин түшүнгөндө биз шыктандык. Андан ары эмне болорун билген эмеспиз, бирок туура жолдо экенибизге толук ишенип аттык.

Бир күнү Кудай мага түш берип, анда мен акыркы тогуз жыл иштеген компаниямды таштап, адамдарга карыздан кутулууга жардам берүү үчүн – көңүл буруу – өз бизнесимди ачуум керектигин көрсөттү! Мен билем, бул акылга сыйгыс, туурабы? Анткени, карыздан кутулуунун жолун билсем, мен аны эбак эле кылмакмын. Бирок, Теңир муну так айтты. Мен таң калдым. Мен компанияны кантип ачууну жана ага эмне талап кылынаары жөнүндө түшүнүгүм да жок болчу. Анын үстүнө, элге карыздан кутулууга жардам бере турган компаниябы? Бул үчүн эмне кылышымды мага бирөө айтып берсе кана!

Мен бул жөнүндө сыйына баштаганда, Ыйык Рух менен жашоомду өзгөртө турган тагдырлуу жолугушууну башыман өткөрдүм, кандай болушу мүмкүн экени жөнүндө аян алдым. Бул менин камсыздандыруу кардарым менен телефон аркылуу сүйлөшүү учурунда болгон. О айтмакчы, “мен мунун баары болуп жатканда, каржылык кызмат көрсөтүү тармагында иштеп, камсыздандыруу полистерин жана баалуу кагаздарды сатчумун”

деп айтам деп унутуп калыпмын. Мен билем, бул өтүгү жок өтүкчү сыяктуу, өзүнүн муктаждыктарын унутуп, айланасындагылардын баарына жардам бергендей. Каржылык кызмат көрсөтүү тармагындагы ишимде ийгиликти көргөн жокмун, бирок мурунку тогуз жыл ичинде топтогон бай тажрыйбам Кудай мага көрсөтө турган нерседе маанилүү роль ойноду.

Бул ашкана столунда менин кардарым, анын аялы жана мен алардын каржылык иштерин талкуулап жатканда болду, мен ар кандай суроолорду бердим, алар жооп беришти, биз стандарттуу анкета толтурдук. Биз бул маалыматтарды негизинен алардын камсыздандыруу салымын аныктоо үчүн колдондук. Карыздарынын тизмесин карап, экөө тең кайгыга батып, аялы өздөрүн алсыз сезгенин айтып, ыйлап жиберди. Экөө тең эртеден кечке иштешчү, бирок ай сайын акча тартыш болуп жатты.

Мен өзүм ушундай кырдаалда тогуз жыл жашадым, Кудай Дренда экөөбүзгө Кудайдын Падышачылыгынын принциптерин үйрөтө баштагандыктан, алардын жанында кандай сезимде болгонумду элестетсеңер. Алар да бизге окшоп машайакчылар болушкан, бирок алар Падышачылыктын кантип иштээрин билишкен эмес. Ал убакта мен бул жубайларга анын принциптерин толук түшүндүрүп бере алган жокмун албетте, Кудай бизге көрсөткөн алгачкы сабактарды гана бөлүшүп, аларга буга чейин биз менен болуп өткөн таң калыштуу окуяларды да айтып бергем.

Биринчиден, мен алардын негизги көйгөйү өмүрдү камсыздандырууда эмес экенин айттым. Мен аларга Кудай мага Падышачылык жөнүндө эмнени үйрөтүп жатканын түшүндүрүүгө убакыт бөлдүм, бирок мен аларга алардын абалына байланыштуу реалдуу каржылык жоопторду сунуштагым келди.

Ал күнү кечинде кеңседе жумуш күнүмдү аяктап, жооп бериш керек болгон файлдарды жана билдирүүлөрдү иргеп жатып, капысынан акылыма бир ой келди. Өмүрдү камсыздандыруу маселесин четке кагып, бүтүндөй финансылык сүрөткө тереңирээк карап көрсөк кандай болот? Балким, мен кандайдыр бир жардам

бере алмакмын? Эгер акча издеп баштасамчы? Башкача айтканда, алардын чыгашасын төлөөнүн жана үнөмдөлгөн акчаны алардын акча агымына жана карызын төлөөгө жумшашынын үнөмдүү жолдорун таап алсам кана. Бул татаал нерседей көрүнгөн жок, бирок мен чындап эле өмүрдү камсыздандыруудан башка каржылык аймактарды түшүнчү эмесмин. Мунун баары интернет пайда болгонго чейин болгонун айта кетейин. Мен жүргүзүшүм керек болгон изилдөө эски ыкма менен – телефон жана сары барактарды колдонуу менен жүргүзүлүшү керек болчу.

Бул кардар менен кийинки жолугушууга чейин мен ал үчүн бир жума өткөрдүм. Ар бир каржы чөйрөсүн тереңирээк казганда, айына татыктуу суммадагы акчаны үнөмдөөгө болорун билип таң калдым. Мен эсептөөнү аяктаганда, бул сумма айына бир нече жүз долларды түздү. Финансылык калькуляторумду колдонуп, мен алардын бардык карыздарын кошуп, анан бардык үнөмдөлгөн каражатты алардын ай сайынкы төлөмдөрүнө кантип колдонсо болорун эсептеп чыктым. Компьютердин кнопкасын басканда мен экранды тиктеп калдым – 6,2 жыл. 6,2 деген жооп – бул менин кардарымдын бардык карызын, анын ичинде ипотеканы толугу менен, кирешенин өзгөрүүсүз төлөшүнө кеткен жалпы убакыт болду. Ооба, сиз туура окудуңуз, айлык кирешеде эч кандай өзгөрүүсүз. Мен таң калып, ката кетиргениме ынандым, ошондуктан мен туура жооп бергениме көзүм жеткенче кайра–кайра санадым. Бул чынбы? Анда эмне үчүн бул тууралуу баары эле билишпейт?

Мен колумдагы башка кардарлардын файлдарын алып, аларды тез карап чыктым жана ошол эле жыйынтыктарды алдым. Алардын ар бири ай сайын туруктуу кирешеси менен бардык карыздарын, анын ичинде ипотекасын беш–жети жылда төлөй алмак. Мен кеңсемде эсептөөлөрдү бүтүргөндө кеч болуп калган эле, бирок мен канааттануу менен үйгө кайттым. Эгерде мен бардыгын туура эсептесем жана бардык эсептөөлөрүм ушуну көрсөтсө, анда мен абдан маанилүү нерсени үйрөндүм.

Менин кардарым мындай маалыматты кантип кабыл алат

деп кызыгып калдым. Алдыда боло турган жолугушуубуз үчүн мен бардык сандар менен бир барактан турган презентацияны чогултууну чечтим. Менин максатым – жөн гана аларга үмүт берүү эле. Мен бул кызмат үчүн эч нерсе алмак эмесмин, аларды камсыздандырууну сатам деп да ойлогон эмесмин. Бирок, алар мени уккусу келерин билчүмүн. Кийинки жумада мен өзүмдүн эсептеримди кайра карап чыктым жана жаңылбаганыма ишендим.

Мен алардын үйүнүн коңгуроосун басканда, жолугушуубузду күтүп, толкунданып кеттим. Биз дасторконго отурганда, мен аларга бир жума бою алардын сандары менен кантип иштегенимди айтып бердим. Мен басып чыгарган маалыматтарымды акырындык менен көрсөтүп чыгып, кантип үнөмдөөгө жетишкенимди түшүндүрүп, көрсөткөнүмдү колдонууга керектүү компаниянын атын жана сумманы айтып бердим. Мен алардын үнөмдөгөн каражаттары көбөйүп жатканын түшүнгөндө кандай сүйүнүшкөнүн көрдүм. Бирок, мен аларга 6,2 жылдын ичинде, ошол эле киреше деңгээлин сактап, алар толугу менен карызсыз боло алышат деген тыянагымды көрсөткөндө, экөө тең ыйлай башташты бул жолу кубанганынан. Көз жашы ылдый агып, алар жыйынтыкка таң калганын айтып токтоно алышкан жок. Анан алар ыргып туруп, мени кучактап, баарыбыз чын жүрөктөн кубандык.

Чынын айталы: салык кызматы кантип азыраак салык төлөө керектигин айтып береби? Банк силерге насыянын пайызын төлөөдөн кантип качуу керектигин айтып береби? Жок. Бүтүндөй система акчаңарды коргоо үчүн эмес, алуу үчүн иштелип чыккан. Мен Америкадагы ар бир үй–бүлө менен бөлүшө турган нерсени тапканымды билдим! Ошол кеч мага чоң таасир калтырды жана мен ар бир кардарым үчүн ушундай кылгым келди.

Ошондуктан, Кудай мага берген түшүмдү тастыктоо жана маалымат менен куралданып, мен иштеп жүргөн камсыздандыруу компаниясындагы жумушумду таштадым жана Дренда экөөбүз өзүбүздүн компаниябызды ачтык, аны биз Faith–Full Family Finances ("Ишенимге толо үй–бүлөлүк каржы") деп атадык. Аталышы биз жөнүндө ачык–айкын айтып турат, эгерде силер Падышачылыкты

жана ишенимди билсеңер, анда силердин каржыңар да толуктук болот. Мен макулмун, бул компания үчүн эң бир ылайыктуу ат эмес, аны он жолу катары менен айтып көргүлө, бирок ал иштеди. Кийинчерээк биз Forward Financial Group (“Алдыңкы каржы тобу”) деген аталышка өзгөрттүк, ал бүгүнкү күндө да бар жана ийгиликтүү иштеп жатат.

Чынын айтсам, биздин каржыбызда али толуктук жок болчу. Карыздарыбыз бар болчу, бирок биз туура жолдо экенибизди билчүбүз. Жаңы ишкана ачканда абдан сүйүнүп, ошол эле учурда бир аз толкундандык. Биз компанияны кантип ачуу жана аны кантип башкаруу жөнүндө маалымат алуу үчүн, көп эмгектенишибиз керек болчу. Анын үстүнө биз олуттуу тоскоолдукка дуушар болдук – кантип акча табууну билбей калдык. Бул чакырык болчу – биз адамдарга карыздан кутулуу үчүн жардам берүү үчүн, алардан акча талап кыла албайбыз жана аны каалабайбыз дагы. Бул чоң тоскоолдук болду, биз ал тууралуу көпкө сыйындык жана жолдорду издедик. Майда–чүйдөсүнө чейин айтпай эле коёюн, Теңир бизге кардардан эч кандай акы албай туруп эле, пайда табуу үчүн компанияны кантип ачуу жана өнүктүрүү боюнча укмуштуудай стратегияны көрсөткөн.

Андан кийин биз ар бир кардардын маалыматтары менен жасаган кол менен эсептөөлөрдүн узак процессин тездетүүнүн жолун табышыбыз керек болчу. Мен өзүбүздүн жумушубуз үчүн атайын компьютердик программаны иштеп чыгышым керек экенин билчүмүн, бирок менин компьютерлер жөнүндө эч кандай түшүнүгүм жок болчу жана керектүү жөндөмү бар адамды кайдан табаарымды билчү эмесмин. Кудай кайрадан укмуштуудай иш жасады. Мага бизден алыс жашаган бир адам чалып, кандайдыр бир жол менен биздин компания жөнүндө угуп калганын айтты. Ал бизге потенциалдуу кардар катары кызыгуу көрсөттү. Экөөбүз жолукканыбызда ага баары жагып, баарлашуу учурунда ал программист жана өзүнүн жеке компаниясынын ээси экени белгилүү болду. Мен биздин муктаждыктарыбыз жөнүндө аны менен сүйлөштүм жана ал биздин ишибизге жардам берүүгө

абдан ынтызар болду. Мен ага компаниябызды жакында эле ачканыбызды жана ал чоң арзандатууну сунуштаганына карабай, анын кызматы үчүн төлөөгө каражат жетишсиз экенин айттым. Бирок, ал дагы эле биз үчүн жумуш кылгысы келип, акчабыз болгонго чейин күтө аларын айтты. Биз ушундай кылдык.

Биздин ишибиз элге жакты. Эмне үчүн жакпаш керек акыры? Биз алар үчүн бекер иштечүбүз, алар карыздан кутулуу үчүн акча тапканды жактырышты. Бизнес жакшы өнүгүп, эки жарым жылдын ичинде бардык кредиттерди, карыздарды толук төлөй алдык. Көп өтпөй биздин планыбыз жөнүндө өлкө боюнча айтып бере алган үч жүз өкүлүбүз болуп калды. Эки унаабызды тең накталай акчага сатып алгандан тышкары, кыялыбыздагы үйдү карызсыз курдук. Биздин компания өстү, биз Жакшы Кабардын жайылтылышын жана адамдарды колдоо үчүн жүз миңдеген долларларды курмандыкка бердик. Биз бүгүн атагандай, «Карыз планы» отуз жыл өткөндөн кийин да, дагы эле бекер иштеп жатат. Бул жылдардын ичинде компания өзүнүн миссиясында өстү. Биз 2001–жылдагы финансылык кризистен жана албетте, 2008–жылдан бери, миллиондогон адамдар пенсиялык топтоолордун 50–80 пайызын жоготкондон бери пенсиялык инвестицияга көңүл буруп келебиз. Биз коопсуз инвестициялоо жолдорун изилдеп, 2001–жылы биздин компанияда бул багытты ачканбыз. Мен сыймыктануу менен айта кетейин, биз учурда кардарларыбыздын жүз миллион доллардан ашык каржысын башкарып жатабыз жана акыркы он алты жыл ичинде биздин өлкөгө жана бүткүл дүйнөгө инвестициялоодо каржылык башаламандыктан алардын бири дагы бир тыйын да жоготкон жок. Биз өз планыбыз үчүн комиссиялык жыйымдарды албаган сыяктуу эле, кардарларыбыздан баштапкы же жылдык башкаруу жана брокердик акы да албайбыз. Эгерде силер инвестициялык акчаңар менен алып–сатарлык кылуудан чарчасаңар, Forward Financial Group менен 1–(800)–8150818 телефону аркылуу байланышсаңар болот же Forwardfinancialgroup.com сайтынан көбүрөөк маалымат ала аласыңар.

Укмуштуудай эле, туурабы? Ыйык Рухтан болгон бир жөнөкөй эле идея биздин жашообузду түбөлүккө өзгөрттү! Ооба, биз ушул жол менен барышыбыз керек болчу, бирок Кудай бизге кайда барышыбызды көрсөттү. «Гэри, карызсыз болгондо кандай сезимде болдуңуз?» Мен тынчтыкты жана бейпилдикти сездим! Жөн эле ойлонсоңор. Биз оор финансылык кризистен карыздан толук боштондукка, накталай акчага унааларды, үйлөрдү жана керектүү нерселердин баарын сатып ала турган абалга өттүк. Тогуз жыл бою, күн сайын, ар бир мүнөттө мен катуу кысым астында жашагам. Менде тынчтык жок болчу. Жылдар бою бир да күн калбай, иш күндөрү да, майрам күндөрү да. Менде тынчтык жок болчу. Кайсы жерге барбайын, мени каржы көйгөйү ээрчип жүрдү. Финансылык абалыбыздан дайыма уялып, басынып турдум. Менин туруктуу шериктерим коркуу, дүрбөлөңгө түшүү жана антидепрессанттар болду – менин жашоо образым үмүтсүздүктүн туу чокусунда турган. Бардык каржылык өзгөрүүлөрдө жана албетте, жашообузга керектүү нерселердин бар болгону, жеке каржынын болушунун өзү, жеңиш деген азгырык ойго келиши мүмкүн эле. Ооба, биз буга качан ээ болдук? Бардык керектүү нерселер сыяктуу эле, биз чоң жеңишти сездик, бирок чыныгы кубанычты Кудайдын Падышачылыгы кантип иштеп жатканын көргөндө сездик.

**ЫЙЫК РУХТАН БОЛГОН БИР ЖӨНӨКӨЙ ЭЛЕ ИДЕЯ БИЗДИН ЖАШООБУЗДУ ТҮБӨЛҮККӨ ӨЗГӨРТТҮ! ООБА, БИЗ УШУЛ ЖОЛ МЕНЕН БАРЫШЫБЫЗ КЕРЕК БОЛЧУ, БИРОК КУДАЙ БИЗГЕ КАЙДА БАРЫШЫБЫЗДЫ КӨРСӨТТҮ.**

Дренда экөөбүз Падышачылыктын иш–аракетин кайра–кайра көргөнүбүздө бири–бирибизге: «Сен муну көрдүңбү?» – деп көп айтчубуз. Бул которгучту (выключател) бурагандай эле болду жана баары күндүзгүдөй ачык болуп калды. Сокур болгондон

кийин жарыкты көрүү жана жоопторго ээ болуп жашоо – бул эң сонун тажрыйба. Чыныгы кенчти, Кудайдын Падышачылыгын табуу – бул жөн гана керемет. Мен кандай сезимде болгонумду сүрөттөп берүү абдан жөнөкөй эле — менин жашоомо биринчи жолу тынчтык кирди.

Драма бүттү! Мурда дөңгөлөк тешилип калганда эле биз эмоционалдык стресске кабылчубуз. «Акчаны кайдан алабыз? Кредиттик картада дагы чек (лимит) калды бекен?» Бирок, бүгүн эмнегедир унаа бузулуп калса, аялымдан: “Бул жолу кандай түстү каалайсың?” деп сурайм. Драма, паника, карыз жок, жөн гана тынчтык. Биз өзүбүздүн милдеттерибизге көңүл буруп, максаттарыбызга карай умтула берсек болот. Эми биз жашоо үчүн күрөштү токтоттук, биз жөн эле ЖАШАП жатабыз!

> *Ошондуктан силерге айтарым: “Эмне ичип, эмне жейбиз?” – деп, жаныңар үчүн; “Эмне киебиз?” – деп, денеңер үчүн түйшүк тартпагыла. Тамакка караганда жан, кийимге караганда дене кымбат эмеспи! Асмандагы канаттууларды карагылачы! Алар эгин экпейт, оруп–жыйбайт, кампага жыйнабайт, бирок Асмандагы Атаңар аларды азыктандырат. Алардан силер канча эсе артыксыңар!*
>
> – Матай 6:25, 26.

Акыркы отуз алты жылдын ичинде мен миңдеген адамдар менен дасторкон үстүндө жолугушуп, алардын жеке каржы маселелерин кеңири талкуулоодон ырахат алдым. Мен бүткүл дүйнө жүзүндөгү миңдеген аудиториялардын алдында сүйлөдүм, анан бул адамдардын бардыгынан бир жалпылыкты таптым – бардыгы тынчтыкты издеп жатышат! Ар бир адам токтоп жана тынчтаныш үчүн дем алыш күндөрүн, эс алууну же пенсияны чыдамсыздык менен күтөт.

Мен жакында эле бир нече изилдөөлөрдү окудум, анда

америкалыктардын 70 пайызы өз жумушун жактырбайт, ал эми ушул 70 пайыздын 20 пайызы муну эч кандай кызыкчылыксыз жасашат, жада калса жек көрүшөт. Эмне үчүн алар жек көргөн нерсени кылышат? Күн сайын күчтүү эмоционалдык ооруга туруштук берүү үчүн, алар канчалык стресске туруштук бериши керек? Одоно айтканда, алар кулдар. (Биз баарыбыз ошондой болдук. Биз гүлдөп–өсүүнүн жалгыз жолу жетиштүү акчага ээ болгон дүйнөдө чоңойдук. Бирок, көпчүлүк адамдар үчүн андай эмес.) Алар отуз, кырк, ал тургай элүү жашыңда гүлдөп–өсүү кыялдарынан акырындык менен баш тартып, эптеп күн көрүү үчүн күрөшө башташат.

Акыркы статистикалык далилдер көрсөткөндөй, Америка калкынын 69 пайызынын сакталып турган 1000 доллары да жок. Көпчүлүк адамдар жашап жаткан стресс жана эмоционалдык травма алардын инсандык жана баалуулук сезимине терс таасирин тийгизет. Шашылыш муктаждыктардын айынан кыялдар четке кагылып, иллюзиялар жоголот. Кубаныч кетет.

Мен бир күнү бир пастор менен каржы маселеси боюнча сүйлөшүп жаткам. Ал мага кызматты жана адамдарды жакшы көрөрүн, күн сайын материалдык абалын эстегенге чейин кубанычтуу маанайда ойгонорун айтты. Ал башына бул чоң кара булут сыяктуу, түйшүктүү ойлор толгондо күндүн нурун жабылып калгандай болуп, алардын барымтасына айланып, эптеп күн көрүү үчүн каржылык үмүтсүздүк жана аянсыз кулчулук жөнүндө гана ойлоп калаарын айтты.

Жашоо башкалардын жеңишин көрүүгө айланды. Голливуд чоң экранда башкалардын кантип жеңишке жетишкенин көрсөтүү менен миллиарддаган долларларды табат. Өздөрүн жеңүүчү катары көрбөгөн адамдар чоң экрандан кемчиликсиз адамдардын кемчиликсиз жашоосун көрүп, сыноолорунан кутулуу үчүн бир нече мүнөт табат жана кыялдарын ишке ашырышат.

Спорт азыр дүйнө жүзү боюнча көрүүчүлөрдөн жылына миллиарддаган доллар киреше алып келет. 2017–жылы НФЛ

**КАРЖЫЛЫК СТРЕСС МЕНЕН ЖАШОО… БАШЫНДА ДА, АЗЫР ДА КУДАЙДЫН БИЗГЕ КАРАТА МЫНДАЙ ПЛАНЫ БОЛГОН ЭМЕС.**

7,8 миллиарддан ашык киреше алып келди, Супербоул болжол менен 15,5 миллиард киреше алып келди, бул бир гана оюн 2/3. Адамдар жеңгенге чейин сүйүктүү командасын колдогонду жакшы көрүшөт.

Бирок, биз баарыбыз согушта, оюнда болуп жана аягында жеңишке жетип, жеңүүчү болуш үчүн жаралганбыз. Көпчүлүк адамдар үчүн финансылык үмүтсүздүк – бул норма, өзгөчө эмес, андыктан алардын реалдуулуктан кутулуучу бирден–бир жолу – башка адамдардын жашоосунда өз кыялдарынын аткарылышын көрүү менен жашоо. Лотереяны утуп алуу эмнеси менен кызыктырат? Эмне үчүн «Ким миллионер болгусу келет?» телешоусу ушунчалык популярдуу? Эмне үчүн бай болуу схемалары бүгүнкү күндө дагы эле азгырык болуп саналат? Жооп! ТЫНЧТЫК!

Баары эле ары–бери чуркап, кыялдарды уурдаган жүк менен ойгонуудан, камсыздоо издөөдөн тажады. Бирок, жер бетиндеги каржылык стресс жаңылык эмес, ал адам канча жашап келе жатса, ошончодон бери эле бар. Бирок, Кудайдын башында да, азыр да бизге карата мындай планы болгон эмес.

# 2–БӨЛҮМ

# МЫЙЗАМДУУ УКУКТАР

Үмүтсүздүк – бул биз эс алууну түшүнө электеги жашообузду сүрөттөө үчүн колдоно турган сөз дээр элем. Тогуз жыл деген – каржылык башаламандыкта жана стрессте жашоо үчүн узак убакыт. Айына 300 долларга ижарага алган 34 гектар жерди көп жолу карап, арзан болсо да, ошол каражатты араң таап, ушунча жерди сатып алганга качандыр бир убакта күчүм жетеби деп ойлонгонум эсимде.

Мүлктүн ээси ага гольф аянтчасын курууну пландап жаткан жана курулуш башталганга чейин, ал болжол менен үч–беш жылдан кийин баштоону пландап, ал жерге үйдү жана жерди караганга бирөөнү койгусу келген. Биз эски фермердик үй «кандай болсо», ошол абалында алдык, анын бүткүл мезгилинде эч кандай оңдоо иштери жүргүзүлгөн эмес. Биз ага макул болдук. Аны жууп, сырдап алганыбыздан кийин ал өзүнүн өзгөчө коздугуна ээ болду. Анда үч жылдай жашап, анан көчүп кетели деп ойлогонбуз, бирок жети жыл өтсө дагы эч нерсеге ээ боло албадык.

Кудай мага Падышачылык жөнүндө айтып, биз анын принциптерин жана мыйзамдарын изилдеп, колдоно баштаганда, өзгөрүүлөр башталды. Финансылык абалыбыз жакшыра баштады, кичинекей жеңиштер бизди кубандырды. Эски фермага идиш жуугуч сатып алып, Дренда менен (өзгөчө ал!) кубанганыбыз эсимде. Мен ага кээде идиш жууганга жардам бергеним менен,

жумушта көп убакыт өткөрчүмүн. Биздин төрт балабыз бар, ошондуктан келинчегим дайыма идиш жуучу. Идиш жуугуч сатып алгандан кийин, биз бири–бирибизге: «Сен жаңы идиш жуугучка накталай акча төлөгөнүбүзгө ишенесиңби?» деп айтчубуз. «Бул сатып алуунун эмнеси өзгөчө?» деп жатканыңарды билем. Муну түшүнүү үчүн, эски үйүбүздөгү башка ашкана шаймандарын карап чыгууга туура келди. Меш жана муздаткыч жашыл авокадо бар эле, аларга жыйырма беш жыл болгон. Ошентип, салыштырмалуу жаңы идиш жуугуч сатып алуу, биз үчүн чоң утуш болду.

Мурунку бөлүмдө мен Кудай мага кантип кыял жана бизнес баштоо планын бергени менен бөлүштүм, ал кийинчерээк биздин финансылык башаламандыкка жооп болот. Балким, силер: «Кудай мага да ушуга окшош нерсени айтканын каалайт элем» деп ойлоп жаткандырсыңар. Жакшы жаңылык, Ал муну кылууга даяр, бирок мындай жардамды алуудан мурун Падышачылыктын иши жөнүндө билишиңиз керек болгон нерселер бар. Ошол кездеги түшүмдө алган көрсөтмөм Кудайдын Падышачылыгы жөнүндөгү сабактары жана алардын жашообузга колдонулушу аркылуу гана ишке ашкан. Мен мурунку китебимде Падышачылык жөнүндөгү теманы майда–чүйдөсүнө чейин чагылдыргам, бирок мындан аркы иштерге негиз болушу үчүн, бул жерде дагы бир жолу камтышым керек.

Менден Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө айтканда эмнени айткым келгенин сурашат. Мен машайакчы болсом да мурда, ал жөнүндө эч нерсе билчү эмесмин. Мен өлгөндө асманга барарымды билчүмүн, бирок Кудайдын Падышачылыгы эмнени билдирерин жана ал кандайча иштээрин түшүнгөн эмесмин. Аны түшүнүү үчүн *падышачылык* деген сөздүн маанисин түшүнүү керек. Ал сөзмө–сөз падышанын башкаруусун билдирет. Бийлик падышанын сөзү аркылуу ишке ашат. Анын сөздөрү анын жана анын жарандарынын жашоосун жөнгө салуучу мыйзам болуп калат. Падышачылык жөнүндө билүү үчүн дагы бир маанилүү нерсе – бул миллион адамдан турган эл эмес. Падышачылык ошол падышачылыктын ар бир мыйзамдуу жаранына тиешелүү болгон падышанын өкмөтүн жана мыйзамдарын билдирет. Кудайдын

ар бир мыйзамдуу жаранга жеткиликтүү мыйзамдары бар Падышачылыгы бар деген бул түшүнүк машайакчыардын көбүн четтеп өткөн сыяктуу. Көпчүлүк машайакчылар кайсы сыйынууга жооп берерин жана кимге ырайым кылууну Кудай чечет деп ишенишет. Алар көпкө орозо кармаса же Кудай үчүн көбүрөөк аракет кылышса, Анын ырайымына ээ болоруна ишенишет. Досум, Ал сага мурунтан эле ырайымын төкөн.

> *Демек, силер эми чоочундар жана келгиндер эмессиңер, ыйыктардын мекендештерисиңер жана Кудайдын Өз элисиңер*
>
> – Эфестиктерге 2:19

Силер Анын Падышачылыгынын жараны эле эмес, анын үй–бүлө мүчөсү, Падышанын уулу же кызысыңар. Галатиялыктарга болгон Жакшы Кабарда бул силер жана мен үчүн эмнени билдирерин абдан ачык түшүндүрүлгөн.

> *Бирок бул нерсени айткым келет: мурасчы бардык нерсенин кожоюну болсо да, бала кезинде кулдан эч айырмаланбайт, атасы белгилеген убакытка чейин кам көрүүчүлөрдүн жана үй башкаруучулардын көзөмөлү астында болот. Ошондой эле биз да «бала кезибизде» дүйнөдөгү алгачкы негиздерге кул болчубуз. Бирок өз убагы келгенде, Кудай Өз Уулун жиберди. Ал аялдан төрөлдү, мыйзамга баш ийди. Ал мыйзамдын бийлиги астындагыларды кун төлөп куткарды. Ал мыйзамдын бийлиги астындагылар Кудайдын балдары болушу үчүн ошондой кылды. Силер Кудайдын балдары болуп калгандыктан, Кудай силердин жүрөгүңөргө Өз Уулунун «Абба! Ата!» деп чакырган Рухун жиберди. Демек, эми сен кул эмессиң, сен Анын баласысың. Эгерде баласы болсоң, анда Кудай сени Ыйса Машайак аркылуу мурасчы да кылды.*
>
> – Галатиялыктар 4: 1–7

**СЕЗИМ – БУЛ ЖАКШЫ ЖАНА МАГА КУДАЙДЫН КАТЫШУУСУН СЕЗГЕН ЖАГАТ, БИРОК ЮРИДИКАЛЫК МАСЕЛЕЛЕРГЕ КЕЛГЕНДЕ, КУТКАРЫЛУУ ҮЧҮН, ӨЗҮМДҮ КУТКАРЫЛГАНДАЙ СЕЗҮҮМДҮН КЕРЕГИ ЖОК.**

Уул же кыз катары силер бүт мүлктүн мураскорусуңар жана Анын Падышачылыгынын жараны катары мыйзамдуу укуктарыңар бар! Бул ой силерге бир мүнөткө болсо да түшсүн, силерде баары бар. Силерде канааттандырылбаган муктаждык жок. Андыктан, жалбарып ыйлаганды токтоткула. Колуңарда бар нерсени сурана албайсыңар. Кудай кимге жардам берип, кимге жардам бербөөнү чечиш үчүн ар бир ишти карап отурбайт. Кудайдын ар бир уулу же Кудайдын ар бир кызы Анын жардамын буга чейин эле алат.

Бул жарандыкты Америка Кошмо Штаттарынын жарандыгы менен салыштырып көрөлү. Эгерде силер жаран болсоңор, анда силер жөнүндө мыйзамда айтылгандарды сактоо менен, автоматтык түрдө Америка Кошмо Штаттарынын өкмөтүнүн колдоосуна ээ болосуңар. Бул артыкчылык силерге жарандыгыңар менен кошо келди. Ошондуктан, жетиштүү түрдө орозо кармап, сыйынуу аркылуу Анын жардамына ээ болуу мүмкүн эмес. Ал Ыйсанын кылган иштери аркылуу буга чейин эле аны силерге бекер берген. Ырахаттангыла! Ага ээ болгула!

> *Бизди Машайак менен бирге тирилтип, Машайак Ыйса аркылуу асманга отургузду. Кудай муну Машайак Ыйса аркылуу бизге көрсөткөн жакшылыгын жана Өз ырайымынын ченемсиз молдугун келечек кылымдарда көрсөтүш үчүн жасады.*
>
> – Эфестиктерге 2:6,7

«Ыйса Машаякта асманга отургузулган» деген сөз силердин Кудайдын Падышачылыгындагы мыйзамдуу абалыңар жөнүндө айтып турат. Ыйса Атасынын оң жагында отурат, силер да отурасыңар, анткени силер Машаяктын денесисиңер. Ошондуктан, силер Ыйса менен бирге Кудайда болгон бардык нерсенин мураскерисиңер. Мен ишенүү кыйын экенин билем, бирок бул чындык. Силер баарына ээсиңер, силер үй–бүлөсүңөр, бул үй–бүлөлүк бизнес! Бирок, шайтан силердин ким экениңерди жана силерде эмне бар экенин билүүнү силерден жашырууга аракет кылат, ошондуктан көпчүлүк адамдар, атүгүл машаякчылар да дүйнөнүн каргышка калган эптеп күн көрүү системасы менен байлангандай жашашат!

Менин жашоом өкмөттүн жана мыйзамдардын иштешин түшүнгөндүктөн жана Кудайдын Падышачылыгынын жараны экенимди жана анын ичинде мыйзамдуу укуктарым менен артыкчылыктарым болгондугун түшүнгөндөн кийин өзгөрдү.

Сезим – жакшы жана мага Кудайдын катышуусун сезген жагат, бирок мыйзамдуулуктун маселелерине келгенде, куткарылуу үчүн, өзүмдү куткарылгандай сезүүмдүн кереги жок. Бул юридикалык маселе. Мен Америка Кошмо Штаттарынын жараны болуум үчүн, анын жараны экенимди сезүүмдүн кереги жок. Мен бул мыйзамдуу маселе экенин билем, анткени мен бул өлкөдө төрөлгөм. Качан сен Кудайдын алдында туура абалда болсоң жана жашооң сезимдерге эмес, мыйзамга негизделген болсо, анда баары өзгөрө баштайт!

> *Анын алдында кандай кайраттуулукка ээбиз: Анын эрки боюнча эмнени сурасак да, Ал бизди угат. Эмнени сурасак да, Ал бизди угарын билсек, Андан сураганыбызды аларыбызды да билебиз.*
>
> – 1 Жакан 5:14,15

Бул аят жөнүндө бир мүнөткө ойлонуп көргүлө, бул менин сүйүктүү аяттарымдын бири. Эгер мен Анын каалоосу боюнча

бир нерсе сурасам, Ал угарын билем! Бул кулагыңар менен уккан аудио толкундарына тиешеси жок. Бул мыйзамдуу билдирүү. Сот залындагы судьяны элестесеңер. Эгерде ал ишти кароону чечсе, бул аны мыйзамдын негизинде кароого макул экенин билдирет. Биздин учурда, биз Падышанын мыйзамдарына ылайык сурагандыктан, Ал Өз мыйзамын ишке ашырарын мурунтан эле билебиз. Ошентип, биз эч кандай шектенбей туруп эле жыйынтыкка ишенебиз.

Мисалы, Америка Кошмо Штаттары – бул падышачылык эмес, анткени анын падышасы жок, бирок ал бирдей жана мыйзамды сыйлаган ар бир жаранга тегиз жеткиликтүү мыйзамдардын негизинде иштейт. Анын сыңарындай, Кудайдын Падышачылыгы ар бир жаранга бирдей тиешелүү мыйзамдар менен башкарылат. Биз Ыйык Китептен окуган окуялар көңүл ачуу үчүн жазылган эмес, бирок бизге бул мыйзамдардын бар экени көрсөтүлүп жана биз аларды билип, колдоно билишибиз үчүн. Ыйса адамдарга Падышачылыктын кандайча иштээрин түшүндүрүп жатып: «Асман Падышачылыгы окшош»,— деген сөздү көп жолу айткан. Ал мисалдарды айтып, мыйзамдардын кандайча иштээрин визуалдык сүрөт менен көрсөтүп же эмне үчүн бир нерсе болгонун түшүндүрүп жатканда Падышачылыктын мыйзамдарына кайрылган. Эмнегедир адамдар Кудайдын Падышачылыгында анын ишмердүүлүгүн башкара турган мыйзамдары бар экенин түшүнүшпөйт. Көпчүлүк адамдар Кудай каалаганын, каалаган убакта кыла алат анткени, Ал Кудай деп ишенишет. Кудай каалаганын кыла ала турган күчү жана бийлиги бар экенине мен макулмун, бирок Ал Өз мыйзамдары менен чектелген. Мен билем, бул силерге кызыктай көрүнүшү мүмкүн, бирок өз оюмду жеткирүү үчүн, Марктын Жакшы Кабарындагы 6–бөлүмүнөн үзүндү келтирейин.

> *Ыйса болсо аларга: «Пайгамбарды өз жеринде, өзүнүн туугандарынын арасында, өз үйүндө гана сыйлабайт», – деди. Ыйса бул жерде кээ бир эле оорулуулардын*

*үстүнө колун коюп, аларды айыктыргандан башка эч кандай керемет көрсөткөн жок. Элдин ишенбестигине таң калды. Анан тегеректеги айыл–кыштактарды кыдырып, элди окутту.*

– Марк 6:4–6

Силер бул үзүндүнү окуп жатканда китеп бетинен кыйкырып аткан, Падышачылыктын иштерине жарык чачкан бир нече деталдарды байкадыңар болуш керек.

### ...башка эч кандай керемет <u>көрсөткөн жок</u>.

Биринчиден, көптөгөн машайакчылар Ыйык Китептин бул аятын эч качан көрүшкөн эмес жана эгер силер Ыйык Китепте Ыйса айыктыра албаган жагдайлар бар деп ырастасаңыз, алар силерге дароо каршы чыгышат. Бирок, силер көрүп тургандай, Ал чындап эле кыла алган жок. Падышачылык мыйзамдар менен башкарылаарын түшүнгөндөн кийин, окуяны тереңирээк көрө баштайсыңар. Көпчүлүк машайакчылар Ыйса аларды айыктырбоону чечкен деп эсептешет. Эгер силер Падышачылыктын мыйзамдуулугу жөнүндө билбесеңер, анда силер мындан логикалык маанини көрбөйсүңөр. Эгерде кимдир бирөө мыйзамдуу юрисдикцияны түшүнбөстөн эле, Ыйсанын айыктырууга күчү бар экенин, бирок аны кылбаганын билсе, Ал айыктырбоону чечкен деген тыянак чыгарууга болот. Кантип башкача болушу мүмкүн?

Силер адам же досуңар башынан өткөрүп жаткан көйгөй же сыноо жөнүндө сүйлөп жатканда «Кудай буга уруксат берген», «Туурасын Кудай билет», «Баары Кудайдын көзөмөлүндө» же ушул сыяктуу сөздөрдү уккандырсыңар. Көпчүлүк машайакчылар ошол жерде токтошот. Падышачылыктын мыйзамдарын жана Ыйсага бул жердеги оорулууларды айыктырууга тоскоол болгон чыныгы себептерди билбегендиктен, адамдар алардын айыгышы Кудайдын эрки болбосо керек деген жыйынтыкка келишет. Досум, Ыйык Китепте

Ал айыктырбоону чечкен деп айтылбайт. Ишенимдери жетишсиз болгондуктан, аларды айыктыра алган жок деп айтылган. Бул окуяда айыктырууга тоскоол болгон нерсе Кудайдын каалоосунун жоктугу эмес, тескерисинче, Кудайдын күчүн токтоткон юрисдикциянын рухий мыйзамдары экенин түшүнгүлө.

Эми силер бул окуядагыдай эле башка окуялардан да, эмне үчүн бир учурда Кудайдын кудурети Анын эркин жана каалоосун ишке ашырууга укуктуу болгон, башка учурда жок экенин көрө баштайсыңар. Андыктан, Падышачылыктын мыйзамдары кандай иштээрин билгениңер абдан маанилүү. Бир күнү, силерге асмандан тийүү (прикосновение с небес) керек болгондо, Кудайдын эркин жашооңордо жарым–жартылай эмес, толугу менен аткарылышын көргөндү каалайсыңар. Так ушул себептен мен бул китепти жазып жатам.

**АЛ БИЗГЕ АЗАПКА ЖАНА КЫЙЫНЧЫЛЫКТАРГА, СЫНООЛОРГО ЧЫДОО ЖӨНДӨМҮН ГАНА ЭМЕС, АЙЫГУУ, КАЛЫБЫНА КЕЛҮҮ, КАРЖЫЛЫК ӨСҮҮ ЖАНА БАШКА ЖӨНҮНДӨ КӨПТӨГӨН УБАДАЛРДЫ БЕРГЕН.**

Жолубузду баштоону, мен силердин оюңардагы жана түшүнүгүңөрдүн таза барагынан баштап, Кудай эмне үчүн бир нерселерди аткарат, ал эми башка нерселерди аткарбайт деп өмүр бою уккан бардык диний жоопторду таштап салуу керек экенин түшүнүүнү сунуштайм.

Кичинекей Джонни өлгөндө адатта берилүүчү: «Туурасын Кудай билет. Ал баарын көзөмөлдөп турат» ж.б.у.с. түшүндүрмөлөрдөн баш тартышыңар керек экенин азыр түшүндүңөр деп үмүттөнөм. Жок, силер Ыйсанын эмне үчүн айыктыра албаганынын себептерин жана жер бетиндеги Кудайдын күчүн башкарган мыйзамдардын себептерин БИЛИШИҢЕР керек. «Эмне үчүн Ыйса айыктыра алган жок?» деген суроонун жообун билишиңер керек. Бул суроого жооп бар десем да, көпчүлүк адамдар таарынышат. Бирок, мен

силерге Ыйык Китепте эмне деп айтылганын айтып жатам жана дагы бир жолу айта кетейин, бул суроонун жообун силер билгенге МИЛДЕТТҮҮСҮҢӨР.

Бул аңгемедеги Ыйса эмне үчүн оорулууларды айыктыра алган эмес деген суроого жөнөкөй жана кыска жооп — асман муну кылууга мыйзамдуу укугу жок болчу. Юрисдикция жердеги жана асмандын айткандарына толук ишенген эркектин же аялдын ишеними менен берилет. Ыйсанын оорулууларды айыктырууга күчү жана каалоосу бар экенине сиз экөөбүз макул болсок да, Ал муну кыла алган эмес. Мунун себеби Анын айыктыргысы келбегендикте эмес, элдин ишеними жок экенинде болгонун Өзү айтты. Муну жазып алгыла! Бул жерде негизги сыр жашырылган! Ишеним!

Мурунку китебимдин чоң бөлүгүн ишеним деген эмне, ал кандайча иштейт, эмне үчүн керек, эмне үчүн Кудай аны бизден талап кылат, аны кантип кабыл алуу керек жана ишенимде экенибизди кантип билүүгө жумшадым. Падышачылыктын бул негизги мыйзамын түшүнүү эле маанилүү эмес. Ал биз үчүн өмүр менен өлүмдү камтыйт!

Мен жакында эле белгилүү машайакчылык кызматынан таратылган кабар алдым. Тилекке каршы, анын мазмуну көпчүлүк машайакчылардын типтүү пикирин чагылдырат. Үзүндүсүн окуп бергенге уруксат эткиле. Кат Мыйзам Кайталоо китебинин кереметтүү үзүндүсү менен башталган:

> *«Бекем, кайраттуу болгула, алардан коркпогула, үрөйүңөрдү учурбагыла, анткени Кудай–Теңириңер Өзү силер менен барат, силерден алыстабайт, силерди таштабайт».*
>
> – Мыйзам кайталоо 31:6

Андан кийин мындай деп жазылган:

«Эмне үчүн Кудай терроризмди жана азапты токтотпойт? Эмне үчүн Ал адамдардын өлүшүнө жол берет? Суроолор көбөйүүдө,

чындык, биз бардык жоопторду билбейбиз. Эмне үчүн Кудай кээ бир нерселердин болушуна жол берип жатканын билбейбиз. Биз Кудайдын сүйүүсү жеткилең экенин гана билебиз. Анын жолдору биздин жолдорубуздан бийик. Биз Анын айтылган убадаларына, алар бизди чексиз сынабай турганын, бирок Ал бизге берген бардык нерседе, ар бир кадамда биз менен болооруна ишенишибиз керек».

КАТА, КАТА, КАТА! Чынында, Ыйык Китеп бизге мунун карама–каршысын айтып турат.

> *Силер адам баласынын башына келе турган эле сыноолорго туш болдуңар. Кудай ишенимдүү, Ал силердин көтөрө алгыс сыноо менен сыналышыңарга жол бербейт. Сыноону көтөрө алышыңар үчүн, сыноо учурунда чыгуу жолун да берет.*
>
> – 1 Корунттуктар 10:13

Ал бизге сыноолорго жана кыйынчылыктарга туруштук берүү жөндөмүн эле эмес, айыктыруу, калыбына келтирүү, каржылык өсүү жана башка көптөгөн убадаларды берди. Кемчиликсиз сүйүү чечимдерди сунуш кылат. Мен уланта бермекмин, бирок тилекке каршы, көпчүлүк адамдар Кудайды ушундай элестетет. Сүйүүсү кемчиликсиз болгон Кудай бир адамга рак оорусун берип, анан айыктырууга кудурети жетип туруп эле аны айыктырбай коёт деп кантип ойлошот, түшүнбөйм. Бул тууралуу адамдардан сурасаң, алар көбүнчө Анын жолдору биздин жолдорубуз эмес деп жооп беришет. Силер тамашалап жатасыңарбы? Бизде кемчиликсиз сүйүү жок, бирок балабызга андай кылмак эмеспиз! Тескерисинче, Ал Өз Сөзүндө Өз жолдорун абдан ачык–айкын көрсөтүп турат.

Таратылган маалыматта, Ал бизге эмне бербесин, Ал бардык азап жолунда биз менен бирге болот деп айтылган. Кудай бизге чындап эле жаман бир нерсе береби? Жок. Ыйык Китепте Ал биз менен экенин жана бизди эч качан таштабай турганын айткан, бул Кудай

убадаларын аткаруу үчүн биз менен экенин билдирет! Досум, Кудай биздин душманыбыз деген доктрина Кудайдан эмес. Ал мен кызмат кылган Кудайды билдирбейт жана силер ага макул эмессиңер деп үмүттөнөм. Эгерде силердин жыйыныңарда мындай акылсыздыкты үйрөтүп жатса, ал жактан дароо кетишиңер керек!

Кудай сүйүү жана Сөз сүйүү эч качан капалантпайт деп айтат. Бирок, Кудайдын юрисдикциясы, Анын биздин ишенимибиз менен шартталган жердеги чөйрөгө кийлигишүү жөндөмдүүлүгү капалантышы мүмкүн. Ооба, бул укуктук маселе, бул сезимдин же башка нерсенин маселеси эмес. Бул силер билишиңер керек болгон укуктук маселе. Жогоруда жазганымдай адамдын жер бетинде юрисдикциясы бар болгондуктан, Кудай каалаганын кыла албайт. Асман бул абалга Кудайдын даңкын алып келүү жана адилдикти пайда кылуу укугуна ээ болушу үчүн, силердин асман менен макулдугуңар, ишенимиңер керек. Досторум, силер Кудайдан бир нерсе алуу үчүн ишеним эмне экенин жана ал эмнеге керектигин билишиңер *керек*.

Эгер силер менин мурунку “Сенин каржылык төңкөрүшүң. Макулдашуунун күчү” (Your Financial Revolution: Ze Power of Allegiance)**,** китебимди окуй элек болсоңор, ишеним маселелерине кыскача токтоло кетейин. Силер *ишеним* деген сөздү колдонгон ар бир машайакчы анын эмне экенин, ал эмнени түшүндүрөрүн билет деп ойлошуңар мүмкүн, бирок ал андай эмес. Мыйзамдуу юрисдикцияга байланыштуу Падышачылыктын жашоо үчүн зарыл болгон концепциясын түшүнүү үчүн, бизге бир аз тарыхка кайрылуу керек.

Келгиле Римдиктерге болгон каттын бир үзүндүсүн карап көрөлү:

> *Ыбрайым үмүттөнгүдөй эч нерсеси жок болгон учурда да, «Сенин тукумуң ушунча көп болот» деп айтылган сөзгө үмүт менен ишенгендиктен, көптөгөн элдердин атасы болуп калды. Жүз жашка жакындап*

*калган Ыбрайым балалуу болуу курагынан өтүп кеткенин жана Сааранын бала төрөө курагынан өтүп кеткенин көрсө да, ишениминен тайыган эмес. Ишенбестик кылып Кудайдын убадасынан шектенген эмес, тескерисинче, бекем ишенип, Кудайды даңктаган. Кудайдын Өз убадасын аткарууга кудурети жетерине толук ишенген.*

– Рим. 4:18–21

Биз Ыбрайым пайгамбарды ишенимге бекем адам катары билебиз. Ал Кудайдын убадасын аткарууга кудуреттүү экенине толук ишенген. Кудай менен болгон макулдукка толугу менен ынануу, ишеним деп аталат. Бул макулдуксуз, Кудай жер бетинде кыймылдай албайт. Силер: «Эмне үчүн Кудайга бир нерсени жасоо үчүн же Өзү тандаган нерсени кылуусуна тоскоол болуу үчүн адам керек?" деп сурайттырсыңар. Ал Өзү тандайт. Ал Кудай». Бул суроого жооп берүү үчүн, келгиле, башталышты, Адам атанын убагында кандай болгонун карап көрөлү.

*Сен аны периштелердин алдында бир аз убакытка эле басынттың. Ага урмат менен атак–даңкты таажы кылып кийгиздиң. Аны Өз колуң менен жасагандарыңдын үстүнө башчы кылып койдуң. Бардыгын бут алдына жыгып, багындырып бердиң». Бардыгын Ага* ***багындырып*** *бердиң,* ***Ага багындырылбаган нерсе калган жок****, бирок баары Ага багындырылганын азырынча көрө элекпиз.*

– Эврейлерге 2:7,8

Бул сөздөр Адам ата менен Обо эне жаратылганда алар жөнүндө айтылган. Жер жүзүндө алардын мыйзамдуу юрисдикциясына баш ийбеген эч нерсе жок экенине көңүл бургула. Кудайдын Падышачылыгынын атынан берилген бийлик аркылуу Адам ата жерге падышачылык кылуу үчүн коюлган. Ал бүт жер жүзүнө падышачылык кылды.

*Анан Кудай мындай деди: «Биздин бейнебиз боюнча Өзүбүзгө окшоштуруп адам жараталы. Алар деңиздеги балыктарга, асмандагы канаттууларга, малдарга, жер үстүндө сойлоп жүрүүчү жаныбарларга, бүт жер үстүнө* ***бийлик кылышсын****».*

– Башталыш 1:26

Биз дагы бир жолу көрүп жатабыз, Адам жерге берилген бийлик менен падышачылык кылып, даңк (майлоо жана күч) жана урмат (бийлик кызматы) менен таажы кийген. Баары ага баш ийген эле.

Андан тышкары, жаратуу окуясын окусак, Адам ата бүт жер жүзүнө башкарууга дайындалгандыктан, бардык жаныбарларга ат койгонун көрөбүз. Обо энени алдап, аны Кудайдын өкмөтүнө чыккынчылык кылууга азгырган шайтандын үстүнөн Адам ата бийлигинен ажыраганын билебиз 2 Корунттуктарга (4:4). Пабыл Адам атанын чыккынчылыгы аркылуу шайтандын бул дүйнөнүн кудайы болгонун жазган. Ал кандайдыр бир кудай эмес, бул дүйнөнүн кудайы болуп калды, башкача айтканда, мыйзамдуу рухий күчкө ээ болду. Адам жер бетинде жашоосун улантканына карабастан, рухий жактан Кудай алдында ал өлдү. Кудайдын Руху менен биримдикте жүрүү үчүн жаратылган адамдын руху эми Кудайдан бөлүнгөн. Адам өз сезими, акылы, эрки, эмоциасы менен жүрө баштады.

*Ошондо шайтан Аны бийик тоого чыгарып, көз ирмемде Ага дүйнөнүн бүт падышачылыктарын көрсөтүп: «Сага ушул падышачылыктардын баарынын үстүнөн болгон бийликти жана алардын атак–даңкын берем. Анткени ал мага берилген, мен аны кимге каалаcам, ошого берем. Ошондуктан, эгерде Сен мага таазим кылсаң, баары Сеники болот», – деди.*

– Лука 4:5–7

Шайтандын жер бетиндеги бийлик ага өткөнүн айтканына көңүл бурсаңар. Албетте, аны ага эң башында укуктуу ээлик кылган – Адам ата бергенин билебиз. Бул маанилүү. Болгондо да, эгер шайтан мыйзамсыз жол менен жер жүзүнө басып кирүүгө аракет кылса, ал ошол замат артка куулуп кетмек. Кошумча жардам чакырып жаткан полиция кызматкерин элестетсеңер, мен эмне үчүн шайтан катуу четке кагылууну көрмөк деп айтканымды түшүнөсүңөр. Полициянын төш белгиси Америка Кошмо Штаттарынын өкмөтүнүн толук күчү жана анын сөзүнүн артында турган бийлиги экендигинин белгиси.

Кудайдын өкмөтүнүн атынан бийлик кылган Адам атанын таажысы (башкача айтканда, анын бийлик орду) Кудайдын бардык күчү менен колдоосуна ээ болгон. Адам атанын жердеги абалынан улам, шайтан биздин планетанын үстүнөн бийлик жүргүзө алган эмес. Ал Адам ата менен Обо эненин бийлиги астында болгон. Шайтан жер бетинде бийликке ээ болуу үчүн жасай ала турган жалгыз нерсе, бул Адамдан муну талап кылуу болгон, бирок анын таажысын чечүүгө мажбурлай турган күчү жок болчу. Шайтан муну кыла ала турган жалгыз адам, Адам өзү экенин билген. Мына ушул себептен шайтан адамдарды алдап, Кудайды адамдардын кызыкчылыгын ойлобогон, ишенимсиз кылып көрсөтүү үчүн, бир планды ойлоп табышы керек болчу. Ал Обо энени Жаратканга баш ийбөө жакшыраак экенине, анткени Анын мыйзамдары аны жана Адамды чоң пайдалардан ажыратканына ынандырган.

**Шайтанга Адам ата менен Обо энени ага ишенип, Кудай менен болуунун ордуна, анын тарабын алууга мажбурлашы керек болчу.**

Жөнөкөй тил менен айтканда, ишеним жөнүндө сөз болуп жатат. Ишеним деп Кудайдын сөздөрүнө болгон «толук ишенимди» атоого болот. Адам ата менен Обо эне Анын Сөзүн четке кагып, анын ишенимдүүлүгүнөн шектенип, шайтандын сөздөрүнө кошулушкан. Анан алар өздөрүнүн ишенимдерине ылайык иш

жасашты, бул аларды Кудайдын Падышачылыгында мыйзамдуу абалынан ажыратып, шайтанга адамдын иштеринде мыйзамдуу негиз берди. Натыйжада, жерде бийликке ээ болгон Адам, шайтан менен макул болгондо, Кудайды рухий жактан кууп чыккан! Адам ата шайтанды ээрчиш үчүн таажысын, бийлик тактысын таштап кетти. Муну менен ал түз мааниде айтканда, Кудайды жашоосунан кууп чыкты. Көптөр: «Жок, мындай болушу мүмкүн эмес, Адам ата Кудайды жерден кууп чыга алмак эмес!» — дешет. Бирок, адамдын иштерин эсепке ала турган болсок, анда дал ушундай болгон. Мен муну силерге далилдеп берейин. Келгиле, Башталыш Китебинин үзүндүсүн дагы бир жолу карап көрөлү. Адам ата күнөө кылгандан кийин Кудай ага келип мындай деген:

> *Адамга болсо мындай деди: «Аялыңдын тилин алып, “андан жебе” деп, Мен сага осуят кылган дарактын жемишинен жегениң үчүн, сенин айыңан жер каргышка калды. Сен эми өмүрүң өткөнчө жерден азап менен азыктанасың. Жер сага тикенек, отоо чөп өстүрүп чыгарат. Талаа өсүмдүктөрү менен азыктанасың. Өзүң алынган жерге кайра барганыңча, маңдай териң менен нан таап жейсиң, анткени сен топураксың, топуракка кайра барасың»*
>
> – Башталыш 3:17–19

«Сенин айыңан жер каргышка калды» деген сөзгө көңүл бургула. Каргышка калды дегени – бул жерде Кудайдын Өзүнүн жана батасынын жоктугун билдирет. Мунун баары бүт планетанын үстүнөн бийликке ээ болгон, бирок аны Кудайдын юрисдикциясынан ажыраткан Адамдын айынан болгон. Кудай эң башкысын айтат: «Адам, сен үчүн колум байланган. Мен сага жардам бере албайм». Андан кийин Ал мындан ары Адамдын өзү тамак–аш табуу үчүн талыкпай жана тынымсыз эмгек кылышы керек деп улантат. Мен муну “эптеп аман калуунун каргыш тийген жер системасы» деп атайм. Биз баарыбыз ошонун ичнде чоңойдук

– коркуу жана азап падышачылыгында. Биз тынчсызданууну, коркуу сезимибизди төрөлгөндөн баштап эле үйрөндүк. Мен бул үзүндүгө бир аздан кийин кайрылгым келет, бирок адегенде шайтандын жердеги чөйрөгө кантип кире алганын түшүндүңөр деп ишенгенге уруксат эткиле. Ал жер бетинен ага эшикти ачуу үчүн, Кудайдын мыйзамдуу юрисдикциясына ээ болгон эркекти же аялды табышы керек болчу. Адамда бул ачкыч бар болчу жана шайтан аны алдап, ал үчүн эшикти ачтыра алган. Келгиле, Эврейлерге жазылган Каттагы үзүндүгө дагы бир жолу кайрылалы:

> *Сен аны периштелердин алдында бир аз убакытка эле басынттың. Ага урмат менен атак–даңкты таажы кылып кийгиздиң. Аны Өз колуң менен жасагандарыңдын үстүнө башчы кылып койдуң. Бардыгын бут алдына жыгып, багындырып бердиң». Бардыгын Ага багындырып бердиң, Ага багындырылбаган нерсе калган жок, бирок баары Ага багындырылганын азырынча көрө элекпиз.*
>
> – Эвр. 2:7,8

Байкасаңар, Ыйык Жазууда Кудай ага баш ийбеген эч нерсе калтырбаганы айтылат. Кеп илгери болгон окуя жөнүндө болгонуна карабастан, *багынбаган* деген сөздүн мааниси бүгүнкү күнгө чейин сакталып, адамдын жер бетиндеги азыркы абалын сүрөттөп турат. Адамдар Адам атанын күнөөсүнөн улам жер бетиндеги рухий бийлигин жоготсо да, алар жерге болгон мыйзамдуу ээлигин жогото элек. Азыркы абал ушуну билдирет. Адамдын жердеги мыйзамдуу абалынан жана шайтандын адамдардын үстүнөн ээ болгон укуктук рухий позициясынан улам, Кудай жөн эле жерге кирип, Өзүнүн Сөзүн бузуп коё албайт, болбосо шайтан ага каршы чыгат.

Кудай аны менен макул боло турган жана Кудайдын Падышачылыгынын мыйзамдуу юрисдикциясына ээ болушу үчүн рухий эшигин ача турган эркекти же аялды жерден издөөгө мажбур. Шайтан ортомчу Адам аркылуу аракет кылууга мажбур

болгондой эле, азыр да Кудай Падышачылыкка жол ачуу үчүн, жердеги эркек жана аял ортомчулар аркылуу иштөөгө мажбур. Ишеним деген нерсе – асмандын айтканына толук макул болгон жүрөк жана акыл. Бул жерде Кудайдын Падышачылыгынын бийлиги болушу үчүн, ишенимге ээ болуу зарыл. Мен бул китепте кантип ишенимге ээ болуу керектигин жана ишенимде экендигиңерди кантип билүүнү түшүндүрбөйм. Бул тууралуу мен бул сериянын биринчи китебинде жаздым. Биздин талкуунун максаты үчүн, мен жөн гана ишеним эмне экенин жана асмандын жерде кыймылдашы эмне үчүн зарыл экенин билесиңер деп ынангым келет.

Эмне үчүн Ыйса Өзүнүн кичи мекенинде көптөгөн кереметтерди жасай албаганы эми силерге айкыныраак болот деп үмүттөнөм, ал–элдин ишенбестигинен улам. Ошондуктан, асман эч кандай укуктуу юрисдикцияга ээ болгон эмес. Эмнени айткым келгенин көрсөтүү үчүн, бул талкууну Ыйык Жазуунун сонун үзүндүсү менен бүтүрүүгө уруксат эткиле.

Римдиктерге болгон Каттагы бул сөздөрдү баары уккан:

> *Себеби адам чын жүрөгү менен ишенүү аркылуу акталат, оозу менен ачык таануу аркылуу куткарылат.*
>
> – Рим. 10:10

Бул үзүндү рим жолу деп аталган, куткарылууну кантип кабыл алуу керектигин көрсөткөн Ыйык Китептин төрт аятынын бир бөлүгүнө кирет. Бирок, бул аятта көрсөтүлгөн процесс жөнүндө ойлонуп көрдүңөр беле? Алар жүрөгү менен ишенип, асман менен макул болушат. Силердин жүрөгүңөр, асман менен макулдашып, ага жерди толтурууга укук берет. Бул аятта: качан силер асманга ишенсеңер, акталасыңар – деп айтылат. Акталуу – бул мыйзамды башкаруу. Демек, жүрөгүңөрдөгү ишеним силерге асман сунуш кылган нерселерге ээ болууга жер менен асмандын алдында мыйзамдуу укук берет, анткени бул ага жердеги мыйзамдуулукту берет. Бирок, көңүл бурсаңар, азырынча эч нерсе болбой жатат.

Бул аяттын экинчи бөлүгү бар: «...оозу менен ачык таануу аркылуу куткарылат». Көрдүңөрбү, силердин жүрөгүңөр аларга жерди басып алууга мыйзамдуу укук берген асман менен макул болсо да, бул жерде юрисдикцияга ээ болгон жердеги эркек же аял бул жерден бир нерсени чыгармайынча, эч нерсе болбойт. Бийлик силердин колуңарда болгондуктан, силерсиз асмандын бийлиги жок!

> *Силерге чындыкты айтып коёюн, жер үстүндө эмнени байласаңар, асманда да ошол байлануу болот. Жер үстүндө эмнени чечсеңер, асманда да ошол чечилүү болот.*
>
> – Матай 18:18

Бул негизинен менин азыр эле айтканымды айтып турат. Жерде эмнени байласаңар, аны асман колдойт, жерде эмнени чечсеңер, аны асман колдойт. Асман силерсиз муну кыла албайт. Ал силерди күтүп жатат жана эркек же аял ишеним жана асман менен макулдашып, жердеги бийлигин бошотмоюнча кыймылдай албайт.

Эң негизгиси, жер бетиндеги асмандын күчүн жана бийлигин кантип бошотууну түшүнүү. Бул менин жашоомдо ишке ашты, мен алган электрондук катта да ошондой болду.

“Саламатсыңарбы! Жолдошум экөөбүз сиз менен «ишеним менен аңчылык» жөнүндөгү укмуштуу окуяны бөлүшкүбүз келет. 2011–жылы биз “кыялдагы үйүбүздө” жашадык, бирок айлыктан айлыкка чейин жашап, кээде үйдөгү тамак–аш жана жылуулук үчүн кредиттик карта менен төлөчүбүз. Биз өнүккөн жокпуз, биз эптеп аман калуучулукта болдук. Мен жыйында даңктоонун лидери болчумун, бирок менин ишенимим биздин каржыга туура келген эмес. Мен сиздин “Акча маселесин чечүү” программаңызды Daystar каналынан көрдүм жана ал менин көңүлүмдү бурду, мен “Акча маселесин чечүү” китеби менен “Каржылык төңкөрүш” компакт–дисктерин заказ кылдым. Биз аларды дайыма угуп, китепти чогуу окучубуз.

Биз ишенимде эмес экенибизди ойлогон да эмеспиз! Биз

кыялданган үйүбүздө калгыбыз келсе, Падышачылыкта акчаны кантип башкаруу керектиги тууралуу жооптор керек экенин билчүбүз. Биз «Ишенимдеги жашоо» кызматына 200 доллардын үрөнүн септик (анда биз үчүн бул 2000 доллардай көп акча болчу!) жана Кудай менен макулдашып, мен сыртта кылына турган нерсе менен үйдө кантип алектене турганымды көрсөт деп макулдаштык.

Кудай бизге голдендудль породасынын күчүктөрүн үйдө багуу үчүн бизнес идеясын берди. Белла жана Грейси аттуу эки күчүктү сатып алып, аларды кошо баштадык. Биз баарын Кудай менен шериктештикте жасадык. Бул күчүктөрдү өзүбүз жарата албасыбызды билчүбүз! Биз аларды көбөйтүүнү баштадык жана 2014–жылы он үч күчүгүбүздүн ар бирин 1200 доллардан сатууну сунушташты. Азыр, 2015–жылы алтымыш үч күчүгүбүз бар, БААРЫ ден соолугу чың. Күчүктөрдү сатуунун аркасында үйдү күрөөгө койгондон башка карыздан толук кутулдук. Азыр күтүүсүз чыгымдар фондун кайрадан толуктап алдык.

Биздин таң калганыбыз, апам пенсияга чыгууну чечкендиктен, анын эки голдендудлын багып алгыбыз келеби деп сурады. Кудай батасын берип, дагы эки итти бекер берди. Жолдошум июль айында орто мектептин директору болуп дайындалды! Бир жылдын ичинде кирешебиз алты цифралууга чейин өстү. ИШЕНИМ МЕНЕН АҢ УЛОО ИШТЕП АТАТ! Биз Кудайдын Падышачылыгынын мыйзамдары менен байланышка кошулдук. Биз азыр Падышачылыктын бардык иш–аракеттерине себебиз жана ар бир жекшемби күнү эртең менен жергиликтүү жыйыныбызда даңктоону алып барардан мурун, сиздин жыйыныңыздын кызматтарын онлайн көрөбүз! Бизге Падышачылык кандайча иштээрин үйрөткөнүңүз үчүн ырахмат!

– Карла

Бул жумада мен ошол жубайлардан дагы электрондук кат алдым.

«Куттуу Пасах! Машаяк тирилди! Биз жаңылыктарыбызды

онлайн пасторубуз Гэри менен бөлүшкүбүз келди. Ага айтып коюуңузчу, быйыл биз Ыйсанын туулган күнүн Иерусалимде белгиледик (накталай төлөдүк). Өспүрүм уулубуз Иордан дарыясында чөмүлтүлүп, ошол күнү кечинде Галилея деңизинде “Хиллсонг” командасы менен сыйынганыбыз биз үчүн чындап бата болду. Мына сага! Биздин акча маселебиз чечилгени үчүн абдан ыраазыбыз!

Азыр жүз жыйырма бир күчүгүбүз бар. Бааны ар бири үчүн 2300 долларга чейин көтөрүүгө туура келди, анткени кезекке тургандар өтө көп! Кудайга мактоолор болсун!»

– Карла

Бул, Падышачылык силердин жашооңордо эмне кыларынын эң сонун үлгүсү. Ушул аптада Карланын электрондук катын алгандан кийин, мен ага чалдым, ал АБДАН кубанды! Анын айтымында, алар үй насыясын быйыл толук төлөп бүтүшөт. Анын биринчи катында эмне деп жазганын эске сала кетейин:

«Айлыктан айлыкка чейин жашап, кээде тамак–ашка жана үй жылуулугу үчүн кредиттик карта менен төлөчүбүз. Биз өнүккөн жокпуз, биз эптеп аман калуучулукта болчубуз».

Эми бир–эки жылдан кийин бардык кредиттерди толугу менен төлөп беришет. Падышачылык!

3–БӨЛҮМ

# СИЛЕРДИН ЖООБУҢАР – ПАДЫШАЧЫЛЫК

Эми силер Падышачылыктын өзгөрүлгүс мыйзамдар жана принциптер боюнча түзүлүшү жөнүндө негизги түшүнүккө ээ болгонуңардан кийин, мен силердин каржыңарга, демек, тынчтыгыңарга таасир этүүчү мыйзамдарга өткүм келет.

Бирок, аларга өтөөрдөн мурун, мен бул китепти эмне үчүн «Тынчтыктын күчү» деп атаганымды, каржы жана Падышачылыктагы бириктирилген тынчтык дегеним менен эмнени айткым келгенин түшүндүргүм келет. Таң калыштуусу, мен тынчтыкты каржы менен байланыштырган жокмун, аны Кудай кылды.

> *Асман менен жер жана алардын бардык кошуундары ушундайча* ***жаратылып*** *бүткөн. Ошентип, жетинчи күнгө оогондо, Кудай Өзүнүн иштерин* ***бүтүрдү****; Өзүнүн бардык иштерин бүтүрүп, жетинчи күнү* ***эс алды****. Анан Кудай жетинчи күнгө батасын берип, аны ыйыктады, анткени Кудай Өзү жараткан жана жасаган бардык иштерин бүтүрүп, ошол күнү эс алды.*
>
> – Башталыш 2:1–3

Биринчиден, мен силерге так айтып коёюн: Кудай чарчагандыктан жетинчи күнү эс алган жок. Кудай чарчабайт. Ал, текстте айтылгандай, эс алды, анткени Ал баарын аткарган. Дүйнө жаралгандан кийин алтынчы күндүн аягында, жөн эле жетинчи күнү жашаган адамды жаратты. Жетинчи күнү коркуу, эптеп аман калуу, ооруу, тамак–аш табуу үчүн мээнеттенип, тер төгүү деген ойлор болгон эмес. Тескерисинче, Адам атанын ойлору толугу менен Кудайда, аялында, тапшырма жана максаты жөнүндө болчу. Анын тапшырмасын аткаруу жана жашоо үчүн зарыл болгон нерселердин баары даярдалган жана жеткиликтүү болгон, Кудайдын планы кемчиликсиз болгон. Бүгүнкү күндө адамдар Адам атада болгон нерсеге ээ болууну кыялданышат: эч кандай түйшүксүз жашоо, сүйгөн нерселерине көңүл бура билүү жана ырыскы жөнүндө ойлонбостон жакындары менен мамиле түзүү. Тилекке каршы, Адам ата козголоңчул болгондо Кудайдын ырыскысынан ажырап, ошондон бери адам өмүрдүн берекесине (талыккан эмгек жана тер менен) умтулууга аргасыз болгон.

> *Анткени бутпарастар булардын баары үчүн түйшүк тартышат. Ал эми силердин ушунун баарына муктаж экениңерди асмандагы Атаңар билет. Баарынан мурда Кудайдын Падышачылыгын жана адилеттигин издегиле, ошондо мунун баары силерге кошулуп берилет.*
>
> – Матай 6: 32, 33

Тамак издөө азабы – бул оор жүк, ал адамдын жашоого болгон көз карашын бурмалайт. Байлыктын азгырыгы, эптеп жашоону талап кылган азаптуу аракеттерден эркин болуу – бул адамдардын кыялы. Миллионер болуу стрессти азайтса, камсыздоону табуу азабын жеңилдетсе, максатка жана миссияга көңүл бурууга мүмкүнчүлүк берсе гана мааниси бар. Лотереянын популярдуулугу ал эмгексиз каражаттарды сунуш кылгандыгы жана каргышка калган жердеги каржы системасынан кутулуу менен шартталган. Тез бай болуунун схемалары ар кандай формада көп жана дайыма

биздин электрондук почталарыбызды бомбалап, Facebook баракчаларда да калкып чыгып турат. Ошондуктан, биздин каржы контекстинде: “Баары биз үчүн жасалып бүтүп жана сакталып турган жетинчи күнгө кайтып баруунун жолу барбы?” деген суроого жооп керек. Катуу айтылган жооп – ООБА! Мунун кандай болорун жана Падышачылыктын мыйзамдары кандай натыйжа алып келерин түшүнүү бул китептин максаты.

Мен билем, силердин турмуштук тажрыйбаңар, атүгүл жыйын жана машайакчылар да мени менен макул болбошу мүмкүн, анткени көптөгөн машайакчлар «жакырчылык ыйык» деп аталган теология менен макул болушат. Бирок, мен силерди ишендирип коёюн, өз максатыңарды табууга болгон иш менен алектенүүнү улантуу жана гүлдөп–өсүү үчүн зарыл болгон бардык жооптор Падышачылыкта бар.

**ӨЗ МАКСАТЫҢАРДЫ ТАБУУГА БОЛГОН ИШ МЕНЕН АЛЕКТЕНҮҮНҮ УЛАНТУУ ЖАНА ГҮЛДӨП – ӨСҮҮ ҮЧҮН ЗАРЫЛ БОЛГОН БАРДЫК ЖООПТОР ПАДЫШАЧЫЛЫКТА БАР.**

*«Руху жакырлар бактылуусуңар, анткени Кудайдын Падышачылыгы силердики.*

– Лука 6:20

Жакырчылыктын жообу — Падышачылык! Бул Кудайдын Падышачылыктын каржы мыйзамдарын үйрөтө баштаганда мага көрсөткөн Ыйык Китептеги биринчи аяты. Аны түшүнүү үчүн, албетте, мен айтып өткөн нерсени – Падышачылык эмнени билдирерин түшүнүү керек. Адам ата күнөө кылганда Бейиш багында эмне болгонун жакшы түшүнүшүңөр керек деп ойлойм. Мага бул окуяга кыскача токтоло кеткенге уруксат бергиле.

Башында Адам ата менен Обо эне эч нерседен кабатыр болушкан эмес, алардын баштары оору жана камсыздык тууралуу ойлорго

толгон эмес. Күн сайын алар Кудайды сүйүп, бири–бирин сүйүп, Кудай берген жер менен бейишке кам көрүү болгон максаттары жөнүндө гана ойлонушу керек болчу. Алардын жашоосунда коркунуч таптакыр жок болчу. Бирок, Адам ата чыккынчылык кылганда, баары өзгөрдү. Мен айткандай, шайтан бул дүйнөнүн кудайы болуп калды, адам Кудайдан ажыратылды, ал эми Кудай адамдардын үстүнөн мыйзамдуу бийликтен ажыратылды. Адам ата жашоонун жаңы реалдуулугуна таң калган. Кудайдын Адам атага күнөө кылгандан кийин айткан сөздөрүн дагы бир жолу келтирейин.

> *Аялыңдын тилин алып, "андан жебе" деп, Мен сага осуят кылган дарактын жемишинен жегениң үчүн, сенин айыңан жер каргышка калды. Сен эми өмүрүң өткөнчө жерден азап менен азыктанасың.*
>
> – Башталыш 3:17

Оору, тер, коркуу, тынчсыздануу жана эптеп күн көрүү менталитети Адам менен Обо эненин ойлорун оп тартып баратты. Алардын мурда Кудайдын алар үчүн планы болгон ой–ниети, эми эптеп аман калуу үчүн жарышта жана согушта жоголду. Адам атанын укмуштуудай милдети, анын ой–ниети азыр турмуштун түйшүгү жана нан таап жеш керек болгон муктаждык менен капталды. Ал өзүнүн ким экенин билбей калды. Эми ал бир гана максатты көрөт – кантип аман калуу, бул үчүн маңдай тери менен тынымсыз иштөө керек. Ошол күндөн бери көп деле өзгөрүү болгон жок.

Бүгүн пастор катары, мен адамдардын эң чоң суроосу: «Мен өз жашоомду эмне кылышым керек?» деген суроо экенин билдим. Алар ушинтип сурашат, анткени жер бетинде, Адам атанын доорунан бери, бардык башка нерселер тамак–аш издөө маселесинин айланасында туруп калды. Адамдар адатта максаттарга карап эмес, акчанын негизинде чечим чыгарып калышты. Акча жана ага болгон муктаждык адамдарды өздөрү жек көргөн жумушка мажбурлашы мүмкүн. Чындыгында, көпчүлүк адамдар алар өзүлөрү ким экендиктерин билишпейт. Өзүңөргө

мындай деп белгилеп койгула: «Биз Кудайды таанымайынча, Анын биздин жашообузга карата болгон оюн биле албайбыз. Анткени, бизди Ал жараткан».

Адамдар өзүлөрүнүн ким экенин билүүгө абдан ынтызар. Дүйнөдө адамдар жөн эле сандагы бирөө сезилиши мүмкүн, бирок Кудай үчүн алар өзгөчө жана кайталангыс жаратылуулар, алардын ар биринин жеке таланты жана потенциалы бар. Бирок, алар Кудайды жана өздөрүн да таанybагандыктан улам, өз баалуулуктарын туура эмес жактан издешет. Анын айтканын кабыл алуу менен, алар маданиятка аларга өз баалуулуктарын айтууга (диктовать этүүгө) мүмкүнчүлүк беришет. Бирок, жалпыга маалымдоо каражаттары тарабынан жазылган жана маданиятта чагылдырылган нерсе – бул болгону өзгөрүп турган көлөкө. Качан силер алгылыктуу деп эсептелген нерсе менен бир жакта экениңерди түшүнгөнүңөрдө, баары өзгөргөнүн жана силер артта калганыңарды көрөсүңөр.

Эсимде, Дренда экөөбүз бир жолу Парижге барып, ал жактагы көчөдө сейилдеп жүргөнбүз. Белгилүү болгондой, Париж моданын шаары, ошол жылдын модалуу түстөрү боз жана кара болгон. Бардык дүкөндүн терезелери боз жана кара гана буюмдарды көрсөткөн. Айланамды карап, жүздөгөн адамдарды көрдүм. Мен бир да жаркыраган жерди көрө албасымды түшүнгөндө, айран калдым. Бардык адамдар, өзгөчө, боз жана кара кийим кийген. Жүздөгөн адамдар бирдей көрүндү. Акыркы жолу качан кимдир бирөө силерге анын сүйүктүү түсү боз экенин айтты эле? Бирок, ошол күнү көптөгөн адамдар алардын жакшы көргөн түсү – боз же кара экенине ишенишкен.

Күнүмдүк жашоого болгон басым ушунчалык күчтүү болгондуктан, ал биздин бүт жашообузду каптап, камсыздалууну жана кабыл алынууну издөөгө дайыма мажбурлайт. Дренда экөөбүз атүгүл, көп жылдардан бери насаатыбызда айтып келе жаткан сөздү ойлоп таптык: "Силер акча маселесин чечмейинче, максатыңарды билбей каласыңар!" Сен эптеп күн көрүүгө өкүм кылынган кул болгондо, изилдөөгө жана ар кандай варианттарды

түзүүгө убакыт аз болот. Чындыгында, мен айткандай, адамдар көбүнчө эле же жашоо үчүн буюм–тайым алуу же колунда бар нерсени сактап калуу максатына байланыштуу чечим чыгарышат. Алар өзүлөрүнүн ышкысын акча иштеп табууга, кыялын болсо, эптеп күн көрүү үчүн таштап кетишет. Чындыгында, биз эптеп күн көрүү үчүн талыкпаган эмгек жана тер менен абдан кысымга алынгандыктан, кыялданбайбыз деле. Коркуу биздин кыялдарыбызды барымтада кармап турат, ал эми каражаттын жетишсиздиги кыялыбызды “мүмкүн эмес” деп аталган капаста кармап турат.

Эсимде, мен үйгө жетүү үчүн жетиштүү күйүүчү май (бензин) болсо деп кыялдангам, бул өтө маанилүү болгонун айтпаганда да түшүнүктүү. Ал кезде менин горизонтумда чоң максаттарым жок болчу. Жөн гана ижара акысын төлөө менин кыялымдагы нерсе болчу. Мойнума алам, силер үй–бүлөңөрдү багуу үчүн күрөшүп жатканыңарда же дароо төлөй турган каржылык муктаждыктарга туш болуп турганыңарда эптеп күн көрүүдөн башканы көрүү кыйын.

Адам ата Падышачылыктан баш тартканда, Адамдын жашоосунда өлүм, коркуу, жашоо үчүн күрөш жана дүрбөлөңгө толгон жаңы дүйнө пайда болду. Бул коркуу сезимин баарыбыз билебиз деп ишенем. Мен тогуз жыл бою каржылык кыйроолордун туңгуюгунда жашап, тынымсыз дүрбөлөңгө түшүп, антидепрессанттарды кабыл алган жашоомдогу көптөгөн окуяларды эстейм. Жердин каргышка калган эптеп аман калуу системасы, баарыбызды жашоого терс көз караш менен короого үйрөттү. Кээ бирөөлөр муну башкаларга караганда жакшыраак чечишет, бирок Машаяксыз бул терс ой жүгүртүү бизге дайыма жетишээрлик жакшы эмес экенибизди айтып турат.

Силер качандыр бир кезде: «азгырылба» деген сөздү уктуңар беле? Кичинекей кезимде бирдемегедир сүйүнсөм атам, аны келесоолук деп эсептечү да: «Сен качан чоңоёсуң?» деп калчу. Ошондуктан, мен атам зарыл деп эсептеген нерседен башканы кыялданууга өзүмө жол бербегем. Ичкилик ичкендердин үй–бүлөсүндө чоңоюп, өзү да катуу кыйналгандыгы үчүн, атам

ушундай жашоого аргасыз болгон деп ойлойм.

Чынын айтсам, баарыбыз бала кезибизден бери профессионалддуу дүрбөлөңчүлөрбүз. Коркунуч Жер планетасындагы бардык жандыктарга мүнөздүү. Ойлоп көрсөк, “жок” деген сөз төрөлгөндөн бери эле бизге мөөр сыяктуу басылганына баарыбыз макул болобуз. «Жок, бул сага болбойт.» “Жок, кайра коюп кой». “Жок, сен ал жакка бара албайсың”. “Жок, аны ала албайсың”. Акыр–аягы, биз көп учурда көбүнчө нерселерге «ооба» деп айтууну токтотуп, кээде мээни өчүрүү жана бир аз убакытка чындыкты унутуу үчүн, мезгил–мезгили менен бир нерсе кылууну токтотпойбуз, мисалы, биз сүйүктүү тамак–ашыбызга өтө эле берилип кетебиз.

Бир изилдөөгө ылайык, бала чоңоюп аткан учурунда «жок» жана «болбойт» деген сөздөрдү 148 000ден ашык жолу, ал эми «ооба» деген сөздү бир нече миң жолу гана угат.

Мен жакында эле биздин жыл сайын өткөн Provision («Камсыздоо») конференциясын өткөрдүм жана 2017–жылкы Ferrari унаасын сахнага койдум, бул унаа сөзсүз түрдө суктана турган нерсе. Анын ээси, менин жыйынымдын мүчөсү, аны толугу менен накталай акча менен төлөгөн, болжол менен 400 000 доллар. Конференциянын коноктору келгенде бул машинаны суктануу менен, ар тараптан карап, жакшылап көргүсү келип турушту. Бирок, ал канчалык суктандырса да, аны сахнага материалдык максаттарды биринчи орунга койгон жашоо образын жайылтуу үчүн эмес, жөн гана элге сабак болсун деп койгом. Унааны тегеректеп алгандардын баары ушундай унааны айдагысы келерин моюнга алышты.

Каргыш тийген жердеги оор эмгек системасында алган «жок» тарбиясы алардын аң–сезиминде: «Жок, силерде эч качан андай унаа болбойт! Сен аны эч качан ала албайсың, ал жөнүндө ойлонбо» – деп кыйкырып жатканын билчүмүн. Алардын баары, бардыгыбыз алган «жок» деген тарбиядан улам. Көпчүлүгү Феррариге ээлик кылууну ойлогон да эмес, анткени «жок» деген ой аны көрө да, ала да алмак эмес. Бирок, саат сайын сахнада эң

кымбатынан эң арзанына чейин унааларды алмаштырып турсам, акыры алар ойлонуп: «Мага ушул унаа жагат, мага ушундай унаа керек» деп айтышмак.

Айырмасы эмнеде? Бул алардын өздөрүн кандай көргөнү, дарамети жана унаанын баалуулугу жөнүндө болду. Ооба, бир нече адамдар өздөрүнө: «Менде да бир күн ушундай унаам болот» деп айтышы мүмкүн, балким, аудиториянын арасында бул машинаны таптакыр башкача караган бай адамдар да болгондур. Бирок, мен ишенем, көпчүлүк адамдар мындай унаага бир кезде ээ болуусун элестете да алышкан эмес. Баса, аны накталай акчага сатып алган миллионер алты Феррариге ээ. Анын ою боюнча, бул жөн гана сонун унаа. Аны көргөндө, ал өзүнө таандык экенин элестетип, Италиядан буйрутма берип, АКШдагы үйүнө жеткирүүнү уюштурган. Ал үчүн өзүнүн көз карашы боюнча иш–аракет кылуу кыйын болгон жок, анткени анын колунда бар болчу. Тынчтыктын маанилүү ачкычы — камсыздоо — бул кам көрүү.

## Негизги ачкыч:

### <u>**Камсыздоо – бул кам көрүү.**</u>

Камсыздандыруу жок көрүнүш жок, эптеп аман калуу гана бар. Жер жүзүндөгү жакырчылыктын системасы биздин кыялдарыбызды жана келечегибизди уурдап жатат. Мен Ферарининин көргөзмө кылганым айла жок чара болгонун билем, бирок бул менин оюмду жакшы көрсөттү. Чогулган эл мындай унаага ээ болууну кыялданууга да жол беришкен жок, анткени алар муну мүмкүн эмес деп эсептешкен. Эгер алар өзүнө бул жөнүндө бир секундага эле кыялданууга уруксат беришсе, жердин каргышка калган системасындагы тажрыйбасы: «Кандай гана акчаны ысырап кылуу!» деп кыйкырмак. Бирок, силердин эсебиңерде 25 миллиард доллар болсочу (мен жөн гана ойлонуп көргүлө деп атам)? Бул унаа силерге абдан арзан көрүнгөндүктөн,

аны дем алыш күндөрү айдаш үчүн эле сатып алмаксыңар. Мунун баары келечекке байланыштуу жана Кудайдын Сөзү, Кудайдын ар бир убадасы «ооба» жана «оомин» (ошондой болсун) деп айтылгандыктан, силердин көз карашыңар өзгөрүшү керек, силер Кудай кандай ойлосо, ошондой ойлонушуңар керек.

> *Кудайдын бардык убадалары Машайак аркылуу «ооба». Ошол себептүү Кудай даңкталыш үчүн Машайак аркылуу Кудайга «Оомийин» дейбиз.*
>
> – 2 Корунттуктар 1:20

Бул жерде перспективанын сөздүктө берилген аныктамасы: бир нерсеге тигил же буга болгон мамиле же бир нерсеге болгон көз караш; көз карашың, мамиле, шилтемелер алкагы же чечмелөө. Жалпысынан алганда, перспектива – бул сиздин бир нерсе жөнүндө болгон ой жүгүртүүңүз.

Мен силерге төмөнкү концепция жөнүндө ойлонууга чакыргым келет. Адам өзүн шайтандын кызматына бергенге чейин ханзаада болгон. Демек, аны кулагандан кийин көрсөңөр, үй–бүлөсү бузулган (Кабыл, анын баласы бир тууганы Абылды өлтүргөн), жакырчылыкка баткан адамды көрмөксүңөр, ага кимдир бирөө болууга мүмкүнчүлүк бербейт элеңер. Бирок, анын тамырларында падышанын каны агып жатканын көрө албайт болчусуңар. Ошол эле чындык силерге да тиешелүү. Силер жашаган жериңиерге, силерде эмне бар экенине, учурдагы жагдайларыңарга карап өзүңөрдүн потенциалыңарды баалоого болбойт. Силерди жаратуу учурунда силерге берилген потенциалды карашыңар керек.

Оор жагдайларды баштан кечирип, менден чоң көрүнгөн олуттуу суроолорго туш болгон учурум эсимде. Менде болгондон бир топ көп акча талап кылган бир нече чечимдерди кабыл алууга туура келди. Мен Кудай мага кыл деп айтып жатканын билгендей сезимде болуп аттым, бирок мен бул тууралуу дагы эле ыңгайсыз болуп жаттым.

**ПРЕСПЕКТИВАҢАР ӨЗГӨРҮЛҮШ КЕРЕК, КУДАЙ ОЙЛОГОНДОЙ ОЙЛОНУШУҢАР КЕРЕК.**

Ошондо Теңир мага түш көрсөттү. Мен тоонун чокусунда атчан элем. Колума кылыч кармап тургам. Менден ылдыйда тоонун этегинде жүздөгөн, балким миңдеген душмандын атчан жоокерлери кылычтары суурулушуп, мен тарапты көздөй карап турушкан. Мен алардын алдында абсолюттук азчылыкта, таптакыр жалгыз элем. Түшүмдө мен төмөнкү сөздөрдү айткан үндү уктум: «Өзүңдү баалуулугуңду түшүрбө, Гэри!» Ал сөздөрдү угуп, кылычымды көтөрүп, атымды душмандар тарапка бурдум, алар да менин кыймылды баштаганымды көрүп, колдорундагы кылычтары менен мени көздөй жөнөштү. Атымды тоодон ылдый чаап баратып: «ТОР!» деп катуу кыйкырдым.

Мен ойгонуп кетип Теңир мени менен сүйлөшүп, кайрат берип жатканын түшүндүм, бирок *Тор* деген сөздүн маанисин түшүнгөн жокмун. Менин жыйынымда отуз жылдан бери пастор болуп кызмат кылган жана көп тилдерди изилдеген бир киши бар. Мен андан бул сөздүн маанисин билесиңби деп сурадым, ал мага анын маанисин билип берүүгө убада берди. Эртеси ал мага чалып, *Тор* күн күркүрөшүнүн уулу дегенди түшүндүрөөрүн айтты. Мен ага ыраазычылык билдирип, Теңирдин мага айткандарына таң калдым. Душманга менин үнүм күн күркүрөгөндөй угулду! Алсыз экенимди шайтанга айтпасам, үнүмдү көтөрсөм, ага күн күркүрөгөндөй (күч) угулат.

2010–жылы биринчи жолу Provision «Камсыздоо» конференциясында окутуп жатып, бул окуяны айтып бердим. Аягында Теңир мага түшүмдө айткан сөздөрдү так кайталадым: «Душман сенин келе жатканыңды көргөндө Гэри, күн күркүрөгөндөй угулат». «Сен күн күркүрөгөндөй угуласың» дегенимде, абада катуу күн күркүрөгөндөй үн угулду. Жамгыр жааган жок, жада калса күн башка күркүрөгөн да жок, түнү менен бир жолу гана болду. Ошол күнү кечинде келгендердин баары таң калышты. Бирок, мен баарынан

да сүйүндүм, анткени Теңир менин насаатыма «ООМИЙН» деп айтканын билчүмүн, бул сөз Анын бардык балдарына тиешелүү экенин тастыктады. Айтмакчы, ошол күнү кечинде телекамералар иштеп жаткан жана бул окуяны көрүүнү кааласаңар, https://youtu.be/rtx1XYJGIAg шилтемесине өткүлө.

Демек, силер төмөнкү түшүнүктү түшүнүүңөр керек.

## Кулдар чоң кыялданбайт!

Алар токтотууну кыялданышат. Түштөн кийин алар саатты карап, жебе качан бешти көрсөтөт, ошондо токтоп, жумуштан кете алам деп кыялданышат. Алар эмгек өргүүсүн, пенсияны, эсебинде иштебегенге мүмкүнчүлүк берген көп акчаны кыялданышат. Кулдар көбүрөөк иштөөнү эмес, иштөөнү токтотууну кыялданышат! Кулчулуктун ой жүгүртүүсү жана кулчулуктун көз карашы жумушту ойлоп чыгарбайт жана жаратпайт, алар андан качуунун жолдорун издешет. Кул ансыз деле чарчап бүттү, дагы бир күн жашап калуу мүмкүнчүлүгүн көрбөйт.

Эгер силер куйрук эмес, баш болгуңар келсе, анда силердин ой жүгүртүүңөр кулдан кожоюнга жана жаратуучуга өзгөрүшү керек. Силер кайрадан кыялданып башташыңар керек. Силер өзүңөрдүн элестетүүңөрдүн чегинен чыгышыңар керек, анткени силер өз көзүңөрдө алсыз болуп көрүнсөңөр да, шайтандын кулагына күн күркүрөгөндөй боло аласыңар. Силердин тамырыңарда падышанын каны бар, силер жөн гана ошондой ойлонуп, ошого жараша иш кылышыңар керек.

Менин мультимиллионер досум бар. Анын көптөгөн кооз үйлөрү бар, алардын баары океандын же көлдүн жээгинде жайгашкан.

Бир жолу мен ага конокко барганда портто жүрүп, кайыктарды жана яхталарды карап калдык. Ал ар биринин кожоюнун билчү жана мага алардын атын айтып берди. Эми мен биздин баарлашуу кандай угулганын болжол менен сүрөттөп берем, бирок бардык ысымдар ойдон чыгарылган болот, анткени чыныгылары эсимде жок.

Ошентип, менин досум мындай деди:

– Бул Билли Смиттин кайыгы, ал “Огайо Медикал Севисиз” компаниясына таандык. Бул Джон Роджерстин кайыгы, ал Роджерс жана Роджерс юридикалык фирмасынын ээси. Ал эми, бул Ральф Тидеуэллдин кайыгы, ал Хай–стриттеги люкс бут кийим дүкөнүнүн ээси.

Катар–катар кайыктарды аралап, алардын жыйырма чактысынын жанынан өтүп бараткаsuccessныбызда, ар бир кайык ээси кандайдыр бир бизнестин ээси экенин түшүндүм. Күнүгө тогуздан бешке чейин иштеген жергиликтүү балмуздак сатуучу жайдын кызматкери Жонго таандык бир да кайык болгон эмес. Жок, мен жергиликтүү кафеде иштеген же компаниянын кызматкери болгон адамга таптакыр, жок эле дегенде көп учурда каршы эмесмин. Мен жөн эле кандай адамдардын байлыгы бар экенин мисал келтирип жатам.

Сураныч менин айтканыма жакшылап көңүл бургула. Кеп алардын акчасында эмес, алардын акылында. Арабаны аттын алдына койбогула. Көпчүлүк адамдар: «Мен дагы алардагыдай акчаны каалар элем» деп айтышат. Бирок, аларга: «Мен да алардай ой жүгүрткүм келет!» деп айтса жакшы болмок. Алар жашоого жана өзүнө башкача көз караштa.

Көпчүлүк үй–бүлөлөр өмүр бою мол деп атала турган кирешени эч качан алышпайт. Изилдөөгө ылайык, америкалык кызматкерлердин 51 пайызы жылына 30 000 доллардан аз айлык алышат. Өлкөбүздүн калкынын жарымынан көбү жылына 30 миңге жетпеген акча табат?! Эгер силер жыйырма жаштан бир аз улуурак болсоңор жана өз алдынча жашоону баштасаңар же жакынкы келечекте муну пландаштырып жатсаңар жана акча силер үчүн көйгөй болбосо, анда бул абдан жакшы, бирок мен билем, биздин өлкөнүн калкынын жарымынан көбү, бул абалдан алыс. Мен аларга көбүрөөк акча керек экенин билем. Мага ишенип койгула, мен финансылык кызмат көрсөтүү тармагында иштеген отуз алты жыл ичинде миңдеген үйлөрдө болдум жана муну өз көзүм менен көрүп, билем.

Эмне үчүн алар көбүрөөк алыша албайт? Жашоо кандай адилетсиз, кантип курмандыкка айландым деп кыйкырып баштаарыңардан мурун, мен мунун эки себеби бар экенин айта кетейин.

Биринчиден, алар жердин каргышына калган жакырчылык системасында камалып калгандыктан, Кудайдын Падышачылыгын жана Анын кам көрүү принциптерин билишпейт.

Экинчиден, каргыш тийген жердеги тарбиядан улам алар да жийиркеничтүү терс ойлор менен толгон, ошол себептен көз алдында турган чечимди да көрүшпөйт. Кулдар да мен айткандай, кулдук менталитетке ээ болушат. Алар тынчтыкты издеп жатып мүмкүнчүлүктү көрүшпөйт. Келгиле, ачык айталы: чыныгы жооптор болбосо, адамдар рухтун барлыгын жоготуп алышат.

Мен өзүмдүн семинарларымда колдонгон бир мисалды келтирейин. Элестетсеңер, мен силердин бардык көйгөйлөрүңөрдү бир жөнөкөй сүйлөм менен чече алам деп айтып жатам дейли. Карандаш менен кагазды колго алгыла, анткени мен силерге жооп аласыңар деп кепилдик берем. Даярсыңарбы? Андыктан, көңүл бурсаңар! Быйыл 5 миллион доллар таза киреше тапкыла. Мен муну сахнада айтканымда баары күлүп калышат. Эмнеге? Анткени, эч ким өзүн мынчалык акча табам деп элестете да албайт, жадагалса жылына 5 миллион доллар таза киреше таба албайт.

Анан мен көрө албаган нерсеңерге ээ болуу мүмкүн эмес дейм. Андан кийин мен көнүгүүлөрдү кайталайм, бирок бул жолу мен сандарды төмөндөтө баштайм: жылына 200 000 доллар, 100 000, 70 000, 40 000. Акырында минтип айтам:

– “Ой, бул оңой эле” дегениңерге чейин сандарды төмөндөтө берем.

Анан дагы бир окуяны айтып берем. Мен бай бизнесменмин, экспорттук иш менен алекмин дейли. Мен Кытайга топторду жөнөткүм келет жана аларды таңгактоого мага жардам керек. Ар бир упаковкаланган топ үчүн 500 доллар төлөйм деп жатам. Айталы, силер күнүнө эки жүздөй топту упаковкалай аласыңар,

бул силерге күнүнө 100 000 доллар табууга мүмкүндүк берет. Андан тышкары, мен силерге топторду ошол баада таңгактоо боюнча бир жылдык келишимди сунуштайм. Эгерде мен силерге он эки ай ичинде 5 миллион доллар таза кирешени айтсам, эмне деп жооп берет элеңер? «Эч кандай көйгөй жок, 5 миллион доллар табуу оңой болот.»

Айырмасы эмнеде? Жөн эле план. План баарын түшүндүрөт. Силерди жараткан Кудай планды билет жана силер аны угушуңар керек. Кудайдын Падышачылыгында да ушундай. Кудай мага бул бизнести баштайм деген кыялды берип, анан ага кантип жетээримди көрсөткөндө, кирешем али өзгөрө элек болчу, бирок ичимден: «Оңой! Акча маселеси чечилди, планым бар!” деп кыйкыргам.

> *Анткени Өзүмдүн силер жөнүндө ойлогон оюмду Өзүм гана билем, – дейт Теңир, – ал ой – силерге келечек, үмүт бериш үчүн, жаман ой эмес, жакшы ой.*
>
> – Жеремия 29:11

Кудайдын силердин гүлдөп–өнүгүшүңөр үчүн планы бар! Бул Анын планы экенин билгенден кийин, жарым жеңишке ээ болдуңар! Уксаңар, акча маселесин чечүү анча деле кыйын эмес. Камсыздандыруу – бул камсыз кылуу. Бул чынында эле жөнөкөй. Азык–түлүктүн жоктугуна жооп – бул тамак–аштын бар болушу. Качан силерге чоң үй керек болгондо, жооп – чоң үй. Эгерде силерге ишенимдүү машина керек болсо, жооп –ишенимдүү машина.

Мен өзүмдүн кайталап жатканымды билем, бирок жылдар бою талкаланып жаткан машинаны айдагам. Мени эки чакырым алыстыктан көрүүгө болот эле, анткени ар жерде түтүндүн узун изин калтырчумун. Бир жакка барыш керек болгондо, унаа көйгөйлөрү кандай стресстүү болорун билем. Мен ошондой эле, унаа саткан жайга кирип, жаңы унаага накталай акча төлөө кандай экенин да билем. Элестетсеңер, мындан ары стресс, тынчсыздануу жок. Эмнеге?

Анткени, менин муктаждыгым канааттандырылып, жүрөгүмдө тынчтык. Унаамдын кезектеги жолу бузулуп калганынан көрө, эми анын ордуна өз бизнесиме көңүл бура алам.

**ПАДЫШАЧЫЛЫКТЫН ЖАРАНЫ КАТАРЫ СИЛЕР МЫЙЗАМДЫК УКУКТАРГА ЭЭСИҢЕР ЖАНА АР БИР МЫЙЗАМ, АР БИР ПРИНЦИП АЗЫР СИЛЕРДИН ЭРКИҢЕРДЕ.**

Чындыгында, көптөгөн адамдар өмүрүнүн көп бөлүгүн акча маселелерин чечүү менен алектенип өткөрүшүп, стресс абалына келишет. Өмүр өтүп жатканда, алар күнүмдүк жашоого аракет кылып атып, көп сааттар иштешет. Досум, бул сенин жашооң үчүн Кудайдын эрки эмес.

Мен жогоруда жазганымдай, адамдар жек көргөн жумушундагы айлык үчүн кыялдарын, кызыкчылыктарын таштап кетишет. Адатта кулдар, абдан бактылуу адамдар эмес! Тилекке каршы, адамдар ушинтип бактысыз, жийиркеничтүү, үмүтсүз абалда жашашат. Бирок, чындыгында алар эркиндиктен чоң пландар же башкача айтканда, мен жогоруда айтып өткөндөй, план гана бөлүнгөн.

Мен бир мисал келтирейин. Силердин көбүңөр билесиңер, мен аң уулаганды, балык уулаганды, велосипед тээп, жаратылышта сейилдегенди, негизинен сыртта жасала турган нерселердин баарын жакшы көрөм. Мен Огайо штатында “Түздүктөгү шаар” деп аталган чакан фермердик коомдо чоңойгом. Силер элестетип жаткандай, бул аталыш ошол аймактагы тегиз рельефтен улам келип чыккан. Албетте, дыйкандар үчүн бул жер абдан ыңгайлуу болгон, бирок көзгө анча деле кооз болуп көрүнчү эмес. Мен аңчылык жана балык уулоо жөнүндөгү болгон журналдардын баарына жазылдым. «Ачык асман алдындагы жашоо», «Талаа спортунун түрлөрү», «Талаалар жана арыктар» ж. б. Мен Батыштын жапайы жана кооз тоолорунда жана Аппалач өрөөнүнүн жапжашыл килеминде (менден бир сааттык гана жол) балык уулоо

жана аңчылык кылуунун улуу окуяларын окудум. Анын үстүнө мен ал жерлерге эч качан барган эмесмин. Өмүрүмдө биринчи жолу кырк жашымда тоолорду көрдүм.

Эмнеге? Менде барууга акчам бар болчу, унаам бар болчу, I–70 федералдык шоссеси менин шаарым аркылуу өтүп, Аскалуу тоолор аркылуу батышка алып барат. Бирок, чындыгында мен ал жакка барам деп эч качан ойлогон эмесмин, ал тургай ал жакка барам деп ойлогонго да өзүмө жол берген эмесмин. Мен бул жерлерди журналдардын жалтырак беттеринен карап суктанчумун, бирок өз көзүм менен аларды көрөм деп ойлогон да эмесмин. Алар мен үчүн Айда жайгашкандай эле болчу, аларга зыярат кылуу оюма да келген эмес. Мен кыркка чыгып, акыры батышты көздөй барганымда, өз өмүрүмдө эмнелерден куру калганыма ишене албай турдум. Азыр болгону жылына жок дегенде бир жолу тоого чыгып турушум керек. Досум, жашоодо сен азыр көрүп тургандан да көп нерселер бар. Сен өзүң азыр көргөнүңдөн да чоңсуң! Жашоодо дагы бир чоң нерселер бар, аны көрүп, баштан өткөрүш керек.

**Кудайдын Падышачылыгы кандайча иштээрин жана Кудайдын Падышачылыгы сенде бар нерселер тууралуу эмне дегенин үйрөнө баштаганыңда, көз карашың өзгөрөт!**

> *Демек, силер эми чоочундар жана келгиндер эмессиңер, ыйыктардын мекендештерисиңер жана Кудайдын Өз элисиңер.*
>
> – Эфестиктерге 2:19

Падышачылыктын жараны катары силердин мыйзамдуу укуктарыңар бар жана бардык мыйзам жана принциптер азыр силерге жеткиликтүү. Дренда экөөбүздө ушундай көйгөйүбүз болгон. Биз Ыйсанын жолдоочулары, Кудайды сүйгөн жана Кудайдын Падышачылыгынын жарандары болгонубузга карабай, анын мыйзамдары менен принциптерин билген эмеспиз.

Жердин каргышка калган системасынан келип чыккан биздин көз карашыбыз чектелүү болгондуктан, бизде эч кандай кыял болгон эмес. Ал эми, билимде күч бар.

Мисалы, кол коюлган келишим силердин ошол үйдө жашоого мыйзамдуу укугуңар бар экенин тастыктайт. Силерге ошол үйдө жашоого мыйзамдуу укук бере турган кол коюлган документ жана сот адилеттигине жетүү бар экенин билүү силерге тынчтык жана бейпилдик берет. Анын сыңарындай, Кудайдын эмне деп жатканын жана Падышачылыктын сен үчүн эмне болорун билүү, сага тиешелүү нерселердин бардыгын кармануууга ишеним берет. Мисалы, дыйкандын гүлдөшү эмнеге байланыштуу? Акчагабы? Жок. Ал сепкен үрөнгөбү? Жок. Анын себүү жана оруп–жыюунун мыйзам ченемдүүлүгүн билгендигине байланыштуу. Ал канчалык кедей болсо да, кантип байыганды билет. Ал жөн гана Кудай белгилеген жер чөйрөсүнүн мыйзамдары менен байланышат. Себүү жана оруп алуу процесси кайра–кайра дыйкандын пайдасына иштей алат.

Ал оруп–жыюунун мыйзамдарын түшүнөт жана аларга эч шектенбейт. Жерге миңдеген долларлык үрөн себет, бирок коркпойт. Тракторунда отуруп алып жерге үрөн себүүгө кеткен акчасы үчүн ыйлап отурган дыйканды эч жерден таппайсың. Ал урукка сарпталган акчасына өкүнүп, азап чекпейт. Ал жердин табигый чөйрөсүндө иштеген мыйзамдарга ишенет. Ал силерге анын үрөндөрү кантип өсүп жатканын айтып бере алабы? Мен буга күмөнүм бар, бирок ал дыйканчылык үчүн жаңы жер тилкелерин издеп жатканын айта алат. Ошол эле нерсе сага да, мага да тиешелүү. Падышачылыктын мыйзамдарын билмейинче жана аларга ишенмейинче, Кудай биз үчүн алдын ала белгилеп койгон жашоодон ырахат ала албайбыз.

Ошол алгачкы күндөрдөгү эң таң калыштуу окуялардын бири, мага чоң каржылык кыйынчылыктарга туш болгон бир адам телефон чалганда болду. Мен аны Дон деп атайм. Ал менин адамдарга каржы тармагында жардам беребримди уккан экен.

Мен Дон менен жолукканымда, ал менин кеңсеме абдан

көңүлү чөгүп жана карызга батып келди. Ошол учурда анын жашоосунда эч нерсе оңунан чыкпай жаткандай сезилди. Көрсө, ал ижара акысынан жана башка төлөнүүчү акчаларын үч–төрт айга кечиктирип аткан экен. Үй–бүлөдө да көйгөйлөр болгон: анын аялы каржылык кыйынчылыктардан тажаган жана Донду сыйлабай баштаган, анткени ал аны жана алардын беш баласын камсыздай албай аткан. Чындыгында, Дон өзүнө болгон сый–урматты жоготкон. Анын жообун билбеген көп суроолору бар болчу.

Анын жумушу Огайо штатында медициналык камсыздандырууну сатууну камтыган, бирок анын ийгиликсиздиги аны тез эле каргашалуу каржылык абалга алып келген. Дон менен болгон бардык нерсеге карабастан, мен андан потенциалды көрдүм. Ал үйрөнүүгө жана иштөөгө даяр болчу. Бул кирешелүү айкалыш мени аны жумушка алууга жана анын келечегине инвестиция салууга кызыктырды. Акыр–аягы, бул экөөбүзгө тең чоң дивиденддерди алып келген инвестиция болду.

Менин жаш жана тез өнүгүп келе жаткан компанийам Гавайиге биздин камсыздоочуларыбыздын бирине барууга чакыруу алды жана бул Донго Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө үйрөтүү үчүн эң сонун мүмкүнчүлүк деп ойлодум. Дон машайакчы болсо да, ал мендей түшүнүккө ээ эмес болчу. Мен аны менен бул жагынан Кудайдын принциптерин бөлүшүүгө бир нече жолу аракет кылсам да, ал менин айтканыма ишенбегендей болду.

Мен Дондун көңүлүн буруп, эгер ал Кудайдын Падышачылыгы кандайча иштээрин түшүнсө, ал да ийгиликке жете аларын түшүнүүгө жардам берүүнүн жолун издей бердим. Бирок, Дон ушунчалык көңүлү чөккөндүктөн, ага өзүнө ишенүү жана өзгөрүү чындап келиши мүмкүн экени кыйынга турду. Гавайиге баруу менин мүмкүнчүлүгүм экенин билдим.

Дон экөөбүз кетээрден бир–эки жума мурун ал жерде эмнени көргүбүз, эмне кылгыбыз келгени жөнүндө сүйлөштүк. Донду бир нерсе кызыктырды. Ал Тынч океандын кооз сууларынан көк марлин кармагысы келген. Дон шыктануу менен сүйлөп жатты:

— Гавайи дүйнөнүн көк марлиндерин кармоо боюнча борбору

болуп эсептелет. Мен аны дайыма кармагым келчү. Бул менин кыялым.

Бир нече жумадан бери биринчи жолу Дондун көзүнүн жылтылдаганын көрдүм. Акыры бир нерсе аны шыктандырды, мен бул шыктануу маанилүү сабактын эшигин ачарын билип турдум.

– Дон, – дедим мен, сен билесиңби, эгер сен Кудайдын Падышачылыгынын таасири астында болсоң, Гавайиде көк марлинди кармай турганыңды үмүттөнбөйсүң – бирок так биле аласың?

Бир аз түшүнбөй, бирок кызыгып калган Дон көбүрөөк билгиси келди, ошондуктан мен ага Кудайдын Падышачылыгы кантип иштээрин түшүндүрүүнү уланттым. Мен Марктын Китебинен үзүндү келтирдим, анда: «Эмнени сурасаңар да, аларыңарга ишенгиле, ошондо силерге берилет» (Марк 11:24, NIV). Дон үчүн мунун бардыгына ишенүү өтө эле жакшыдай көрүндү. Мен ага Падышачылыкты түшүнүүгө жана ишенимин бошотууга жардам берүүгө бир аз убакыт короттум. Биз сапарга чыгаардын алдында ал аялы экөө макулдашып сыйынышты жана көк марлинди аларына ишенишкен. Андан тышкары, алар түшүмүн алуу үчүн Кудайдын Падышачылыгына үрөндү – каржыны себишти. Мен муктаж болгон нерсеге ишенимимди бошоткон учурда мага муну Ыйык Рух үйрөткөн эле.

Ошол эле учурда, Дон түшүм алуу үчүн өз милдетин аткарууда баарын жасады. Ал кандай кайыктарды, кандай баада ижарага алына турганын билип, акыры өзүнө жаккан капитан менен кайыкты брондоду. Бардык уюштуруу маселелери чечилип, Гавай аралдарынын көгүлтүр сууларын көздөй жолго чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгонубузга абдан кубанычта болдук.

Жөнөй турган күн келип, кайыкка отурдук да, капитанга шыктануу менен дал ушул көк марлин кармай турган күн экенин айттык. Ал жалпы балык уулоо аракетибизде ийгиликтерди каалады, бирок ошол күнү көк марлинди кармоо мүмкүнчүлүгүбүз аз экенине ишендирди. Акыркы төрт айдан бери күн сайын

турларга чыккан эки кайык бир гана көк марлин алып келген. Бул марлин мезгили келе электиги менен аныкталды, анткени алар келгин балыктар эле. Бирок, көңүлүбүз чөккөн жок жана бардык зарыл болгон даярдыктарды улантып, капитанга ошол күнү сөзсүз түрдө бир марлин кармай турганыбызды билдирдик. Алты сааттык балык уулоодо биз бир да тиштеген жокпуз, андыктан иш–аракеттин жоктугу Дондун ишенимин алсыратып жибериши мүмкүн деп тынчсыздана баштадым. Ушуну ойлоп, көпүрөнүн өйдө жагынан ага кыйкырдым:

– Дон, мен сага суроо берейин. Тиги көк марлинди сыйынганда алдыңбы же ал пайда болгондо аласыңбы?

Дон ишенимдүү жооп берди:

– Гэри, бул оңой эле. Мен аны сыйынганда алдым.

Анын жообун укканда абдан сүйүндүм. Дал ошол учурда мен Дон менин көрсөтмөлөрүмө олуттуу мамиле жасап, марлинди алууга чечкиндүү экенин түшүндүм.

Бир нече мүнөттөн кийин Дондун таягы сууга тартылып, жаныбыздагылардын баары кыйкырышты:

– Тиштеп жатат!

– Анча сүйүнбөгүлө,– деп эскертти капитан, – ооба, бул чоң балык, бирок бул көк марлин эмес. Марлиндер түз сүзүп, суунун үстүндө укмуштуудай секирик жасашат, ал эми бул балык тереңдикте калууда.

Мүнөттөр өтүп, Дон балык менен күрөшүн улантып жатты, ал аны жакшыраак көрүүгө мүмкүн болгондой суу үстүнө эч эле көтөрүлбөй атты. Дондун чарчаганына караганда, балык андан да көбүрөөк чарчап, бир кезде күрөштөн баш тартты. Ал бул чоң, кооз көк марлинди кайык үстүнө тартып чыкканда Дон экөөбүз эч таң калган жокпуз, кайыктагылар болсо баары таң калышты.

Мен бул окуяны жакшы көрөм жана адамдардын Кудайдын Падышачылыгын чындап сезип жатканын көрүүнү жакшы көрөм. Мен муну силерге да каалайм!

4–БӨЛҮМ

# МЕН ПАДЫШАЧЫЛЫКТЫН НЕГИЗГИ АЧКЫЧЫН ТАПТЫМ!

Ар бирибизде үйлөрдүн, унаалардын жана биз сактап калгыбыз келген нерселердин ар кандай ачкычтарынын түрлөрү бар. Ачкыч бизге ичинде сакталган нерселерге же унаа сыяктуу нерсени колдонууга мүмкүнчүлүк берет. Мен машайакчы катары тогуз жыл бою каржылык башаламандыкта жана үмүтсүздүктө жашаганда, бир нерсе жетишпей жатканын, бир нерсе туура эмес болгонун билчүмүн. Мага бул тууралуу айтуунун кереги жок болчу. Болгону, эмне туура эмес болгонун жана кырдаалды кантип оңдоо керек экенин билишим керек болчу.

Мен кыйраган фермада төшөгүмдүн аркы өйүзүндө жатып, жардам сурап кыйкырганыма жооп катары Теңир мага кайрылды жана менин көйгөйүмдү көрсөттү, бул мен Анын Падышачылыгы кандай иштегенин биле элек болгонумда болчу. Ошол бир сүйлөмдө мен ачкыч тууралуу, же андан да жакшысы, мага керектүү ачкычтын же ачкычтардын булагы — Падышачылык экенин уктум. Кудай мага менин жообум Анын Падышачылыгында экенин айтып жатты. Мен Анын Падышачылыгы кантип иштээрин билүүгө эч качан убакыт бөлгөн эмесмин, бирок эгер аны кылсам, мен өзүм үчүн жооп табам. Ошол күнү Кудай мага Падышачылык

жөнүндөгү билимимдин аздыгы жөнүндө айтканда, мен Анын Падышачылык деген сөз менен эмнени айткысы келгенин да түшүнгөн жокмун. Бирок, мен Анын так жана катуу айтканын уктум, эгерде мен Анын Падышачылыгы кантип иштээрин билсем, мен издеген жоопторду табам. Ошондуктан, мен үчүн негизги ачкыч бул: «Сен Менин Падышачылыгым кандай иштээрин билүүгө эч качан убакыт бөлгөн эмессиң!» деген жалпы билдирүүдө ачылды. Бул сөз, албетте, өзүндө көп нерсени камтыды жана менин жашоомду өзгөртүүнүн негизги ачкычы болуп калды.

> *Анткени бизге нариссте төрөлдү, бизге Уул берилди. Бийлик кылуу Анын ийнинде, Ага: Кереметтүү, Кеңешчи, Күчтүү Кудай, Түбөлүктүн Атасы, Тынчтыктын Төрөсү деген ат коюлат. Ал Өзүнүн падышачылыгын адилеттик менен, чындык менен бүгүнкү күндөн тартып, түбөлүккө бекитиши жана бекемдеши үчүн, Дөөттүн тагында жана анын падышачылыгында Анын бийлиги жана тынчтык чексиз өсөт. Муну Себайот Теңирдин кызганычы ишке ашырат.*
>
> – Ышайа 9:6,7

Кудайдын Падышачылыгы өкмөттүн жана мыйзамдардын негизинде иштээрин түшүнгөндө, менде бир нерсе пайда болду жана мен мурда билбеген Падышачылыкты таптым. Кудайдын Падышачылыгы орнотулганын жана адилеттүүлүккө (мыйзамдын аткарылышына) жана Кудайдын адилдигине (Анын мыйзамдарына) таянарын билгенден кийин, мен Падышалчылыкта болуп жаткан нерселердин баары ушул Падышачылыктын мыйзамынын же принцибинин натыйжасы экенин билдим. Мен гений эмес болушум мүмкүн, бирок эгер Падышачылык мыйзамдар менен негизделсе, анда мен ал мыйзамдарды таанып, аларды жашоомдо колдоно аларымды түшүнө алаарыма акылым жетет. Кудай мага жана Дрендага

Өз мыйзамдарын ачып берип, аларды кантип колдонууну үйрөтө баштаганда, мен Ыйык Китептеги ар бир окуяда Падышачылыктын кантип иштээрин билүү үчүн керектүү ачкычтар бар экенин түшүнө баштадым. Мен Ыйык Китептеги ар бир окуяны жаңыча окуй баштадым: «Эмне үчүн мындай болду? Эмне үчүн мындай болгон жок? Бул окуяда кандай принциптер ачылган? Алар кантип иштешти?

Мен өзүмдү рухий дүйнөнү изилдөөгө арнадым жана Ыйык Рух мага мыйзамды биринин артынан экинчисин ачып берген сайын абдан сүйүндүм. Мен үйрөнүп жаткан мыйзамдардын жашоомдо Ыйык Китептегидей эле иштей аларын көргөндө абдан сүйүндүм. Эл менден:

— Гэри, Падышачылыктын мыйзамдары жөнүндө сөз кылганда эмнени айтып жатасың? – деп сурайт.

Мен аларга адатта, жер чөйрөсүндө иштеген бардык мыйзамдарды: тартылуу мыйзамын, физика мыйзамдарын жана жаратылыштын бардык мыйзамдарын эскертем.

Дыйкан бул мыйзамдарды каалаган убакта колдонот, алардын иштеши үчүн сыйынуунун кажети жок. Ал аларды колдонууну чечкен сайын алар иштейт. Аларды колдонууну каалаган ар бир адам үчүн жеткиликтүү. Ошол сыяктуу эле, Кудайдын Падышачылыгы да белгилүү болгон мыйзамдар менен башкарылат. Алар мыйзамдар болгондуктан, алар эч качан өзгөрбөйт жана аларды үйрөнүп, Падышачылыктын жашоосунда колдонууга болот.

Айтмакчы, силер Машайакка келгенде, силер Анын Падышачылыгынын жараны болосуңар жана бүт Падышачылык силердики болот. Силер Падышачылыктын бул мыйзамдарын да үйрөнүп, колдоно аласыңар.

Элдер мага минтип айтат:

– Макул, биз бул бөлүгүн түшүндүк, бирок Падышачылыктагы мыйзамды мисалга келтирчи.

**КУДАЙ ӨЗ МЫЙЗАМДАРЫН АЧЫП, МАГА ЖАНА ДРЕНДАГА АЛАРДЫ КОЛДОНУУГА ҮЙРӨТӨ БАШТАГАНДА, ЫЙЫК КИТЕПТЕГИ АР БИР ОКУЯЛАРДА ПАДЫШАЧЫЛЫК КАНТИП ИШТЕГЕНИН ҮЙРӨНҮҮ ҮЧҮН КЕРЕК БОЛГОН АЧКЫЧТАР БАР ЭКЕНИН ТҮШҮНӨ БАШТАДЫМ.**

Мыйзамдар көп. Мен алардын айрымдарын гана жаздым, мисалы, юрисдикция мыйзамы, ишеним мыйзамы жана макулдашуу мыйзамы, бирок мурунку бөлүмдөрдө мен аларды мындай деп атаган эмесмин. Кайталап айтам, көптөгөн мыйзамдар бар, бирок алардын бардыгын функцияга жана колдонуу чөйрөсүнө, биз үчүн көңүл буруу маанилүү болгон өзгөчөлүктөргө жараша категорияларга бөлүүгө болот. Менин оюмду түшүндүрүүгө жардам бере турган окуяны айтып берейин.

Менин өзүмдүн “пайпер мираж” жеке учагым бар, мен аны менен ар кандай иш–чараларга, кардарлар менен жолугушууларга жана бизнес маселелерине учам. Бир күнү биз Колорадого конференцияга учушубуз керек болчу, ал эми сапарга чыгаардын алдында учакты жыл сайын мыйзамга ылайык болгон текшерүүдөн өткөрүүнү пландаштырдык. Балким, силер билбейсиңер, бирок АКШда учкан ар бир учак жылына бир жолу техникалык кароодон өтүшү керек. Менин учкучум “миражды” алып, бизди конференцияга алып барышы керек болчу. Бирок, бир күн мурун бизге тейлөө борборунан чалып, кокусунан экинчи учкучтун алдыңкы айнегин сындырып алышканын айтышты. Алар аны бекер алмаштыра тургандыктарын, бирок бул процесс убакытты талап кыларын, үч күндөн кийин гана учакты алууга мүмкүн боло турганын кошумчалашты. Бул Дренда экөөбүздүн Колорадого коммерциялык рейсте барышыбыз керек дегенди билдирген.

Дайыма өзүбүздүн самолетубуз менен учууну туура көрсөк да, даттанууну ойлогон жокпуз. Бир аз көңүлүбүз чөктү, бирок ошентсе да конференцияга жетиштик жана учкучубуз бизди Колорададон алып, Огайога алып кетет деп чечтик.

Биз конференцияда эки күн болгон учурда, бул аймакта катуу мөндүр жааган. Мөндүр абдан чоң болгондуктан, алар көп зыян келтирген. Көптөгөн имараттар жабыркап, чатырларды ири муз сыныктары жарып кеткен. Жүздөгөн машиналар оңдолуп түзөлгүс абалдагы зыянга учурады. Биздин учкуч келгенде, ал бизнес–авиация комплексинин аэропортуна келип конду, эгерде биз аны конференцияга алып барсак, учакты так ошол жерге таштамакпыз. Көз алдымда коркунучтуу сүрөт ачылды. Биздин учак боло турган жерде жайгашкан учактардын баары, калыбына келтирилбей калгандай бузулуп калышкан. Кудайдын ырайымы менен мөндүр жааган учурда биздин учак ал жакта жок болчу, ошондуктан жабыркаган жок. Чынында таң калыштуу, бирок бул кантип болду? Менин учагым менен болгон окуя жөн гана кокустукпу же кандайдыр бир жол менен мен пайдаланган руханий мыйзамдын натыйжасыбы?

Бул мен биринчи орунга койгон рухий мыйзамдын натыйжасында болгонун так билем жана аны жакында силер менен бөлүшөм. Мыйзамдын кандай иштээрин түшүнсөңөр, силер каалаган убакта ушундай натыйжаларды көрө аласыңар. Бул учурда мен Кудай мага Өзүнүн Падышачылыгынын мыйзамдарын жана иштерин көрсөтө баштаганда үйрөткөн мыйзамды колдондум.

Мен силерге Кудай мага көрсөткөн мыйзамды көрсөтөйүн, анан аны кантип колдонуу керектигин айтып берейин. Эсиңердеби, Ыйык Китептеги ар бир окуя Падышачылык жана анын иши жөнүндө бир нерсе көрсөтөт. Мен өзүмдү руханий чындыктардын изилдөөчүсү деп атайм. Мен Ыйык Китепти окуганда, ар дайым бир нерсенин болушуна себеп болгон же бир нерсенин болушуна

жол бербеген мыйзамдарды издейм. Марктын Катынын 6 бөлүмүндө мен силерге үйрөткүм келген сабакка байланыштуу окуя келтирилген.

> *Бир топ убакыт өткөндөн кийин, Анын шакирттери жанына келип: «Бул ээн талаа экен, кеч да кирип кетти. Элди тарат, алар тегеректеги айыл–кыштактарга барып, өздөрүнө нан сатып алышсын, алардын жей турган эч нерсеси жок», – дешти. Ыйса болсо: «Аларга тамакты силер бергиле», – деп жооп берди. Шакирттери Ыйсага: «Биз, эмне, аларды тамактандыруу үчүн, эки жүз динарийге нан сатып келелиби?» – дешти. Ыйса аларга: «Силерде канча нан бар? Барып, карагылачы», – деди. Алар билип келип: «Беш нан, эки балык бар экен», – дешти. Ошондо Ыйса аларга элди топ–топ кылып бөлүп, чөптүн үстүнө отургузууну буйруду. Эл жүздөн, элүүдөн болуп, катар–катар отурушту. Ыйса беш нан менен эки балыкты алды да, асманды карап, Кудайга ыраазычылык билдирди. Анан нанды сындырып, элге таратыш үчүн, шакирттерине берди. Эки балыкты да бардыгына бөлүп берди. Бардыгы тоё жешти. Артып калган нан менен балыкты чогултканда, он эки себет толду. Тамактанган эркектердин саны беш миңге жакын эле.*
>
> – Марк 6:35–44

Бул керемettүү окуя жана Кудайдын Падышачылыгы кантип иштээрин жакшы көрсөтүп турат. Беш нан жана эки балык 20 000 адамды тойгузду! Силер:

– Гэри, Ыйык Китепте 5000 эле эркек болгон деп айтылат! –деп айтарсыңар.

Ооба, жазылган, бирок алардын арасында аялдар менен балдар да болгон, демек ал жерде жалпысынан 20 000ге жакын адам болгон.

Шакирттери Ыйсага тамак жөнүндө суроо менен келгенде, Ыйса аларга Падышачылык жөнүндө сабак бергиси келгендиктен, ал: «Аларга тамакты силер бергиле», — дейт. Бул аларды абдан таң калтырды. Алар мынчалык көп тамакты кайдан алышат? Алар камсыздоонун бирден–бир булагы — эмгек деп жооп беришет! Алар: «Бул сегиз айлык маянаны талап кылат» деген сыяктуу сөздү айтышты. Алардын көз карашы боюнча, бул каргыш тийген жердеги системада бир нече саат иштеген үчүн табылган долларларга, бул адамдардын баарын багуу мүмкүн эмес.

Бирок, Кудайдын Падышачылыгында, андагы мыйзамдардын аркасында бардыгы мүмкүн. Ыйса аларга жердин каргышка калган системасы артта калганын жана жаңы мүмкүнчүлүктөр пайда болгонун түшүнүүгө жардам бергиси келет. Андан кийин Ыйса алардан көп элди тойгузууга боло турган эмнеси бар экенин карап көрүүнү суранат. Барып карап, беш нан, эки балык таптык деп жооп беришет, бирок маселени чечүүгө бул аздык кылаарын алар билишкен. Анда Ыйса алардан нан менен балыкты сурап, колуна алып, сыйынып, батасын берет. Анан чогулган элге таратуу үчүн аларды шакирттерине кайтарат. Албетте, окуя кандай аяктаганын билесиңер: жыйырма миң кишинин баары тойгуча жешти, дагы он эки себет артып калды.

Айткылачы мага, эмне үчүн Ыйса шакирттеринен алар нан менен балыкты бөлүштүрүүдөн мурда аларды Ага алып келүүнү буйруган? Эмне үчүн Ыйса аларга тамакты таап алар замат бөлүштүрүп бергиле деп айткан эмес? Туура жооп: Ыйса биринчи тамакка батасын бериши керек болчу. Билгениңердей, шакирттер аларды тапканда, нан менен балык жерде адамдардын бийлиги жана укугу астында болгон. Бул абалда Ыйсанын бул тамакка укугу жок болчу. Бирок, нан менен балык Ага өз ыктыяры менен алынып келингенде, Ал аларга батасын бере алган. *Бата* деген сөз ыйыктоо же бөлүү дегенди билдирет. Ошентип, биз Падышачылыктын мыйзамын көрүп жатабыз.

**Ыйса нан менен балыкка батасын бергенде, алар падышачылыкты өзгөртүшкөн.**

Негизи, нан жана балык боюнча укук өзгөрдү. Эми Кудай аларды адамдар үчүн көбөйтүүгө мыйзамдуу укугу бар болчу. Эгерде Ыйса нан менен балыкты алып, аларга батасын бербесе, алар көбөймөк эмес.

**Эгерде Ыйса нан менен балыкты алып, аларга батасын бербесе, алар көбөймөк эмес.**

Биз жеген тамагыбызга бата бергенде ошол эле мыйзамды колдонобуз, бирок мен ойлойм, көпчүлүк адамдар тамакка сыйынганда эмне кылып жатканын билишпейт. Бирок, жалпысынан, биз тамак–аш үчүн сыйынып жатканда, падышачылык өзгөрөт, ошентип, Кудай бизди тамак–аш алып келиши мүмкүн болгон ар кандай зыяндан коргой алат.

Бул жерде мен эскертип кетүүгө мажбурмун. Эгерде биз билип туруп жаман тамактарды жана өзүбүзгө зыян экенин билген нерселерди жей берсек, анда эмне сепкен болсок, ошону оруп алабыз. Бирок, анын бизге зыян алып келерин билбей туруп коркунучтуу нерсени жеп алсак, анда Кудайдын Сөзү менин самолетумду коргогондой эле бизди да коргойт. Мен тамак үчүн сыйынып жаткан адамдардын көбүнөн уга жүргөн сыйынуунун кээ бир ритуалдык түрү жөнүндө айтып жаткан жокмун. Бирок, ишеним менен сыйынуу, Кудай бизден бардык алсыздыктарды жок кылганы үчүн ыраазычылык билдирип, бизге, Анын улуу Падышачылыгынын жарандарына, Анын убадаларынан ырахат алууга мүмкүнчүлүк берет.

> *"Эгерде колдору менен жыландарды кармап алышса, уулуу нерсе ичип алышса, алардан зыян тартышпайт. Колдорун оорулуулардын үстүнө коюшса, оорулуулар айыгышат».*
>
> – Марк 16:18

Бүгүнкү дүйнөдө Кудайдын коргоосу бизге тынчтык берерине ишенишибиз керек. Биздин тынчтыгыбызды бардык жагынан, анын ичинде жеген тамак–аш жагынан да уурдай турган көп нерселер бар. Мага ишенгиле, шайтан сенин ден соолугуңду жана жер бетинде ага каршы күрөштө натыйжалуу болуу жөндөмүңдү тамак аркылуу да уурдоо планы бар!

Келгиле, жашообуздагы бардык көйгөйлөрдү, кыйынчылыктарды, жан дүйнө тынчтыгын жана башка нерселерди Падышачылыктын карамагына кантип тапшыра аларыбыздын дагы бир мисалын карап көрөлү.

> *Эч нерсе тууралуу кам санабагыла, ар дайым сыйынганда жана жалынганда, каалооңорду ыраазычылык билдирүү менен Кудайга айткыла. Ошондо Кудайдын акыл жеткис тынчтыгы силердин жүрөгүңөрдү жана ойлоруңарды Машайак Ыйса аркылуу сактайт.*
>
> – Филипиялыктар 4:6,7

Качан биз бир нерсе жөнүндө сыйынсак, көйгөйлөр жана тынчсыздануулар Кудайдын Падышачылыгынын карамагына кирет. Эгерде биз сыйынбасак, анда Кудайдын колу байланат. Ошондуктан, Ыйык Китеп тынымсыз сыйынышыбыз керектигин айтат (1 Тес. 5:17ди карагыла) жана Кудайдан сурабагандыктан улам, бизде жок экени айтылат (Жакып 4:2).

Мен учак сатып алганда жана жалпысынан эле бир нерсе сатып алганда, сатып алган буюм үчүн колумду коюп сыйынып, аны Кудайдын Падышачылыгынын юрисдикциясына өткөрөм, ошондо ал эмнеге арналса, ошону кыла алат, ал Кудайдын Падышачылыгына жана менин кызыкчылыгым үчүн кызмат кылат. Ошон үчүн, менин самолетум шайтанга жана анын жанындагыларга жетпейт. Бул учакта мага эч кандай жамандык болбойт!

Болжол менен бир ай мурун мен конференциядан кийин Мираж менен Хьюстондон Огайога учуп бараткам. Биз караңгы асманды кесип өткөндө кеч болуп калган. Оң жагыбыздан да, сол жагыбыздан да асманда чагылган жарк этип, күн күркүрөгөн фронт бизди көздөй жылып келе жатты. Күн күркүрөгөндүктөн, маршрутубузду өзгөртүүгө туура келип, натыйжада биз пландалгандан көп күйүүчү май сарптадык. Ошентип, үйгө аман–эсен жетип, Федералдык башкармачылыктын жарандык авиациясынын күйүүчү майды запастоо боюнча талаптарына жооп берүү үчүн, май куюу үчүн Кентукки штатындагы Луисвиллде токтоону чечтик. Биз конгондо бакта 30 литрдей күйүүчү май бар болчу. Биз ар бир бакка дагы 20 галлон кошуп берүүнү сурандык. Ошентип, бизге 70 галлон болушу керек, бул Мираж саатына болжол менен 22 галлон керектегендиктен, Огайога калган жолду учуп өтүү үчүн бул жетиштүүдөн да көбүрөөк болчу. Биз күтүп жатканыбызда, түркүктүн артындагы кыз бизге 40 галлон куюу сураганын айтты. Ошол маалда биздин май куюучу станцияга документтери менен авиатехник келди. Кыз аларды алып карап, анан мындай деди:

– Бул жерде бир нерсе туура эмес. Сандар дал келбейт.

Авиатехник цистерналарга бензин куюп койгонун, сандарды кийинчерээк текшерсе болорун айтты. Ал макул болду, бирок сандар жарашмайынча чек бере албасын кошумчалады жана электрондук почта аркылуу жөнөтүүнү сунуштады. Биз макул болуп, техник менен кошо учакка бардык. Учкуч ага чындап эле керектүү көлөмдөгү күйүүчү майды толтурганын текшерүүнү суранды. Буга техник мындай деп жооп берди:

– Ооба, эки жагына 20 литрден куйдум.

Биз учуп, Огайога бет алдык, учуп баратканга кырк мүнөт болгондо сол бактын бош экенин көрдүк. Бул кандайча болгонуна таң калдык. Бир мүнөттөн кийин оң бак да бошоп калды. Түн жарымы болуп, биз 4500 метр бийиктикте күйүүчү майыбыз жок

болчу. Эмне болду? Кантсе да, эми эле май куюп албадык беле. Кимдир бирөө:

«Учагыңардын цистернасында күйүүчү майдын деңгээлинин көрсөткүчү жок беле?» – деши мүмкүн.

Албетте болгон, бирок май куюлгандан кийин белгилер жай көтөрүлөт. Эгер силер эски «субурбан» унаасын айдаган болсоңор, анда мен эмне жөнүндө айтып жатканымды түшүнөсүңөр. Бул унаадагы күйүүчү майдын өлчөгүчтөрү май куюлгандан кийин жай көтөрүлөт. Биздин учкуч техниктен анын көздөрүнө тике карап, күйүүчү майды чындап эле толтурдуң беле жана канча куйдуң деп сурады. Анын самолетко чейин танкер айдап, цистерналарды кантип толтурганын өзүбүз көрдүк. Менин учкучум күйүүчү май куюу процессине көз салып, техниктен чындап эле кырк галлон толтурдубу деп эки жолу сурады. Биз күйүүчү майдын деңгээлин текшергенден кийин, цистернага галлондун ондон бир бөлүгү калганга чейин күйүүчү майдын деңгээлин көзөмөлдөп турган санарип күйүүчү май өлчөгүчтү орноттук. Биз өзүбүз тараптан коопсуздук үчүн зарыл болгон нерселердин баарын жасадык деп ойлодук.

Биз өзгөчө кырдаал жарыялап, Цинциннати аэропортуна конууга аргасыз болдук, бул көйгөй болгон жок, анткени бактарыбыз бош болуп калган учурда анын үстүнөн учуп баратканбыз, бирок бул албетте, күлкүлүү болгон жок. Кийин биз билдик, биздин самолет ошол авиатехник тарабынан май куюу практикасында биринчи болгон экен. Ар бир цистернага 20 эмес, 2 галлон гана куйган экен. Ал эсептегичти окуй алган эмес. Чын элеби? Бирок, бул улуттук компания учактарга май куюудан башка эч нерсе кылбайт – укмуш!

**ЖЕР ЖҮЗҮНДӨ НАТЫЙЖАЛУУ, КООПСУЗ ЖАШОО ЖАНА КАМСЫЗДОО БОЛУШУ ҮЧҮН, БИЛҮҮ КЕРЕК БОЛГОН ПАДЫШАЧЫЛЫКТАГЫ МЫЙЗАМДАР БАР.**

Душман жамандыкка ниет

кылган нерсе ишке ашкан жок, бирок биздин бактар биз учуп бараткан 4500 метр бийиктикте эмес, башка бийиктикте экенибизде бош болуп калганда, ал болушу мүмкүн эле. Бирок, мен дагы бир жолу кайталайм, душман мага да, учакка да зыян келтире албайт. Келечекте душмандын мындан аркы аракеттерине жол бербөө үчүн, биз май куюу тартибин өзгөрттүк. Эми авиатехниктер учакка май куюучу бардык аялдамаларда биздин көзөмөлүбүздө дайыма май куюп турушат. Эгерде биз тез арада аны байкабасак же аба ырайынын начар шарттарында учсак, бул окуя кырсык менен аякташы мүмкүн эле, бирок албетте, андай болгон жок, анткени менин коргоо келишимим бар.

Машинанын жана өзүмдүн коопсуздугума байланыштуу менин учагым менен болгон бул эки окуя тең менин келишимимдин, Падышачылыктагы мыйзамдуу укуктарымдын натыйжасы болду. Албетте, мен силерге дегеле бул учакты кантип алганымды айтып бере алмакмын, бирок азыр эмес. Силер Кудай улуу деген ойду түшүндүңөр деп ойлойм!

Жер бетинде натыйжалуу, коопсуз жана камсыздыкта жашоо үчүн, Падышачылыктын мыйзамдары бар. Шайтан бизди жек көрөт, бирок Кудайга шүгүр, ал бизди токтото албайт. Тынчсыздануу, коркуу жок болгон кезде, коргоо да – тынчтык болуп саналат! Бул силердин мыйзамдуу укугуңар.

Баса, мен айтып, колдонгон мыйзамды, мен юрисдикция мыйзамы деп атайм.

Кудай мага башында Анын Падышачылыгы жөнүндө Ыйык Китептеги дагы бир аятты берген.

> *Руху жакырлар, бактылуусуңар, анткени Кудайдын Падышачылыгы силердики.*
>
> *– Лука 6:20*

Дренда экөөбүз бул аятты бизге көрсөткөндө, Кудайдын

Падышачылыгы эмнени айткысы келгенин изилдей баштадык. Ал бизге мыйзамдардын негизинде иш жүргүзгөн бул Падышачылыктагы Падыша экенин дагы бир жолу көрсөттү. Биздин түштүк чек араны карап көрөлү. Жыл сайын миңдеген адамдар Америка Кошмо Штаттарына кирүүгө аракет кылышат. Кантип эле алардын өлкөсүндө кооз жерлер жок болгондуктан ушундай болсун? Такыр ал себептен эмес. Буга өлкөбүздүн өкмөтү себепкер. Өлкөдө адам укуктарын коргогон жана башка өлкөлөрдө адамдар көрбөгөн эркиндиктерди камсыз кылган мыйзамдар бар: менчик укугу, өз бизнесине ээ болуу укугу, дин тутуу эркиндиги жана сөз эркиндиги. Көптөгөн өлкөлөрдө адамдар мындай эркиндиктерге ээ эмес.

Биз буга чейин эле Кудайдын Падышачылыгы, Кудай бизге, анын жарандарына берген бардык ачкычтардын, принциптердин жана мыйзамдардын негизи жөнүндө көп эле айтып келгенбиз. Жашоо менен өлүмдүн, жеңиш менен жеңилүүнүн айырмасын силердин бул мыйзамдарды билгендигиңер же билбегендигиңер аныктайт.

Тогуз жыл бою акчанын жетишсиздигинен жана анын айынан толук боштондуктун жоктугунан азап чеккенден улам, мен Кудайдын Падышачылыгынын жараны болуу эмнени билдирерин жана үстүнө ошол Падышачылык курулган анын мыйзамдарын жана принциптерин билүүнүн маанилүүлүгүн ашыкча баалай албайм.

Жер бир нече миң жылдардан бери бар, бирок бүгүнкү күндө биз ээ болгон нерселердин көбү дайыма эле белгилүү болгон эмес. Мисалы, мен сизге 1906–жылы Рождество түнүндө Массачусетс штатындагы Брант Рок штатындагы Оушен Блафф шаарында кандай болгонун көрсөткүм келет. Ошол күнү бүт дүйнөнү өзгөрткөн бир нерсе болду. Реджинальд Фессенден «Ыйык түн» ырын радиотолкундар аркылуу деңиздеги кемелерге уктурулду жана Луканын Инжилинин экинчи бөлүмүн окуду. Бул дүйнөдөгү

биринчи радио аркылуу үн берүү болгон. Азыркы учурда болсо, уюлдук телефондун жардамы менен планетанын ар бир адамы менен ойлонбой туруп сүйлөшө алабыз.

1897–жылдын январында эмне болгон? Томас Эдисон лампочканы ойлоп тапкан, азыр жер бетиндеги ар бир мамлекет караңгыда көрүү үчүн, электр жана физика мыйзамдарын колдонот.

1903–жылы 17–декабрда эмне болгон? Бир тууган Райтс.тар дүйнөнү биринчи учак менен ийгиликтүү тааныштырды, эми биз учакка отуруп, дүйнөнүн каалаган жерине бир нече убакыттын ичинде гана учуп бара алабыз. Салмагы 280 тонна болгон дүйнөдөгү эң чоң жүргүнчүлөрдү ташуучу учак А380 саатына болжол менен 1000 километр ылдамдыкта 800 жүргүнчүсү менен тогуз сааттан ашык тынымсыз уча алат. Эгер адамдар он тогузунчу кылымдын башында ушундай нерсени көргөн болсо, эси ооп калмак. Бирок, бул бүгүн бизге которгучту которуп, жарыкты күйгүзгөндөй эле тааныш.

Мен бул мыйзамдардын баары жер бетинде дайыма, адам бар болгондон баштап эле бар болгонун көрсөткүм келет. Алар ар дайым эле адам үчүн жеткиликтүү болгон, ал жөн гана аны көргөн эмес. Канаттуулардын учканын көрдү, чагылганды көрдү, бирок түшүнгөн жок.

Ошол эле нерсе Ыйык Жазууга да тиешелүү. Дин Кудайдын Сөзүнүн маанисине карата чектерди коюп койгон. Баардык кереметтер эле илгерки, Кудай аларды бүгүн жаратпайт деп көп жылдардан бери эле угуп келебиз. Ыйык Рухтун белектери элчилер үчүн гана натыйжалуу болгон, ал эми Пабылдын денедеги тикенеги оору болгон. Чындыгында, Сөз абдан эле жөнөкөй. Ал эмне деп айтылса, ошону билдирет. Бирок, Падышачылыктын пайдубалы – бул башка бардык эшиктерди ача турган биринчи башкы ачкыч.

## Мына дагы бир негизги ачкыч:

### Мыйзамдар өзгөрбөйт!

Таш ыргытса, ал кулап түшөт. Ал канча жолу кулайт? Ар бир жолу! Тартылуу мыйзамына ылайык, силер ар дайым бирдей жыйынтыкка ээ болосуңар. Кудайдын Падышачылыгында да ушундай болот.

## 5–БӨЛҮМ

# БАСКАНГА КАРАГАНДА, УЧКАН ЖАКШЫ

Жөө басууга караганда, учкан жакшы! Мен бул бөлүмдү Канададагы жайкы үйүбүздөн самолетум менен үйгө кайтып келе жатып, жерден 23 000 фут бийиктикте саатына 250 миль (450км,с – болжолдуу котормо) ылдамдыкта учуп баратканда жаздым. Көп жылдар бою биз Огайо штатындагы үйүбүздөн Канадага машина менен сапар алчубуз. Ал жакка жетүү үчүн, отуз бир сааттык тажатма жол талап кылынат. Эртеси ошол жакка жетүү үчүн, түнү бою машине айдап барууга туура келчү. Бир нече жолу түнү менен токтоп, эс алып, анан эки күн жол жүрдүк. Бирок, эки жумалык эс алуунун төрт күнү жол жүргөнгө кеткени, бул өтө эле көп. Ал жерге келгенде мен абдан чарчап калдым, өргүүнүн (отпусканын) аягында кайрадан Огайога кайтууга туура келди.

Мен ар дайым учактарды жакшы көрчүмүн, он тогуз жашымда учкучтук күбөлүгүмдү алгам, бирок өзүмдүн учагыма ээ болом деп ойлогон эмесмин. Өзүңөр карап көрсөңөр, учактардын баасы жөнүндө ойлонуп көрдүңөр беле? Бирок, Падышачылык жөнүндө көбүрөөк билген сайын, «жок» деп учакты өзүмдөн алыстатып, кайырчыдай болуп ойлоп жүргөнүмдү түшүндүм. Учурда менин эки учагым бар, биринде көңүл ачуу үчүн учам (бул менин биринчи

учагым), экинчисин иштер боюнча учууга колдоном. Мурунку бөлүмдө “жок” деген сөзгө багытталган тарбиябыз кыялданууга, мүмкүнчүлүктөрдү көрүүгө жол бербейт деп жазган элем. Биз аларга мүмкүнчүлүк бербей эле, өзүбүздү алардан жабабыз.

Буга чейин учак сатып алууну ойлогон эмесмин. Бул кантип болушу мүмкүн экенин элестете да алган эмесмин. Бир нече жыл катары менен учактарды ижарага алдым. Бирок, мен Падышачылыктын мыйзамдарын изилдеп, жашоомдо анын иштешин көрсөткөн окуяларды көрүп, Кудайга ишене, өзүмдүн менчик самолетум болот деп чечтим. Ал кезде сатып алганга каражатым жок болчу, бирок квитанцияны алып, эскертүүлөр бөлүмүнө “самолет үчүн” деп жазып койгом. Мен каалаган учактын түрүн так белгилеп койдум. Жубайым экөөбүз бул чекти Марктын Жакшы Кабарында жазылгандай, Падышачылыкка септик (Марк 11:24), сыйынганыбызда аны алдык деп ойлодук. Теңир мага бул окууну Падышачылыктын окууларынын эң башында эле көрсөткөн. Мен муну өмүрүмдө көп жолу көргөм.

Бир нече жумадан кийин мен милдеттүү түрдөгү медициналык текшерүүдөн өтүп жаткам, доктур мага кокусунан мындай деди:

– Баса, учак сатып алууга кызыккандарды билесизби?

Мен таң калдым, анткени буга чейин мага мындай суроону эч ким берген эмес.

– Кандай учак? – деп сурадым.

Ал кандай учак жөнүндө айтып жатканын түшүндүрө баштады жана эгер мен аны карап көргүм келсе, ал жергиликтүү аэропортто токтоп турганын кошумчалады. Таң калыштуу, мен ушул учакка сепкем да! Аэропортко барып карасам, абалы жакшы экен. Бирок, бир көйгөй бар эле: бул учакты сатып алууга акчам жок болчу. Дарыгерге мен ага абдан кызыгам, кийинчерээк байланышам деп айттым.

Бир–эки жумадан кийин мага таандык имараттын жанындагы атамдын ресторанында иштеген агам чалды. Мен ал имаратты агам чакырганга чейин бир нече ай мурун, күздүн аягында сатып

алгам жана аны каржылык кызмат көрсөтүүчү компаниям үчүн кеңсе катары колдонууну пландаштыргам.

Ал менин максаттарым үчүн зарыл болгон коммерциялык имараттын талаптарына жооп бербейт, ошондуктан мен аны кайра курууга туура келет деп билдим. Пландарды түзгөн куруучу менен байланышып, келишим түздүк. Бирок, биз долбоордун башталышын аба ырайына байланыштуу жазга калтырууну чечтик. Имаратты толук реконструкциялоо талап кылынган.

Имараттын мурунку кожоюну андагы сууну кышкыга өчүрүп койгондуктарын айтты, мен карап да койгон жокмун. Агам февралдын аягында абанын температурасы көтөрүлүп, кар эрий баштаганда телефон чалды. Ал менин имаратымдан көчөгө суу агып жаткандыгын, ал урап калганын айтты. Бул эмнени билдирерин экөөбүз тең билебиз: мурунку кожоюндун айтканындай болуп суу өчүрүлбөй калган. Албетте, зыяндын көлөмүн текшергенимде, үстүнкү кабаттагы ваннадагы бардык түтүктөр, ошондой эле, ылдыйдагы ванна менен ашканадагы түтүктөр жарылып, имаратты суу каптап кеткен. Бардык гипсокартон тосмолору, шыптары жана дубалдары кулап түшкөн.

Башында бул кырсыктай сезилгени менен, кайра курууну ойлогондо, биз бардык тосмолорду алып, жаңы бөлмөлөрдү курууну пландаганбыз. Сырткы жасалгасын да өзгөртүү керек болчу. Ошондуктан, чындыгында суу имаратка такыр зыян келтирген эмес. Так ошол толугу менен кайра курууну пландаштырган жерлерге зыян келтирилген. Бирок, мен бул имаратты сатып алгандан кийин аны камсыздандыруудан өткөргөн элем. Камсыздандыруу компаниясы мага келтирилген зыяндын ордун толтурду. Мага чек жазышканда, туура, самолет сатып алганга жетиштүү болду. Бул «Чоорчу жоокер» деген самолет башкарууга оңой эле жана мен анда учканды жакшы көрөм. Аны абага алып чыккан сайын, өзүмдүн жеке учагым менен учкан кандай сонун экенине таң калам. Жыйырма жыл өтсө да, ал менде али бар.

Бул окуяда болгон укмуштуудай окуяларга карабастан, мен силерди эмне болгонун туура эмес ойлогон бойдон калтыргым келбейт. Бул окуядагыдай окуялар дайыма эле боло бербейт. Кудай силерди учактын акысын толугу менен төлөө үчүн акча табуу мүмкүнчүлүгүнө алып келиши мүмкүн же силерге жакшы арзандатуу сунушталышы мүмкүн. Качан силер Падышачылыкка сепкенде, Кудай силерге түшүмдү жана аны кантип оруп алуу планын көрсөтөт деп ойлошуңар керек. Экинчиден, силердин ичиңерде өсүп жаткан ишенимиңердин жана жөндөмүңөрдүн чегинде калуу маанилүү. Кудай автокредитти кантип төлөш керек экенин көрсөтсө, алар алдыга кетип, бир триллион доллар сепсе болот деп ойлогон адамдарды жолуктурдум. Силерде триллион доллар алууга ишеним жетишсиз! Өзүңөр турган жерден баштагыла, Падышачылыктын мыйзамын колдоно баштагыла Падышачылыктын мыйзамдарына болгон ишенимиңерди жана Кудай силерге көрсөткөн нерсени кабыл алуу жөндөмүңөрдү бекемдей баштагыла.

Мен силердин маанисин түшүнгөнүңөрдү каалайм. Учкучтук күбөлүгүмдү алгандан кийин жыйырма жыл өткөндө гана самолетумду сатып алдым. Кандай деп ойлойсуңар, Падышачылыктын мыйзамдары ушул жыйырма жыл бою күчүндө болдубу? Албетте. Ооба. Менин түшүнүгүм, тагыраагы, түшүнүгүмдүн жоктугу өзүмдү учактын ээси катары көрүүгө мүмкүнчүлүк берген эмес.

Адам баласы миңдеген жылдар бою канаттуулардын учушун байкап келет; көтөрүлүү мыйзамынын таасирин күндүзү күн сайын ар ким көрө алмак, бирок аны эч ким көргөн эмес. Эмнени көрбөй жатасыңар? Ойлонуп көргүлө.

Алгачкы күндөрү Кудай мага Падышачылыктын камсыздоосун билүү менен тынчтыкты кантип табууга болору жөнүндө Ыйык Китептеги аятты көрсөткөн.

> *Теңирдин батасы байытат, өзү менен кошо кайгы алып келбейт.*
>
> – Накыл Сөздөр 10:22

Ыйык Китептин бул аяты бизди Башталыштагы жогоруда келтирилген аяттарга жана принципке алып барат.

> *...сенин айыңан жер каргышка калды. Сен эми өмүрүң өткөнчө жерден азап менен азыктанасың. Жер сага тикенек, отоо чөп өстүрүп чыгарат. Талаа өсүмдүктөрү менен азыктанасың. Өзүң алынган жерге кайра барганыңча, маңдай териң менен нан таап жейсиң, анткени сен топураксың, топуракка кайра барасың.*
>
> – Башталыш 3:17–19

Адам ата Падышачылыктан ажыраганда, Падышачылыктын кам көрүүсүнөн ажырап,эптеп аман калуу үчүн өз күчүн жумшоого туура келген. Бирок, силер жана мен билгендей, жалаң азаптуу эмгек жана маңдай тери менен гана эңсеген эркиндикке жетүү мүмкүн. Бирок, жакшы кабар бар! Ыйса жакырларга Жакшы Кабар таратуу үчүн келген!

> *Теңирдин руху Менде, анткени Теңир Мени жакырларга жакшы кабар таратууга майлады.*
>
> – Ышайа 61:1

Ыйса жакырларга Жакшы Кабар айтуу үчүн жиберилген. Жакырлар үчүн кандай жакшы жаңылык болушу мүмкүн? Бул жөнөкөй эле, алар жердин каргышка калган камсыздоо системасынын жетишсиздиги жана жакырчылык менен байланбашы керек. Ишенип койгула, шектенүү жана стресстен башка эч нерсеси жок жашап өткөн же эптеп тирүү калган тогуз жыл, бул аят мен үчүн жакшы кабар болду. Бул сөздөр чындап эле түз мааниге ээ болгонбу? Анткени, анда Теңирдин батасы чындап эле жашообузга байлык алып келет деген тике маанини камтыса абдан жакшы болмок. Мен мунун чын–төгүнүн билип, аны жашоомдо колдонушум керек болчу. Бир чети маңдай тер менен азаптуу эмгектин каргышы эптеп аман калууга гана ырыскы алып

келгенин, ал эми аман калуу эле жетишсиз экенин түшүндүм. Мен баарынан да бул каргыштан кутулууну кааладым, бирок аны жашоомдо кантип ишке ашырарымды билбей жаттым. Менин оюмча, канчалаган машайакчылар ушинтип жашайт: Кудайдын убадаларын окуп, бирок аларды кантип жекелештирүү керектигин жана алардын жашоосунда кантип иштегенин билишпейт.

Мен бул маселени изилдей баштаганда жана Теңир мага Падышачылыктын принциптерин түшүнүүгө багыт бергенде, Ыбрайымдын канчалык бай экенин көрдүм. Токто! Жердин каргыш системасы жөнүндө эмне айтууга болот? Ал аны кантип жеңе алды?

*Ыбрам малга да, күмүшкө да, алтынга да аябай бай эле.*

– Башталыш13:2

Ал байыды, жок, Ыйык Китепте айтылгандай, ал абдан байыды. Бирок, кантип? Силер:

– Ал жөн эле Ыбрайым эле, – деп айтаарсыңар.

Жок, кеп анда эмес. Кеп так ушул Падышачылыктын мыйзамын түшүнүшүңөр керектигинде. Мыйзамдар силердин ким экениңерге маани бербейт. Аларда бет карамалык жок. Эгер кимдир бирөө Эмпайр Стэйт Билдингдин чатырынан парашютсуз секирип кетсе, ал адам канчалык чоң болобу, кичине болобу, жыйынтыгы баарына белгилүү. Тартылуу мыйзамы дайыма иштейт. Ыбрайым жер бетиндеги каргышка карабай, кантип ийгиликке жетишкен? Анын тарыхында табыла турган илинчектер барбы? Жооптун бир бөлүгү Башталыш китебинин 12–бөлүмүндө камтылган. Анда Кудай кийинчерээк Ыбрайымга айланган Ыбрамга өзүнүн жана анын урпактарынын жашоосу тууралуу убада берген.

*Теңир Ыбрамга мындай деди: «Өз жериңен, өз туугандарыңан, атаңдын үйүнөн бөлүнүп чыгып, Мен көрсөткөн жерге бар. Ошондо Мен сенден улуу эл*

*чыгарам, сага батамды берип, атыңды даңазалайм, сен аркылуу башкалар бата алышат. Сага бата бергенге Мен батамды берем, сени каргаганды Мен каргайм. Жер жүзүндөгү бүт элдер сен аркылуу бата алышат»***.**

**–** Башталыш 12:1–3

Ыбрайымга берилген убада анын ишениши жана Кудайга баш ийүүсү менен шартталган. Кайда барарын билбей туруп, тааныш чөйрөнү таштап кетүү үчүн, чоң ишеним керек болчу.

*Ишеними аркылуу Ыбрайым мураска ала турган өлкөгө кетүү жөнүндөгү чакырыкка баш ийип, кайда барарын билбесе да, жолго чыккан.*

– Эврейлерге 11:8

Демек, биз Кудай жер чөйрөсүнө мыйзамдуу жолду Өзүнө ишенген адам аркылуу тапканын көрөбүз, атүгүл бул эч кандай мааниси жоктой сезилген. Ыбрайымдын ишеними аркылуу Кудай ага батасын берген. Бирок, кийинчерээк, Ыбрайымдын ишениминин аркасында Кудай аны менен мураскорун камтыган келишимин түзгөн. Бул бир кызыктай деп ойлобогула. Эсиңерде болсун, шайтан биринчи жолу жер чөйрөсүнө ушундай жол менен кире алган. Адам мыйзамдуу болгон. Эврейлерге жазылгандагыдай (2:7, 8), тынчтыктын күчү, бүткүл жер жүзүнүн үстүнөн бийлик жүргүзүүгө мыйзамдуу болгон тынчтыктын күчү Кудайга эмес, шайтанга ишенүүнү чечкен.

Асмандын таасирине мыйзамдуу эшигин ачкан ишеними Ыбрайымдын жашоосунда аны чоң ийгиликке жетишүүгө жардам берген. Бул жыргалчылык анын мураскорлоруна дагы жайылды. Мен бул теманы тереңирээк изилдеп жүрүп, Ыбрайымдын чөбөрөсү Жусуп жөнүндө окудум. Мен укмуштуудай мисал таап, Падышачылык деген эмне экенин жана анын кантип иштээрин Накыл сөздөр 22–аяттын 10–бөлүмүндө так ушул жөнүндө айтып жатканын түшүндүм.

Алгач Жусуптун бир туугандары аны жек көрүп, ал жерлерден көп өтүүчү кул соодагерлери аркылуу аны кулчулукка сатып жиберишкенин эстесеңер. Алар Жусупту Мисирге алып барып, фараондун сакчыларынын башчысы Потифарга сатышты. Кийинки текстте мен бул табышмактын маанилүү бөлүгүн таптым, ал мага Ыбрайымдын укмуштуудай деңгээлде ийгиликке жетүү жөндөмүн түшүнүүгө жардам берди.

> *Жусуп болсо Мисирге жеткирилди. Аны алып келген Ысмайыл уулдарынын колунан фараондун сарай кызматчысы, сакчылардын башчысы, мисирлик Потипар сатып алды. Теңир Жусуп менен болду. Ал иштеринде ийгиликке жетти, мисирлик мырзанын үйүндө жашады. Теңир Жусуп менен экенин, кандай иш кылбасын, Теңир анын колуна ийгилик берип жатканын мырзасы көрдү. Ошентип, Жусуп мырзасынын алдында ырайым таап, ага кызмат кылып жүрдү. Ал Жусупту өз үйүнө башкаруучу кылып койду, өзүнүн колундагысынын баарын ага тапшырды. Ал Жусупту өзүнүн үйүнө, колундагысынын баарына башкаруучу кылып койгондон тартып, Теңир Жусуп үчүн мисирлик мырзанын үйүнө батасын берди. ТЕҢИРДИН БАТАСЫ АНЫН ҮЙҮНДӨГҮ ЖАНА ТАЛААСЫНДАГЫ БАРДЫК МАЛ–МҮЛКТҮН ҮСТҮНДӨ БОЛДУ. Ошентип, ал колундагысынын баарын Жусупка тапшырды. Анын барында ал жеген нанынан башка эч нерсе менен иши болбоду. Жусуп болсо келишимдүү, сулуу жигит эле.*
>
> – Башталыш 39:1–6

Бул аяттарда Жусуптун гүлдөп–өсүшүнө Теңирдин батасы себепкер болгондугу ачык айтылган. Бирок, Теңирдин батасы эмнеде болгон же бүгүн эмнеде? Мен кеп көптүн бири эмес, белгилүү бир бата жөнүндө болуп жатканын байкадым. Кереметтүү бир нерсе болгондо, баарыбыз «бул ак бата болду»

деп айтабыз. Бирок, бул үзүндү жакшы окуя жөнүндө гана эмес. Кеп белгилүү бир «бата» жөнүндө болуп жатат.

Мен «Теңирдин батасы» Кудай менен Ыбрайымдын жана анын мураскорлорунун ортосундагы келишим экенин түшүндүм. Башка сөз менен айтканда, «бата» бул келишимде Ыбрайымга берилген убадалар болгон. Юридикалык келишим эки тараптын тең укуктарын жана милдеттерин камтыйт, бирок алардын ар биринин пайдасын санайт. Бул учурда Ыбрайымга берилген убадалар да келишимдин кошумча пайдасы болгон. Пайдадан ырахат алыш үчүн, миллдеттенмелер бар эле – Теңирдин көрсөтмөлөрү менен мыйзамдарын аткаруу. Мен ошондой эле, Жусуп эмнени мыйзамдуу түрдө өз карамагына киргизсе, ал убада жана пайда чөйрөсүнө кирип, пайда алып келгендигин ачык көрдүм.

Ошондо Накыл сөздөр 10–бөлүмдүн 22–аяты мага түшүнүктүү болду. Кудайдын Ыбрайымга мыйзамдуу келишим катары берген убадалары жердин каргышка калган жакырчылык системасын талкалаган. Ыбрайымга берилген «Бата» качандыр бир кезде Кудай адам үчүн каалаган, мыйзамдуу түрдө Өз кулуна жана анын укум–тукумуна гүлдөп–өсүү жана таасир этүү үчүн батасын берүүгө Кудайга мүмкүнчүлүк берген. Келгиле, Накыл сөздөр 10:22ни окуйлу, менин кашаадагы түшүндүрмөмө көңүл буралы.

## Негизги ачкыч:

### «Теңирдин батасы [Ыбрайымга берилген убадалары] байытат жана өзү менен бирге кайгы алып келбейт».

«Өзү менен бирге кайгы алып келбейт» деген сөз айкашы жердеги каргышка калган түзүлүштү билдирет (Башт. 3:17). Эврей тилинде кайгы деген сөз да «оор эмгек» дегенди билдирет! Силер түшүнүп жатасыңарбы? Адам Ыбрайымга берилген убадалар аркылуу жер бетиндеги эмгектин жана тердин каргышынан кутула алат. «Бул убадалар бир гана Ыбрайымга жана анын тукумуна

берилген» деп ойлогонуңарды билем. Ооба, бирок мен силерге дагы бир библиялык текстти көрсөтөйүн.

> *Ыбрайымга берилген бата Ыйса Машайак аркылуу бутпарастарга да берилиши үчүн жана биз ишеним аркылуу убадаланган Рухту алышыбыз үчүн, Машайак биздин ордубузга каргышка калып, бизди мыйзамдын каргышынан кун төлөп куткарып алды. Анткени Ыйык Жазууда: «Жыгачка асылган ар бир адам каргышка калган», – деп жазылган.*
>
> – Гал. 3:13,14

Ошентип, Ыйса Машайакка ишенген биз ишеним аркылуу Ыбрайымга берилген батага ортоктош болобуз. Ыбрайымга кандай бата берилген? Убадалардын тизмеси Мыйзам кайталоо китебинин 28–бөлүмүндө келтирилген.

> *Эгерде сен мен бүгүн берип жаткан Анын осуяттарынын бардыгын так аткарып, Кудай–Теңириңдин үнүн угуп, тил ала турган болсоң, Кудай–Теңириң сени бардык элдерден жогору коёт. Эгерде Кудай–Теңириңди уксаң, анда Ал сага мына бул баталарды берет, сен ушул баталарды аласың. Теңир сага шаарда да, талаада да батасын берет. Теңир сенин укумдап–тукумдап көбөйүшүңө, түшүмүңө, малыңдын, бодо малыңдын, койлоруңдун төлүнө батасын берет. Теңир сенин кырмандарың менен кампаларыңа батасын берет. Теңир сага киргениңде да, чыкканыңда да батасын берет. Теңир сага каршы чыккан душманды кырып жок кылат. Алар сага каршы бир жол менен келип, сенден жети жол менен качып кетет. Теңир сенин кампаларыңа, бардык иштериңе батасын берет. Кудай–Теңириң Өзү берип жаткан жерде сага батасын берет.*

*Эгерде сен Кудай–Теңириңдин осуяттарын аткарсаң, Анын жолу менен жүрсөң, Өзү сага убада бергендей, сени Өзүнүн ыйык эли кылып алат. Сен Теңирдин ысымы менен аталып жатканыңды жер жүзүндөгү бардык элдер көрүп, сенден коркуп калышат. Теңириң Өзү ата–бабаларыңа убада кылып, сага берген жерде сени укумдатып–тукумдатып көбөйтөт, малыңдын төлүн, жериңдин түшүмүн, бардыгын мол кылат. Теңир сенин жериңе өз убагында жамгыр берип туруш үчүн, сенин иштериңе батасын берип туруш үчүн, Өзүнүн берекелүү казынасы болгон асманын ачат. Ошондо сен көп элге карыз бересиң, өзүң карыз албайсың. Эгерде сактагыла жана аткаргыла деп, мен бүгүн берип жаткан Кудай–Теңириңдин осуяттарын аткарсаң, Теңир сени куйрук эмес, баш кылат, төмөн жакта эмес, жогору жакта болосуң, бөлөк кудайлардын артынан ээрчип, ага табынбашың үчүн, мен бүгүн силерге берип жаткан осуяттардан оңго да, солго да бурулба.*

– Мыйзам Кайталоо 28:1–14

Бул убадалардын баары Байыркы Келишимде камтылган болсо да, силер азыр алардан ырахат ала аласыңар. Бир гана айырмасы, Байыркы Келишимде адамдар аларга өз иштери аркылуу жетсе, Жаңы Келишимде биз аларга Ыйса Машайакка болгон ишеним аркылуу жетебиз. Биз, бутпарастар, кыйыштырылгандарбыз, эми Ыйса Машайак аркылуу «Ыбрайымдын батасы» бизге да таандык. Бирок, бизде Ыбрайымдын рухий батасы гана эмес, жогорудан кайра төрөлүү рухий батасы да бар. Бизде азыр Ыбрайымдын жердеги физикалык батасы, ошондой эле асмандын түбөлүк батасы бар жана Ыйык Рух чындап эле Кудайдын уулдары жана кыздары катары бизде жашайт. Эсиңерде болсун, уул–кыздар гана мурас алышат, кулдар ала албайт. Ыбрайым Кудайды канчалык сүйбөсүн, жогорудан төрөлбөй туруп, анын ичинде Ыйык Рух

жашамак эмес жана ал бейишке кире алмак эмес. Албетте, ал асманга Ыйса күнөө үчүн кун төлөгөндөн кийин ээ болгон.

Азыр мен Ыйык Китептин Накыл сөздөрүнүн аятында Кудайдын батасы байытат жана өзү менен бирге кайгы алып келбейт деген эмнени билдирерин түшүндүм. Эврей тилинен которгондо *кайгы* «оор эмгек» дегенди билдирет, азыр менин түшүнүгүмдө бул маңдай тер менен азаптуу эмгектин жердеги каргышка калган системасын билдирет. Мыйзамдын 28–бөлүмүндө жазылган бул батанын артыкчылыгы, менин гүлдөп–өсүшүм керектигин ачык эле көрсөттү. Бул убадалардын мааниси менин куйрук эмес – баш, карызкор эмес – кредитор болушум керектигине камтылган. Бул Кудайдын ар бир баласынын мыйзамдуу укугу. Мен да Жусуптай болуп, Кудайдын батасына ээ болуп, ийгиликке жетишим керек. Мен да Кудайдын Падышачылыгынын мурасына ээмин. Уул катары мунун баары меники.

Башталыш китебинин 39–бөлүмүндөгү Жусуптун окуясын кайра карап чыкканымда, Потипардын көңүлүн бурган Жусуптун ийгилиги экенин, бул көзгө көрүнөрлүк ийгилик экенин жана бул дүйнө элдеринин көңүлүн буруп, аларга Кудайдын элиндеги айырманы көрүүгө мүмкүнчүлүк бериши керек экенин даана көрдүм.

> *Сен Теңирдин ысымы менен аталып жатканыңды жер жүзүндөгү бардык элдер көрүп, сенден коркуп калышат. Теңириң Өзү ата–бабаларыңа убада кылып, сага берген жерде сени укумдатып–тукумдатып көбөйтөт, малыңдын төлүн, жериңдин түшүмүн, бардыгын мол кылат.*
>
> – Мыйзам Кайталоо 28:10,11

Мен Ыйык Китептеги Башталыш китебинен дагы бир маанилүү ойду байкадым жана аны силерге көрсөткүм келет. Мына, Потипар жөнүндө мындай деп айтылат: «Ошентип, ал колундагысынын баарын Жусупка тапшырды. Анын барында ал жеген нанынан башка эч нерсе менен иши болбоду» (Башт. 39:6). Мен түшүндүм!

Бул биз айтып жаткан тынчтыктын мисалы. Потипар жеген нанынан башка эч нерсеге тынчсызданбады. Бул үйүнө алып келген Жусуптун ийгилиги, «Теңирдин батасы» Потипарга эптеп аман калууга эмес, өз тапшырмасына көңүл бурууга мүмкүндүк берген натыйжаларды бергенин билдирет!

Көп жылдардан бери Дренда экөөбүздүн мындай сөз айкашыбыз бар: «Акча маселесин чечмейинче, максатыңды таба албайсың» жана силер өзүңөрдүн ким экениңерди билбей каласыңар. Силер эч качан өз ордуңарды, өзүңөр кумарданган нерсени таба албайсыңар жана эч качан чындап канааттанууну сезбейсиңер. Силердин бардык чечимдериңер акча табуу менен гана эмес, эптеп аман калуу үчүн акча иштеп табуу боюнча гана кабыл алынат. Бул жерде болсо, биз Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө эч нерсе билбеген Потипарга «Теңирдин батасынын» тийгизген таасирин көрөбүз. Ал Жусупту бардык мүлкүнө башкаруучу кылып койгондо, анын түйшүгү Жусуп түзгөн келишимге кирди. Бул которуу өткөрүүнү 39 – бөлүмдүн 5– аятынан даана көрө аласыңар.

> *Ал Жусупту өзүнүн үйүнө, колундагысынын баарына башкаруучу кылып койгондон тартып, Теңир Жусуп үчүн мисирлик мырзанын үйүнө батасын берди. Теңирдин батасы анын үйүндөгү жана талаасындагы бардык мал–мүлкүнүн үстүндө болду.*
>
> – Башталыш 39:5

Бул жерден биз жер бетинде болгон нерселер жана жердин каргышка калган системасына баш ийип жаткан нерселер кантип Кудайдын Падышачылыгынын юрисдикциясына кирип, олуттуу өзгөрүүлөр болуп жатканын көрөбүз. Карап көрөлү: эгер Кудай Өзүнүн даанышмандыгы менен жардам кылып, туура чечимдерге багыт берип, мүмкүн болуучу коркунучтарды эскертсе, анда ар бир адам ийгиликке жете алат! Силер түшүнөсүңөрбү? Теңирдин батасы силерге таандык!

Теңир мага Падышачылык жөнүндө үйрөткөндө жана мен бул маселени изилдеп жатканда, бүгүн мен тааныган көптөгөн машайакчылар төлөмдөрүн төлөө үчүн күрөшүп жатканда, Жусуп эмне үчүн бул батадан улам укмуштуудай ийгиликке жеткенине таң калдым. Толук каржылык эркиндик көп адамдар үчүн ойго келбегендей сезилет. Байыркы Келишимге салыштырмалуу, биз жакшы убадаларга негизделген, жакшыраак келишимде жашайбыз го. Мен Теңирдин батасын так түшүнсөм да, ал мага керектүү жоопторду кантип алып келгенин дагы деле так билбейт элем, бирок мен үйрөнүүнү улантып, эркиндиктен ырахат алдым, анткени Кудай мага үйрөткөн нерселердин бардыгын колдоно баштадым жана эксперимент кыла баштадым.

Андан кийин мен Жаңы Келишимге көңүлүмдү буруп, Кудайдын Падышачылыгы жагдайларды жана кырдаалдарды кантип өзгөрткөнүн көбүрөөк билүү үчүн, Ыйсага жана Анын кызматына көңүл бурдум.

> *Ыйса Генисарет көлүнүн жээгинде турган эле. Кудайдын сөзүн угуш үчүн, Анын жанына эл үйүлүп калды. Ал көлдө турган эки кайыкты көрдү. Кайыктан түшкөн балыкчылар болсо торлорун жууп жатышкан. Эки кайыктын бири Шымондуку эле. Ыйса анын кайыгына түшүп, андан жээктен бир аз нарыраак сүзүп баруусун өтүндү. Анан Ал кайыкка отуруп алып, элди окута баштады. Ал сөзүн бүткөндөн кийин, Шымонго: «Көлдүн терең жерине сүзүп барып, торлоруңарды салгыла», – деди. Шымон Ага: «Устат, биз түнү бою эмгектенип, эч нерсе кармай алган жокпуз. Бирок Сен айтып жаткан соң, торду салайын», – деди. Алар торду салып, абдан көп балык кармашты. Балыктын көптүгүнөн тор айрыла баштады. Ошондо алар кол булгап, экинчи кайыктагы жолдошторун жардамга чакырышты. Алар келип, балыктарды салышканда, эки кайык тең толуп калды.*

*Кайыктар чөгө баштады. Муну көргөн Шымон Петир Ыйсанын бутуна жыгылып: «Теңир, менин жанымдан кет. Анткени мен күнөөкөр адаммын», – деди. Анткени ушунча көп балык кармагандарынан улам, аны жана анын жанындагылардын баарын коркунуч басты. Шымондун достору болгон Зебедей уулдары Жакып менен Жакан да коркуп кетишкен эле. Ошондо Ыйса Шымонго: «Коркпо, мындан ары адамдарды кармайсың», – деди. Алар эки кайыкты тең жээкке чыгарышты да, бүт баарын таштап, Ыйсанын артынан ээрчип жөнөштү.*

– Лука 5:1–11

Бул жерде Кудайдын Падышачылыгы үч балыкчынын жашоосунда бир күнү эртең менен каргышка калган жердеги түзүлүштү кантип жок кылганы тууралуу баяндалат. Текстти окуп жатып, Петир, Жакып жана Жакан түнү бою балык кармап, эч нерсе кармабаганын түшүнөсүңөр. Адаттагыдай, каргыш тийген жердеги эмгек системасы боюнча, маңдай терин төгүп, алар өз эмгеги үчүн эч нерсе алышкан эмес. Бирок, Ыйса Кудайдын Падышачылыгы жана Анын аракети менен келгенде, ошол эле балыкчылар ушунчалык көп балык кармашкандыктан, кайыктары чөгүп кете жаздаган!

Токто! Келгиле, эмнени окуганыбыз жөнүндө ойлонуп көрөлү. Эки кайык чөгүп кете жаздагандай түшүмгө айланган кандай балык? Адамдар бул окуяны окушат, жүздөгөн жылдар бою окуп келишет, бирок, мындай нерсе алардын башына да келиши мүмкүн деп ойлобой эле, түшүнбөстөн эле окуй беришет. Эмнеге? Жооп адатта мындай болот: Ыйса ошол жерде болгон жана ал керемет жасаган. Марк 6 дагы окуя эсиңердеби? Ыйса адамдарды ишенбестиктен айыктыра албаган, себеби Падышачылыктын юрисдикциясы жок болчу? Асман мындай кырдаалда иш–аракет кылардан мурун кимдир бирөө асмандагы юрисдикцияны бериши керек.

**Шымон мындай деп жооп берди: Устат! Биз түнү бою эмгектенип, эч нерсе кармай алган жокпуз, бирок Сенин сөзүң менен торду түшүрөм».**

Петир асман менен макул болгон, асмандын бул окуяда мыйзамдуу мүмкүнчүлүгү бар болчу. Биз дагы бир жолу Кудайдын Падышачылыгы тарабынан өзгөртүлгөн жер шарын көрөбүз. Адамдар миңдеген жылдар бою канаттуулардын учуп жатканын көрүп келген, бирок алар да уча аларын түшүнүшкөн эмес, ошондуктан эч качан аракет кылышкан эмес. Ошол сыяктуу эле, бүгүнкү күндө Ыйсанын жолдоочулары бош торлорду көтөрүүнүн кереги жок экенин түшүнүшпөйт, анткени алар жашоодо ийгиликке жетүүгө жардам бере турган асмандагы күчкө ээ болушат. Мен бул жерден көрүшүңөрдү каалайт элем, ошол эле эч нерсе кармай албаган адамдар, анан балыктын оордугунан кайыктары чөгүп кеткидей деңгээлде балык кармашканын көрүшүңөрдү каалар элем!

Досум, айырма Падышачылыкта эмес, адамдарда. Силер дайыма кыйынчылыкта болуп жана эч качан, эч нерсе болбогондуктан, келечегиңер жок деп ойлошуңар мүмкүн. Бирок, чындыгында, жашооңорду ийгиликтүү окуяга айландыруу үчүн, силерге Падышачылык гана керек. Ооба, силер өзүңөрдүн милдетиңерди аткарышыңар керек. Шакирттер балык уулоого барыш керек болчу — алар торлорун текшерип, кармоого даярданышы керек болчу, бирок Кудай аларга балык кармай турган жерди көрсөтсө, аны ким болсо да кармай алмак.

Уксаңар, маңдай териңер менен азаптуу эмгектин каргышка калган жердик системасы мындай жыйынтыкка алып келбейт. Кыялдарыңарды ишке ашыруу үчүн жетиштүү ылдам же узакка чуркай албайсыңар. Кудай силердин тиштериңерди кычыратып, өз күчүңөр менен баарына жетишиңерди каалаган эмес.

Биз Кудайдын Падышачылыгынын мыйзамдарына жана убадаларына кошулганда, басуунун ордуна уча алабыз. Мага башкача айтканга уруксат бергиле. Тартылуу мыйзамы дагы деле күчүндө болсо да, биз башка мыйзам, көтөрүлүү мыйзамы

боюнча учуп, жаңы жашоо образынан ырахат алабыз.

Эсиңерде болсун, силер Машайакка келгенде, Кудайдын Падышачылыгынын мүчөсү болосуңар. Жаран катары мыйзамдуу укуктарга ээ болосуңар, уул же кыз катары силер мураска укугуңар бар экенин билесиңер. Силердин мыйзамдуу укуктарыңар жана артыкчылыктарыңар силерди жер бетиндеги жакырчылыктын, оорунун жана ийгиликсиздиктин каргышка калган системасынан жогору көтөрөт.

Өмүр бою кул болгон ысрайылдыктар үчүн Ыйык Китептин төмөнкү аяты кандай угулганын элестетсеңер. Анын үстүнө ал эсине келгени кулчулуктан башка эч нерсени билчү эмес. Муса Ысрайыл уулдарын убадаланган жерге алып барганда, ал төмөнкү сөздөрдү айтты:

> *Кудай–Теңириң ата–бабаларың Ыбрайымга, Ыскакка, Жакыпка берем деп убада кылган жерге сени алып барганда, СЕН КУРБАГАН чоң жана кооз шаарларды, сен жыйнабаган байлыкка толгон үйлөрдү, сен казбаган кудуктарды, сен тикпеген жүзүмзарларды, сен отургузбаган зайтун дарактарын берет. Сен алардан тойгончо жейсиң. Ошондо байкагын, сени Мисир жеринен [башка падышачылыктан], КУЛЧУЛУКТАН [кулчулук падышачылыктары]алып чыккан Теңирди унутпа.*
>
> – Мыйзам. 6:10–12
>
> (Кашанын ичиндеги белгилер автордуку)

Мурдагы кулдар катары, алар бир нерсеге жетүүнүн бирден–бир жолу талыкпай тер төгүп иштөө экенин билишкен. Бирок, бул жерде Кудай аларга өз эмгеги менен керектүү нерсени ала албай турганын айтып жаткан. Бул алар эми эч качан кайра иштөөгө туура келбейт дегенди билдирбейт, бирок бул алардын жашоо үчүн эмгекти талап кылган системага байланбай турганын билдирген. Кудай аларды Ал жетектеп жаткан жерде ийгиликке жетерин айтат.

Бул бөлүмдү аяктар алдында өзүмдүн оюмду далилдөө үчүн, дагы бир окуяны айтып берүүгө уруксат эткиле. Дренда экөөбүз чындап эле унаага анчалык жакын эмеспиз.

**ЖАШООҢОРДУ ИЙГИЛИК ТАРЫХЫНА АЙЛАНДЫРУУ ҮЧҮН, СИЛЕРГЕ КЕРЕК БОЛГОН НЕРСЕ – БУЛ ПАДЫШАЧЫЛЫК.**

Кээ бир адамдар унааларды жакшы көрүшөт жана алар жакшы көргөн бардык бренддер жөнүндө айтып бере алышат. Эмнегедир биз эч качан унаага отурчу эмеспиз. Мени туура эмес түшүнүп албагыла. Биз кооз нерселерди жакшы көрөбүз, бирок биз эч качан белгилүү бир маркадагы машине алгыбыз келет деп айткан эмеспиз. Адатта, биз машина сатып алып, аны он жыл же андан көп айдачубуз. Албетте, биз анын абалын кылдаттык менен көзөмөлдөйбүз жана ал эч качан эски көрүнбөйт, бирок биз үчүн эң негизгиси – бул ишенимдүү жана сырткы көрүнүшү жакшы болушу эле.

Бирок, бир нече жыл мурун биз жыйыныбызда өткөргөн конференция үчүн эки “эскалейд» машинасын ижарага алганбыз. Алар конокторду тосуп алып, аларды ташуу үчүн керек болчу, алар үчүн биз өзгөчө жана жагымдуу нерсе кылууну чечтик. Бул биринчи жолу болгон жок, биз дайыма ушундай кылып келгенбиз. Бирок, иш–чара үчүн ижарага алынганына карабай, жол тандабастардын бирин биринчи жолу өзүбүз айдадык. Билесиңерби, эмне? Бизге жакты. Дренда экөөбүз анда жүргөндү жана анын тышкы көрүнүшүн жактырдык.

Ал убакта бизде “хонда пилот” деген сонун унаабыз бар болчу, бирок “эскалейд» андан бир кадам алдыда болчу. Анын берметтей ак түсү жана кыска узундук версиясы болгон. Эгер силер бул моделдер жөнүндө билсеңер, анда алар узун жана кыска эки өлчөмдө экенин билесиңер. Бизге кыска версиясы жакты, биз аны айдоо жеңил жана маневрлүү деп ойлодук. Дренда экөөбүз ушул машинада баратканда, ал мындай деди:

– Билесиңби, бул машина мага жагат. Менимче, бизге ушундай машина керек. – Мен макул болдум.

– Бизге так ушул, кыска версиядагы жана ак бермет керек.

Биз макулдаштык.

Сүйлөшкөнүбүздү эч кимге айткан жокпуз, бирок бир айдан кийин гезит алганы үйдөн чыксам, чөнтөк телефонум шыңгырап калды. Мен бул үндү биздин жыйындын келип жүргөндөрүнүн бири катары тааныдым. Ал салам айтып, анан мен үчүн **«эскалейд»** сатып алгысы келгенин айтты. Мен бир мүнөткө түшүнбөй калдым, бирок бул эң сонун деп айттым. Анан ал менден кандай түс каалаарымды сурады, мен берметтей агын жакшы көрөбүз дедим. Сатып алганда чалам деди. Бирок, ал менден кыскабы же узунбу, кайсы моделге артыкчылык берерин сураган жок. Арадан бир ай өтүп кетти окшойт, машинаны унутуп калган окшойт деп ойлодум, күтүлбөгөн жерден кайра чалып, “эскалейдибизди” алып кетүүнү суранды.

Биз ага келгенде, кыска версиядагы, бермет ак түстөгү “Escalade” жол тандабасын көрдүк. Сонун машина экен, бир да сызыгы жок, абалы жакшы. Биз абдан жакты деп айттык.

Анан биздин досубуз көпкө күттүргөнү үчүн кечирим сурады, анткени ушунча убакыт бою ал жол тандабасты узун версиясында табууга аракет кылып, бирок аны кыска версиясында гана таба алган. Биз күлүп:

– Биз так ошол кыскасын каалаганбыз, – дедик.

Биз бул жол тандабасты айдагандар, планетадагы эң бай адамдар деп ойлогонбуз. Бирок, билесиңерби? Бул машиналар көптөн бери бар. Мен өзүм мындай унаа айдайм деп эч качан ойлогон эмесмин! Бул окуяны толук түшүнүш үчүн, ошол убакка чейин мен сегиз машинаны бергенимди, демек, үрөн сепкенимди билишиңер керек. Мен өзүм машина алгым келет деп эч качан айткан эмесмин.

P.S. Мен билем, силер бул бир гана насаатчыларда болот деп ойлоп жатасыңар. Чындыгында, мен отуз алты жылдан бери

каржы тармагында иштеп, көптөгөн Жакшы Кабар таратуучулар менен байланышта болдум. Чынын айтсам, көбү эптеп эле күн көрүшөт. Жок, андай нерселер биз Падышачылык жөнүндө кабар айтканыбыз үчүн эмес, Падышачылыкта жашап, Падышачылыктын мыйзамдарын жашообузда колдонгонубуз үчүн болуп жатат. Анын үстүнө, мен жыйын ача электе эле карызым жок болчу. Кошумчалай кетейин, мен жумушка орношуп, төлөмдөрдү төлөө үчүн жыйын ачуунун кажети жок болчу. Мен Дренда экөөбүз тапкан нерселерди — Падышачылык жөнүндөгү Жакшы Кабарды — адамдарга айтуу үчүн жыйын ачтым!

6–БӨЛҮМ

# ЖАШООДО ТӨЛӨМДӨРДҮ ТӨЛӨӨДӨН ДА КӨП НЕРСЕ БАР

Тынчсыздануунун бороон–чапкынында жашоомдо кыска убакытка оазисти көргөндөй болдум. Бир күнү биз элүү кишини эски фермабызга оттун тегерегине отуруп, хот–дог жеп, баарлашууга чакырдык. Бул бизде акча жок болуп, жума сайын эптеп аман калуу үчүн күрөшүп жаткан өзгөчө оор мезгилде болгон. Мен бул нерсени чыдамсыздык менен күтүп жаткам, анткени мен эмоционалдык жактан чарчадым жана бир аз убакытка позитивдүү нерсеге көңүл буруш керек болчу. Кече абдан ийгиликтүү өттү: тамак–аш сонун болду, биздин көптөгөн досторубуз балдары менен келишти, бардыгы өздөрүн жакшы сезип жүрүштү. Эшик тыкылдаганда үй толтура адам бар эле. Майрамга кечигип келгендердин бири го деп ойлоп, эшикти ачсам өзүн энергетикалык ишкананын кызматкеримин деп тааныштырган кишини көрдүм. Акчасын төлөбөгөнү үчүн электр жарыгын өчүрүү үчүн келгенин сылык айтты. Мен коркуп кеттим. Үйдүн ичи конокторго толуп, ыңгайсыз абалды айтпаганда да, электр жарыгысыз калууга мүмкүн эмес болчу.

Мен бул коноктун бир азга короонун артына баруусун сурандым жана биздин электр жарыгыбызды өчүп калбашы үчүн эмне керек деп сурадым. Жооп катары ал мен төлөй албаган сумманы атады.

– Төмөндөтө аласызбы? – деп сурадым мен.

Ал бир мүнөт ойлонуп туруп, акыры мага азыраак сумманы сунуштады.

— Квитанцияны шейшембиге чейин кармай аласызбы? – деп сурадым.

Маселе жок, – деп жооп берип чек жазып берди.

Ошол жума күнү менин эсебимде эч кандай акча жок болчу жана шейшембиге чейин кайдан келерин билген эмесмин, бирок, жок дегенде, дем алыш күндөрү дагы эле электр энергиябыз бар болмок. Шейшембиде эмне кылганым эсимде жок, кыязы, бир нерсе таап алып, күрөөканаага койгонмун.

Бул биздин жашообуздагы каржылык кыйынчылыкка кабылган күндөрдүн бири. Эми минтип тогуз жыл жашоо кандай болорун элестетип көргүлө! Мындай стресстин астында жашоо ар кандай аянды жок кылат жана ал күн бере турган ар бир кубанычтын бөлүгүн сыгып салат. Ар бир ой эптеп аман калууга жана кийинки эсепти төлөө үчүн акчаны кайдан табууга багытталган. Мен өткөн аптада өтө көп коротуп албадымбы? Чектен ашып кетпеш үчүн супермаркетке дайыма калькуляторду алып барышым керекпи? Ар дайым бир нерсени эң арзан жол менен кылуу жөнүндө ойлонуу. Досум, бул жашоо эмес! Жакшы Кабарда эмне жазылганын карагыла.

> *Ошондуктан силерге айтарым: “Эмне ичип, эмне жейбиз?” – деп, жаныңар үчүн; “Эмне киебиз?” – деп, денеңер үчүн түйшүк тартпагыла. Тамакка караганда жан, кийимге караганда дене кымбат эмеспи!*
>
> – Матай 6:25

Ыйса жашоодогу бул маанилүү нерселер – жашоо эмес

дейт! Бул жерде баары жашоону, биздин максатты колдоо үчүн кызмат кылат. Бирок, Адам ата Падышачылыктын камкордугун жоготкондуктан, жашоо түп–тамыры менен өзгөрүп, азыр жашоону камсыз кылган нерселердин баары жашоонун өзүнөн маанилүүрөөк болуп калды. Адамдар чыныгы жашоо эмне экенин, алар өзүлөрү ким экенин да так билишпейт. Ким экенин кайсы адамдан сураба, алар кесибине жараша жооп берет. «Мен дарыгермин», «Мен риэлтормун» ж.б. Жок, бул силер эмессиңер, бул силер кылып жаткан нерсе. Адам кыялдарынан айрылды. Айтайын дегеним, адам азыр кантип көбүрөөк акча тапсам болот деп кыялданат, бирок максатын көздөгөн кыялынан айрылды. Башкача айтканда, көбүрөөк акча алып келген нерсе анын кыялына айланат. Ар бир адам уникалдуу түрдө ар кандай таланттар жана жөндөмдүүлүктөр менен жаратылган, бирок алар профессионалдык иштерде же аларды кызыктырбаган жумушта өзүн табышат. Жашоо дем алыш күндөрү эркиндикти күткөн узак, машакаттуу жумаларга же пенсияга чыгууну күткөн узак, азаптуу жашоого айланат.

Андыктан мен силерге суроо берейин. Эгер силерде акчанын муктаждыгы жок болсо, бүт өмүрүңөрдө сарптай ала турганыңардан көп болсо, эмне кылат элеңер? Мүмкүн, силер азыркыдан башка кесипти тандамаксыңар. Мен буга чейин айтып өткөндөй, статистика боюнча америкалыктардын кеминде 70 пайызы, өз ишин жакшы көрөсүңөрбү деген суроого, өзүмө жаккан нерсени кылбайм деп жооп беришет. Эң башында, байлыкка умтулуу, максималдуу көрсөткүчтөргө жетишүү каалоосу жана келечек жөнүндө тынымсыз тынчсыздануу Кудайдын планынын бир бөлүгү болбогонун түшүнүшүңөрдү каалайм.

*Ошентип, Кудай Өз бейнеси боюнча адам жаратты, аны Кудайдын бейнеси боюнча жаратты. Аларды эркек–аял кылып жаратты. Анан Кудай аларга мындай деп батасын берди: «Укумдап–тукумдагыла, жер жүзүн толтургула, жерди ээлегиле жана деңиздеги*

*балыктарга, асмандагы канаттууларга, жер үстүндө сойлоп жүрүүчү бардык жаныбарларга бийлик кылгыла». Анан Кудай дагы мындай деди: «Мен силерге бүт жер үстүндөгү түр–түрү менен жемиш берген ар кандай уруктуу өсүмдүктөрдү, мөмөсүндө уругу бар ар кандай мөмөлүү дарактарды бердим, булар силерге азык болсун. Ал эми бардык жер жаныбарларына, бардык асман канаттууларына, жер үстүндө сойлоп жүрүүчү ар кандай тирүү жаныбарларга бардык өсүмдүктөрдү азык кылып бердим». Так ошондой болду. Кудай Өзү эмнени жаратса, ошонун бардыгы абдан жакшы экенин көрдү. Кеч кирип, таң атты:* ***алтынчы күн өттү****.*

– Башталыш 1:27–31

Адам алтынчы күнү, тагыраак айтканда алтынчы күндүн аягында жаратылган. Ал алтынчы күндүн аягында жаратылган, анткени жетинчи күнү ал биз билгендей, эс алуу күнүндө Кудай менен болуу үчүн.

*Асман менен жер жана алардын бардык кошуундары ушундайча жаратылып* ***бүткөн****. Ошентип, жетинчи күнгө оогондо, Кудай Өзүнүн иштерин бүтүрдү; Өзүнүн бардык иштерин бүтүрүп, жетинчи күнү эс алды. Анан Кудай жетинчи күнгө батасын берип, аны ыйыктады, анткени Кудай Өзү жараткан жана жасаган бардык иштерин бүтүрүп, ошол күнү эс алды.*

– Башталыш 2:1–3

Ыйык Китепте Кудай жетинчи күнү эс алганы айтылат. Ал чарчаган жок! Ал бүттү. Баары бүткөн. Адамга керек болгон нерселердин баары ал пайда болгондо эле жерде болгон. Дүйнө! Адамда бардык керектүү нерселер бар болчу. Ага төлөмдөрдү төлөөдөн же ооруп калуудан тынчсыздануунун кереги жок

болчу. Анын кемчиликсиз денеси жана идеалдуу жубайы болгон. Алар бири–бирине, Кудайга жана өзүлөрүнүн максатына гана көңүл бурушу керек болчу. Адамга жер үстүнөн бийлик берилген жана ага Кудайдын Падышачылыгы тарабынан берилген бийлик жана күч аркылуу падышалык кылган.

**БАЙЛЫК БИЗДИ ТЫНЧТЫК БОЛГОН ЖЕРГЕ КАЧЫП КЕТҮҮ МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ МЕНЕН КЫЗЫКТЫРАТ – ЭПТЕП АМАН КАЛЫП ЭМЕС, БИЗ ЧЫНЫНДА КЫЛГЫБЫЗ КЕЛГЕН НЕРСЕГЕ КӨҢҮЛ БУРУП, ТОЛУГУ МЕНЕН ЖАШАЙ АЛА ТУРГАН ЖЕРГЕ.**

Бирок, бул окуя эмне менен аяктаганын билебиз. Адам ата менен Обо эне Кудайдын Падышачылыгына чыккынчылык кылып, өз ордун, камкордугун жана максатын жоготушкан. Анын ордуна, аларда бир максат пайда болду – эптеп аман калуу. Эми тынчсыздануу жана коркунуч алардын бүт ойлорун жалмап кетти, аларды жашоо үчүн күрөш гана башкарып калды. Башталыш китебинде (3:17) «эмгек жана маңдай тер» деп жазылган.

## Адам ата жетинчи күнүн жоготту!

Тынчтык жана бейпилдик жоголду. Караңгы, белгисиз нерселер алардын өмүрүн толтурду жана Адам боштуктан чыгуу үчүн чуркоого аргасыз болду. Ошондон бери адам ушул белгисиздик абалында жашап келет. Бирок, үмүт бар. Адам күнөө кылганда, Кудай ага эскертүү берди. Эгер каалаcа, бир күнү Өзүнүн жаратууларына эмнелерди кайтарып бере турганынын көрүнүшүн кайтарып берет. Биз ишемби күн жөнүндө айтып жатабыз. Ишемби деген сөз түзмө–түз тынчтык дегенди билдирет. Жуманын жетинчи күнү адамга ишемби күнү катары берилген. Силер түшүнгөндөй, ишембиге коюлган талап, эч кандай жумуш жасалбашы керек болчу, оор жумушка жол берилбейт. Бул

күнү адам бардык иштерин таштап, үй–бүлөсүнөн ырахат алып, Кудайга табынуусу керек болчу. Ишембиге керектүү нерселердин бардыгын алдын ала жасаш керек болчу. Атүгүл ишемби күнкү тамакты да мурунку күнү даярдаш керек болчу. Ишемби толук камсыз болгон, бардык муктаждыктар майда–чүйдөсүнө чейин ойлонулуп, канааттандырылган эс алуу күнү болчу. Адам токтоп, ырыскыдан башка нерсе жөнүндө ойлонсо болот.

Ишемби бир күн эле болчу. Бирок, ошондон бери адам түбөлүктүү тынчтык жашоону кыялданат. Адамдын байлыкка умтулуусу – аны өмүр бою барымтада кармаган маңдай теринин түйшүктүү эмгегинен кутулууну көздөгөнүнүн белгиси. Байлык бизди тынчтыктын жайына качуу мүмкүнчүлүгү менен тартат — бул жерде биз чындап эле эмне кылгыбыз келсе, ошого көңүл бура алабыз, эптеп аман калуунун ордуна толук кандуу жашай алабыз.

Бүгүн шаббат, алтынчы же жетинчи күн экендигине карабастан, белгиленгендиги маданиятыбызда чоң мааниге ээ эмес. Ооба, жыйынга баргандардын көбү жекшемби күнү эртең мененки кызматка барышат. Бирок, жалпы маданиятты карап, бул күндү жуманын башка күнүнөн айырмалай албайсыңар. Бала кезимде жекшембиде баары жабылчу. Дүкөнгө барууга болбойт эле, жекшембиде бензин сатып алууга мүмкүн эмес болчу. Атам жекшемби күнү унаасы бош калбасын деп, мөөнөтүнөн мурда ишемби күнү кечинде унаанын майын толтуруп койчу. Эгер мен жөнүндө жетиштүү билсеңер, мен ууга чыкканды жакшы көрөрүмдү билесиңер, бирок жекшемби күнү мен аңчылыкка да чыга алчу эмесмин, бул мыйзамга каршы болчу. Жекшембиде адамдар эң сонун кийимдерин кийип, бүт үй–бүлө менен дасторкондун тегерегине чогулушчу. Бүгүн албетте, баары өзгөрдү. Бирок, ишембиликтин чыныгы көрүнүшү ошол бойдон калууда.

Ишембиге канчалык жакшы даярданбайлы, үй–бүлөлүк кечки тамак канчалык сонун болсо да, анын артынан дүйшөмбү келет. Эсимде калгандай, “дүйшөмбү – оор күн” деген сөз айкашы “коркунучтуу” деген сөздүн синоними болуп келген. «Мен

жумушка барышым керек» жана «кайра жаргылчак ташына» – бул биз дүйшөмбү күнү эртең менен сүрөттөгөн сөз айкаштары болчу. Эгер силер бир азга токтоп, аларды ойлонуп көрсөңөр, алар кулчулукка окшоп кетет. Бирок, Кудайга шүгүр, бүгүн жума! Азыр деле көпчүлүк адамдар дем алыш жана ишемби күндөрү кыска болсо да эс алышат. Бирок, алар бат эле өтүп кетет, дүйшөмбү күнү эртең менен бизди кайра эле жол тыгындары күтүп турат.

**ЭГЕРДЕ КОРКУНУЧТАН ЭРКИНДИКТЕ, ТОЛУК КООПСУЗДУКТА, ТОЛУК МАКСАТ МЕНЕН, ТЫНЧТЫКТА ЖАШАГАНГА МҮМКҮН БОЛСО, КАНДАЙ СОНУН БОЛМОК!**

Бирок, ишембиликти ырааттуу өткөрүүнүн жолу болсочу? Эгерде адам коркунучтан эркиндикте, толук камсыздыкта, толук максат менен, тынчтыкта жашаганга мүмкүн болсо, кандай сонун болмок!

Дренда экөөбүз ишемби күнү эс алуу мүмкүнчүлүгү бар экенин билгенге чейин тогуз жыл бою азап, коркуу, оору жана белгисиздикте жашадык. Мен чын эле айтып жатам!

> *Демек, Кудайдын эли үчүн ишемби күн али алдыда. Кудай Өз иштерин бүтүргөндөн кийин эс алгандай эле, Анын бейпил жайына кирген адам да өз иштерин бүтүргөндөн кийин эс алат. Ошондуктан ошол бейпил жайга кирүүгө аракеттенели. Эч ким аларга окшоп тил албастык кылып жыгылбасын.*
>
> – Эврейлерге 4:9–11

Досум, бул Жаңы Келишим. Бүгүнкү күндө Кудайдын элине ишемби күндөгү тынчтык жеткилең. Ыйык Жазууда биз жумуштан эс алып жана Кудайдын тынчтыгында боло аларыбыз айтылган. Жаңы эле үйрөнгөнүбүз эсиңерде болсун: Кудайдын тынчтыгы бардык нерсе бүткөнүн жана кам көрүү бизге жеткилең экенин

айтат. Жашоо менталитетинен эркиндик, жакырчылык капасынан жана оору менен алсыздыктан эркиндик бар. Жаңы варианттар бар! Ишемби Байыркы Келишимде гана болгон эмес, ал бүгүн биз үчүн да бар. Бирок, биз Байыркы Келишимдин мыйзамдарына жана эрежелерине кайтуубуз керек экен деп ойлонордон мурун, мен дароо айтып коёюн, сөз ал жөнүндө болуп жаткан жок. Тескерисинче, мен Эврейлерге болгон Катта айтылган ишемби күнүн изилдегим келет. Анткени, Дренда экөөбүз билгендей, бул жерде Кудайдын Падышачылыгынын ишинин жана Кудайдын биздин жашообуз үчүн кам көрүүсүнүн маанилүү ачкычы катылган.

## МЫНА САГА: ИШЕМБИ – ЭМИ КҮН ЭМЕС!

Бул билдирүү силердин көңүлүңөрдү бурду деп үмүттөнөм. Машаяктын Денесинде ишембини качан өткөрүү керектиги жөнүндө көп талкуулар бар: ишембидеби, жекшембидеби же жума күнү күн баткандан башталып, ишемби күнү күн батканга чейинби деп. Ишемби күндү чечмелөөнүн тегерегинде бүтүндөй деноминациялар түзүлүп жатат. Бул китепти жийиркенип ыргытып жиберүүдөн мурун, бир аз сабырдуу болуп, Ыйык Жазуунун бир үзүндүсүн окуп чыгууну суранам.

> *Ошондуктан эч ким силерди тамак үчүн, же суусундук үчүн, же кандайдыр бир майрам үчүн, же жаңырган ай үчүн, же ишемби күн үчүн айыптабасын. Анткени булар – келечектегинин көлөкөсү, дене болсо Машайактыкы.*
>
> – Колостуктар 2:16,17

Сураныч, Пабылдын сөздөрүнө терең көңүл бургула. Ишемби боло турган нерсенин көлөкөсү гана, ал эми чындык Машайакта. Ишемби көлөкө болчу, бул чындык эмес эле. Эгерде Машаяк чындык болсо, анда ишемби күнү Анын ким экендигинин жана Анын эмне кылганынын көлөкөсү болгон. Мен муну мындайча айтайын: ишембиде Адам ата жерге алып келген эмгектин жана

тердин каргышка калган жердик системасын жок кылуу же өзгөртүү үчүн эч кандай күч жок. Эгер силер анын өзүн урматтасаңар, анда ал силерди боштондукка чыгарууга күчү жетпейт. Бирок, бул көлөкө, Машаяктан таба турганыңардын сүрөтү.

Мен 1–класста окуп жүргөндө мугалим башыбыздын силуэтин капталдан тартууну сунуштады. Алар класска проекторду алып келишти да, алдына отуруубузду сураныштьы анын жарыгы ак баракка биздин башыбыздын көлөкөсүн түшүрүп турду. Андан кийин бири–бирибиздин көлөкөбүздүн контурун чийип, силуэттерибизди жаратып, аны кыркып алып, Энелер күнүнө карата апаларыбызга алып келдик. Көлөкө менин кандайдыр бир көрүнүшүмдү чагылдырган, бирок мен жөнүндө кандайдыр бир маалымат бергени менен менин маңызымды, мүнөзүмдү жана ички дүйнөмдү чагылдырган жок.

Ишемби күн менен да ушундай болду. Анын көлөкөсү, маңдай тери менен мээнет, эч кандай эмгек болбошу керек деди. Бирок, бул чыныгы сүрөт эмес, жөн гана көлөкө болчу. Бирок, ал бизди мыйзамдын жана каргышка калган жердеги түзүлүштүн каргышынан куткарып, кайра Кудайдын уул–кыздары жана Кудайдын улуу Падышачылыгынын жарандары кылган Ыйса Машаякты көрсөткөн! Дагы бир жолу, бул Ыйсанын бир күнү аткара турган нерсенин сүрөтү болчу. Бул жашоодо керектүү нерселердин баары бизге кайтарылышы үчүн аткарылган иш. Бирок, Эврейлерге болгон Катта айтылгандай, биз бул бейпилдикке ишеним аркылуу киребиз. Эсиңерде болсун, асман жер бетинде мыйзамдуу укукка ээ болушу үчүн, ишеним керек. Айкаш жыгачта Ыйса: «Аткарылды!» — деп айткан, алтынчы күндүн аягында баары бүткөндө Кудай да ушуну айткан эле.

Бүгүн, көпчүлүк адамдар үчүн, ишемби – диний күн болуп саналат. Бул күндү алар Кудайдыкы деп эсептешет, бул күнү биз Ал үчүн жыйынга барышыбыз керек, Ал үчүн иштерди кылышыбыз керек жана башка диний ырым–жырымдарды аткарышыбыз керек. Ыйсага ошол эле көз караште болгон шакирттерин ашкерелегенге туура келген болчу.

*«Адам ишемби күн үчүн эмес, ишемби күн – адам үчүн!*

– Марк 2:27

Ишемби адам үчүн жаратылган, адам ишемби үчүн эмес. Жыйынга катышпай калса, өзүн күнөөлүү сезген адамдарды билесиңерби? Эгерде алар өзүлөрү жыйын болсо, алардын кандай күнөөсү бар? Мен табынууга чогулбашыбыз керек дегенден алысмын, бирок мындай ой жүгүртүү алардын ишембиге карата туура эмес көз караштa экенин көрсөтүп турат.

Мен түшүнүп турам, силердин башыңар айланып калды, бирок мага бул темага тереңдеп кирип, Жакандын Жакшы Кабарындагы Ыйсанын комментарийин карап көрүүгө уруксат эткиле.

*Ыйса келгенде, Лазардын көргө коюлганына төрт күн болгонун укту. Бетания менен Иерусалимдин ортосундагы аралык болжол менен он беш стадий болгондуктан, көптөгөн жүйүттөр Марта менен Мариямга көңүл айтууга келишкен эле. Марта Ыйсанын келе жатканын укканда, алдынан тосуп чыкты. Мариям болсо үйдө калды. Марта Ыйсага: «Теңир! Сен бул жерде болгондо, бир тууганым өлмөк эмес. Бирок мен азыр да билем, Сен Кудайдан эмне сурасаң да, Кудай Сага берет», – деди. Ыйса ага: «Бир тууганың тирилет», – деди. Марта Ага: «Акыркы күнү, өлгөндөр тириле турган күнү тирилерин билем», – деди. Ыйса ага мындай деди: «Мен тирилүүмүн жана өмүрмүн. Мага ишенген адам өлсө да, тирилет. Мага ишенип жашаган адам өлбөйт. Ушуга ишенесиңби?» Марта Ага: «Ооба, Теңир. Дүйнөгө келе турган Кудай Уулу Машайак Сен экендигиңе ишенем», – деди.*

– Жакан 11:17–27

Ыйса жекшемби (тирилүү) экенин айткан, бул бир эле күн эмес.

Ишемби Ыйсанын айкаш жыгачта биз үчүн кылган иштеринин көлөкөсү болгон жана азыр да ошондой болуп саналат. Ыйса чыныгы ишемби жана Анын аркасында биз Кудайдын Падышачылыгына жана андагы бардык нерселерге жетүүгө мүмкүнчүлүк табабыз. Ошону менен, биз эс ала алабыз!

Эми Жаңы Келишимдеги Эврейлерге болгон Каттын текстине кайрылып көрөлү:

> *Демек, Кудайдын эли үчүн ишемби күн али алдыда. Кудай Өз иштерин бүтүргөндөн кийин эс алгандай эле, Анын бейпил жайына кирген адам да өз иштерин бүтүргөндөн кийин эс алат. Ошондуктан ошол бейпил жайга кирүүгө аракеттенели. Эч ким аларга окшоп тил албастык кылып жыгылбасын.*
>
> – Эврейлерге 4:9–11

Ишемби күнүнүн көлөкөсү ишемби күнү адамга өзүнүн муктаждыктарын канааттандыруу үчүн кандайдыр бир жумуш жасоого тыюу салынганын айтат, бирок бул Ыйсанын кылган иштеринин бир аз гана бөлүгүн көрсөтөт, тактап айтканда, бизди эптеп аман калуу үчүн, каргыш тери менен жер бетиндеги эмгек системасынан куткарганын көрсөтөт. Башкача айтканда, көрсөтүлгөн нерсе Машайакта чындыкка айланды. Чынында, Ыйсанын биринчи насааты ишемби жөнүндө болгон. Ышайа пайгамбардын китебинде Луканын Жакшы Кабарынын 4–бөлүмүндө Анын айткан эң биринчи насаатындагы сөздөр камтылган.

> *Теңирдин руху Менде, анткени Теңир Мени жакырларга жакшы кабар таратууга майлады.*
>
> – Ышайа 61:1

Жакырчылыктан чыгуунун жолу бар дегенде, Ал каргышка калган жердеги эмгек менен тердин системасынан чыгуунун жолу бар деген. Анткени, элдер ырыскы издеп кулчулуктун

барымтасында калды, анын айынан алар тынчтыкты жоготушту. Бирок, ишемби күн Кудай Өз элине бир күнү калыбына келтириле тургандын көрүнүшү гана эмес эле. Ошондой эле, ишемби жылы да бар болчу!

> *Жетинчи жылы кечирим кыл. Кечирим төмөнкүлөрдү камтыйт: жакынына же бир тууганына карыз берген ар бир адам карызын кечирсин, төлөтүп албасын, анткени ал кечирим Теңир үчүн жарыяланган. Бөтөн жерликтен төлөтүп ал, ал эми бир тууганыңа берген карызыңды кечир. Сен жашаган жерде жакырлар болбойт, анткени мурастап алышың үчүн энчиңе берип жаткан жерге Кудай–Теңириң батасын берет. Эгерде бүгүн мен сага берип жаткан осуяттардын бардыгын аткарып, Кудай–Теңириңдин үнүн уга турган болсоң, Кудай–Теңириң Өзү айткандай, батасын берет, ошондо сен көп элдерге карыз бересиң, өзүң карыз албайсың. Көп элдерге үстөмдүк кыласың, алар сага үстөмдүк кылышпайт.*
>
> – Мыйзам Кайталоо 15:1–6

Белгилей кетсек, алар ар бир жети жыл сайын бардык карыздарын жокко чыгарууга тийиш болчу. Дагы бир жолу биз Кудайдын жети санын бардык нерседе толуктукту көрсөтүү үчүн колдонгонун көрөбүз. Эч кандай кемчилик жок, Ал адамга керектүү нерселердин баарын берди. Бирок, эгерде кимде–ким Ал бизге карыздарды кечирүүнү айтканда, Анын акылмандыгына шектенсе, анда ал мындай деп кошумчалады: «Сен жашаган жерде жакырлар болбойт, анткени мурастап алышың үчүн энчиңе берип жаткан жерге Кудай–Теңириң батасын берет». Андан ары алар ушунчалык баталуу болушат, алардын арасында эч ким карыз албай, баары карызга бере турган болот деп айтылган. Жер бетиндеги азаптуу эмгектин каргышка калган системасы бизди күнөө менен өлүмдүн каргышынан куткарган жашоонун жаңы мыйзамынан улам күчүн жоготконун биз дагы бир жолу көрүп жатабыз.

Аларга ишемби күндөгүдөй оор жумуштарды аткарууга уруксат берилбей, бир жыл бою эгин себүүгө да уруксат берилген эмес. Бирок, бул баары эмес. Алар карыз болгондорго бардык карыздарын кечүү менен гана чектелбестен, эгин да айдай алышкан эмес. Бул жерде силер мындай деп айта аласыңар: «Мен муздаткычта бар нерсеге бир күн жашай алам, бирок бир жыл бою жумушсуз жашоо бир аз кыйыныраак.»

Кайра эле көлөкө карыздарды кечиргиле деп жатканын көрүп жатабыз. Ал аларга карызды колдонбой турганын айтты, анткени аларда карызга бере турган, бирок карыз албай тургандай көп болот. Карыз системасы тартыштыкка негизделген, бирок Кудай аларды карызга муктаж болбошу үчүн, толук камсыз кылууну пландаштырган. Көлөкө каргыш тийген жер системасынан тышкаркы жашоонун жаңы ыкмасына кайрылып: «Талааңарды себүүнүн кереги жок» дейт. Ошентип, биз мунун баарын Ыйса Машаяктан табабыз.

Бирок күтө тургула, бул дагы баары эмес, — Кудайдын эли боло турган нерсенин эң чоң сүрөтүн көрө элек болчу. Ал юбилейлик жыл деп аталат.

## 7–БӨЛҮМ

# БУЛ МҮМКҮН ЭМЕС!

Силер азыр окуй турган нерсе укмуштуудай. Келгиле, мен башкача айтайын. Силер бул таптакыр мүмкүн эмес деп ойлойсуңар. Мен юбилейлик жыл жөнүндө айтып жатам, ал Жаңы Келишимде сүрөттөлгөн силердин каржыңарда Ыйса эмне кылгысы келгенинин эң чоң сүрөтү, бирок анда эмне деп айтылганын аз эле адамдар билет же түшүнүшөт. Биз буга чейин ишемби күнү жана ишемби жылы жөнүндө сүйлөшкөнбүз, бул экөө тең Машаяктагы нерселерибиздин көлөкөлөрү, бирок азыр биз чоң окуяга, юбилейлик жылга келдик.

Аты эле майрам сыяктуу угулуп турат, туурабы? Бирок, каржы тармагында, көпчүлүк адамдар (тилекке каршы муну менен мен машайакчылардын көбүн да айтып жатам), чоң ийгилик менен мактана албайт. Айтканымдай эле, отуз алты жылдан бери каржылык иштер менен активдүү жумуш кылып келем. Көптөгөн жылдар бою мен көптөгөн компанияларга ээ болдум жана бир эле учурда ондогон, жүз миңдеген адамдар менен жеке каржы маселелери боюнча иштештим. Ошондуктан, мен абалды өз тажрыйбамдан улам билем. Мен ошондой эле, адатта, жалтыраган жаңы унаанын же жакшынакай чоң үйдүн артында эмне катылганын билем. Адатта, чоң карыз жана катуу стресс. Жакшынакай машина айдап, жакшынакай үйдө жашаганга мен каршы эмесмин, болгону азыркы күндө жашоо кымбат.

Каргыш тийген жер системасы, адатта, адамдарга эркиндик бере албаган – эптеп аман калуу системасы. Мага ишенип койгула, мен жолуккан миңдеген адамдардын көбү жаман адамдар эмес. Алар колунан келгендин баарын кылышкан, бирок алар Кудайдын Падышачылыгы жана мен бул китепте эмнени айтып жатканымды билишкен эмес. Дренда экөөбүздүн ишемби күнкү тынчтык жөнүндө билгиче, тогуз жыл бою узакка созулган жана кыйын жашоону жашаганыбызды билесиңер. Мындай жашоодо көп жылдар өткөндөн кийин, силер бүтпөс кризиске кабылганыңарды түшүнбөй каласыңар жана муну жашоонун нормасы деп эсептейсиңер. Бир нече жыл мурун Кудай мага менин тар ой жүгүртүүм жөнүндө айтып, юбилейди, мен жактырбаган майрамды өткөрүшүм керектигин көрсөттү. Ооба, карыздан кутулдум, ооба, укмуш кереметтерди көрдүм, ооба, ыраазы болдум, бактылуу болдум. Бирок, мен кыялданбай калдым, аны Кудай билген жана кайра жаратып, кыялданышым үчүн ойгонушумду каалады. Мен бир аз токтоп калдым, бактылуу болуп, бирок катып калдым.

Жогоруда айткандай, мен каржылык кызмат көрсөтүүчү компанияга ээ болчумун жана жыл сайын өнөктөштөрүмдүн биринен анын компаниянын өткөн жылдагы ийгиликтерин жана жетишкендиктерин белгилөө үчүн уюштурулган иш–чарага чакыруу алчумун. Адатта, бул иш–чарага эки жүз элүүгө жакын өнөктөштөр жана жогорку жетекчилер катышмак. Иш–чара ар дайым кооз жерде өткөрүлүп жана бардык делегаттар үчүн бекер болчу, кээ бир катышуучуларга өзгөчө мамиле жасалып, өзгөчө таануу берилип жана бонустук чектерди алышчу. Чоң жыйынды жетектеп, телеберүүлөрдү алып баруу жана өзүмдүн жеке компаниямды башкаруу менен алек болгондуктан, ар дайым көбүрөөк иштөөгө жана эң жогорку даражага жетүү үчүн зарыл болгон шарттарга жооп берүүгө менин убакытым жоктой сезилчү.

Бирок, бир жылы мен иш–чарада отуруп, эң мыкты он өнөктөштүн сыйлыктарын жана 100 000 доллар бонустук чектерин алганын көргөндө, мага бир нерсе болду. Мен ойлодум: «Коё тур!

Мен дагы азыр сахнага чыгып, таанылышым керек. Мен Кудайдын баласымын, Ыйык Рух менин кеңешчим. Мен ошол жерде туруп, бардыгына Кудайдын жакшылыгын айтышым керек!” – деп ойлодум. Ошентип, Дренда экөөбүз дал ошол учурда келерки жылы сахнага чыгабыз деп чечтик. Кантип? Бизде эч кандай түшүнүк жок болчу

Буга чейинки он жыл катары менен мен бул компания үчүн 3–4 миллион доллардай тапчумун, бирок алдыңкы 10 өнөктөштүн катарына кирүү үчүн 10 миллион доллардай киреше табышым керек болчу. Мен бул деңгээлге кантип жетээримди ойлогон эмесмин жана менин күн тартибим менен бул мүмкүн болот деп ойлогон да эмесмин.

Мен өз күчүм менен эч нерсе кыла албасыма көзүм жетчү. Ошентип, Дренда экөөбүз сыйындык, максат коюп, каржылык үрөндү септик, ишенимибизди бошотуп, анан теманы жаптык.

**СИЛЕР БҮТПӨГӨН КРИЗИС МЕНЕН МАКУЛДАШЫП КАЛГАНСЫҢАР ЖАНА БУЛАРДЫ ЖАШООНУН НОРМАЛДУУ КӨРҮНҮШҮ ДЕП ЭСЕПТЕЙСИҢЕР.**

Сөздүн кыскасы, кийинки жылдын январь айынын алгачкы күндөрүндө Кудай менин кыялыма кантип жетээримди түшүмдө көрсөттү. Ал мага эмне кылууну ачык көрсөттү; жана бардык зарыл болгон аракеттерди аткара алсам, максатка жетем. Билесиңерби, ошол жылы биз бир эле сатуудан 11 миллион доллар тапканбыз! Компаниянын он мыкты өнөктөшүнүн катарына кирген кийинки иш–чарада биз ушундай бир кубаныч менен сахнага чыгып, 100 000 доллар чекти алдык. Менин өзүмдү кандай сонун сезгенимди билгиңер келеби? Менде чоң майрам болду. Максатыбызга жетип, бонус алганыбыз аз келгенсип, ошол жылы кирешебиз бир нече жүз миң долларга көбөйдү. Анан бул чыныгы майрам эмеспи!

Ошентип, мен Байыркы Келишим окуясы юбилейлик жыл жөнүндө айта баштаганда, башыңарды чайкап, кызыксыз деп ойлобогула, анткени ал такыр андай эмес. Жашоодо майрам болгондо жакшыраак экендигин унутпагыла, андыктан Израилде майрамдалган эң чоң иш–чараны карап көрөлү жана аны кантип майрамдоого болорун билели.

## Юбилейлик жыл

> *Өзүң үчүн эс алуу жылынан жети жолу жети жылды эсептеп ал, ошондо кырк тогуз жыл болот. Жетинчи айдын онунчу күнү сурнай тарт, ошол күнөөдөн арылуучу күнү бүткүл жериңерде сурнай тарткыла. Элүүнчү жылды ыйык туткула, ушул жылы жериңердеги бардык элдерге эркиндик жарыялагыла. Бул жыл силер үчүн юбилей жылы болсун. Ар ким өз менчигине кайтып келсин, ар ким өз үй–бүлөсүнө келсин. Элүүнчү жыл юбилей жылыңар болсун. Үрөн сеппегиле, өзү өсүп чыккандарды орбогула, кыйылбаган жүзүмдүн мөмөсүн үзбөгүлө. Анткени бул жыл – юбилей жылы. Бул жыл силер үчүн ыйык жыл болсун. Ушул жылы талаада эмне өссө, ошону жегиле. Ушул юбилей жылы ар бириңер өз менчигиңерге кайтып келгиле.*
>
> – Лебилер 25:8–13

Эми мен юбилейлик жылдын темасына киришип жаткандан кийин, балким, силер буга чейин эле байкаган негизди салганга уруксат эткиле. Ар бир элүүнчү жыл юбилейлик жыл болду, ал кырк тогузунчу ишембиликтин артынан келет. Албетте, силер баары кандай кыйын болгонун түшүнгөндүрсүңөр. Ишемби жылында ысрайылдыктарга эгин себүүгө уруксат берилген эмес. Юбилейлик жыл болуп эсептелген кийинки жылы да себүүгө уруксат берилбейт эле. Негизи Израилде эки жыл катары менен

түшүм жыйнаган эмес, андан кийин үчүнчү жыл түшүм бышып, азык–түлүк запастары толукталгыча күтүүгө туура келген. Тамак–ашты жакшы көрүп, дан сатуу менен жан баккан адам муну олуттуу көйгөй катары көрөт. Элестетсеңер, Муса юбилейлик жыл жөнүндө көрсөтмө бергенде, эл канчалык үрөйү учканын. Албетте, үч жыл катары менен эс алуу жаман эмес, бирок бирөө төлөшү керек. Бул буйрукту уккан эл Мусага: «Бул кантип болсун?» — деп айтышкан.

> *Эгерде жетинчи жылы: "Же үрөн сеппесек, же түшүм жыйнабасак, эмне жейбиз?" дей турган болсоңор, Мен алтынчы жылы силерге батамды беремин, ошондо жер үч жылдын түшүмүн берет. Сегизинчи жылы үрөн себесиңер, бирок тогузунчу жылга чейин, анын түшүмүн жыйнаганга чейин, мурунку жылдын түшүмүнөн жейсиңер.*
>
> – Лебилер 25:20–22

Кудай аларга берген укмуштуудай жоопту биз китептин калган бөлүгүндө изилдей турган нерсе. Алтынчы жылы аларга ушундай бата жиберем, алар юбилейлик жылдан кийин эгип, жыйнап ала турган келерки түшүмгө чейин жетет деди Ал. Ыйык Китепте Кудайдын алтынчы күнү жаратып бүтүп, өзүнүн ишин токтоткону айтылат. Ал эс алганы менен, бул Анын чарчаганын билдирбейт. Ал бүттү десек туура болмок. Ал жараткан жана адамга керектүү нерселердин бардыгын берген.

Кудай Ысрайылга «жетиштүүдөн да көбүрөөк» деген эмне экенин жана анын молчулукту көргөзгөн сүрөтү жер бетиндеги каргышка калган азаптуу эмгек системасынан канчалык жогору экенин көрсөткөн. Ал алардын Аны өздөрүнүн камкорчусу катары көрүшүн жана Анын кудуреттүү түрдө кам көрөрүн түшүнүшүн каалаган. Бул алардын убагындагы Кудайдын ырайымынын сүрөтү болсо да, Ыйса келгенден кийин алар көлөкөнү гана көрүшкөнүн көрөбүз. Табигый дүйнөдө үч жыл эгин экпей туруп жашоого эч

кандай жол жок. Анын үстүнө адамдар каргышка калган жер системасынын астында жашап жаткан дүйнөдө күн–түн дебей, маңдай тери менен иштөөдөн башка каржы булактарына ээ болуунун жолу жок. Башка жол жок. Үч жылга жумушуңарды таштап көргүлө, көптөгөн милдеттенмелериңер эмне болорун ойлонуп көргүлө. Банкроттуктан кутулуу мүмкүн эмес. Бирок, Кудай Өз элине дүйнө жаратылганда Адам атага бардыгын алдын ала даярдап койгондой, Өзү кам көргөн жаңы жашоонун сүрөтүн көрсөтүүгө аракет кылууда.

Юбилейлик жыл бизге түшүнүшүбүз керек болгон дагы эки нерсени көрсөтөт. Элүүнчү жылы жер тыныгууда болуп, эл маңдай терин төгүп иштебестигин дагы бир жолу көрүп жатабыз. Кошумчалай кетсек, силер бардык жер өз ээлерине кайтарылышы керек экенин байкадыңар. Ысрайыл Иордан дарыясынан өткөндө, ар бир уруу жана урук жашоо үчүн керектүү азык–түлүк жана киреше алуу үчүн ээлик кылып, иштетиши керек болгон жерди мурас катары алышкан. Негизинен жер алардын байлыгы болгон. Анын үстүнө эгин эгип, мал багышкан. Демек, жерди мурунку ээсине кайтарып берүү гүлдөп–өсүү мүмкүнчүлүгүн кайтарып берүү дегенди билдирет.

Бул дагы эле Ыйсанын биз үчүн кылган иштеринин көлөкөсү. Көлөкө ысрайыл элинин жарандарына жыргалчылык кайтып келиши керек дейт. Биздин реалдуулугубуз да ушуну айтып турат, жыргалчылык бизге да кайтып келди, бүгүн Кудайдын Падышачылыгынын мурасы бизге да таандык.

Юбилейлик жыл бизге көрсөткөн үчүнчү нерсе, бардык кулдар бошотулуп, үй–бүлөсүнө кайтарылышчу. Бул маанилүү окуя. Көлөкө адам кулчулуктан бошонуп, кайрадан уул–кыз болот деп көрсөтүп жатат. Машаяктагы чындык биз мындан ары кул эмес, Кудайдын үйүндөгү уул–кыздарбыз, мураска жана үйдүн гүлдөшүнө толук укуктуубуз деп айтат.

Ошентип, азыр эле эмнени үйрөнгөнүңөрдү ойлонуп көргүлө. Ыйса бизге Адам ата жоготкон нерсени кайра берди. Ыйса бизди

кулчулуктан бошотуп, Кудайдын уулдары жана кыздары кылды.

**СИЛЕР ИШЕМБИ БИЗГЕ ЭМНЕНИ КӨРСӨТҮП ЖАТКАНЫН БИЛЕРИҢЕР МЕНЕН, КАРЖЫЛЫК ЖАШООҢОРДО ЗОР ӨЗГӨРҮҮЛӨР БОЛОТ.**

Ал бизди маңдай тери менен азаптуу эмгектин каргышка калган жердеги системасынан бошотуп, Кудайга колубуздун эмгегине күчтүү батасын бергенге мүмкүнчүлүк берген. Бирок, Ыйса бул жыргалчылыктардын бардыгы үчүн төлөсө да, биз аларды жердеги жашообузга кантип киргизүүнү билишибиз керек. Бул жерде көптөгөн машайакчылар кайыкты өткөрүп атышат. Падышачылык мыйзамдарга ылайык иштээрин билишпейт жана алардын уул, кыз жана жаран катары укуктарын билишпейт, алар Кудай кимге бата бергиси келсе, аны өзүм билемдик менен тандайт деп ишенишет. Ошондуктан, алар Падышачылыктын мыйзамдарын изилдешпейт, анда Ыйык Китепте айтылган нерселердин бардыгынан чындап ырахат алуунун жана колдонуунун ачкычы камтылган. Ишемби бизге эмне көрсөтүп жатканын билгенден кийин, каржылык жашооңордо чоң өзгөрүүлөр болушу мүмкүн экенин түшүнгүлө.

Менин жыйынымда бир мырза ишеним жана Кудайдын Падышачылыгы кантип иштээри тууралуу менин сабактарымды уга баштады. Аялы жана балдары менен бирге бул мыйзамдарды үйрөнө башташты. Жаңы жыл жакындаган сайын алар мыйзамдуу укуктарын ишке ашырууну чечип, өткөн жылы ижарага алган эки объектинин баасын толук төлөйбүз деп ишене башташты. Эгер эсимде болсо, эки мүлктүн жалпы баасы 400 миң доллардын тегерегинде болчу. Алар сыйынып, үстүбүздөгү жылдын максатына жетүү үчүн олуттуу каржы үрөнүн себишти. Алар көп жумуш кылыш керек болчу, бирок бул мырза жетиштүү кардарларды табуу же ушундай мүмкүнчүлүктү бере турган кардарлар менен ири келишимдерди утуп алуу мүмкүнчүлүктөрү бар тармакта иштеген. Алар үй–бүлө болуп сыйынып, максатына жетүүгө макул

болушту. Жума сайын чогулуп, ой–ниеттерин текшерип, аларга бекем турууга жана оруп–жыюуну чыдамсыздык менен күтүүгө мыйзамдуу негиз берген Ыйык Китептеги аяттарды кайталап турушкан. Бул мырза өз милдетин аткарышы керектигин да билчү.

Апталар жана айлар өтүп жатты, албетте, чоң келишимдерди түзүү үчүн мүмкүнчүлүктөр бар болчу, бирок бардык ири корпорациялар менен миллиондогон долларлык келишимдер мынчалык тездик менен ишке ашпайт. Болжол менен алты ай өткөндөн кийин, бул адам өзүнүн компаниясы үчүн укмуштуудай чоң келишимди тапты, ал ошол жылы анын компаниясынын жалпы өндүрүшүнүн 40 пайызын түздү. Ал келишимдин комиссиясынын аркасынан бир мүлкүн толугу менен сатып алган. Жылдын аягына чейин дагы бир корпорация менин досум сунуштаган миллиондогон долларлык келишимге кол коюу ниетин билдирди. Бирок, алар келишим күнүн улам кийинкиге жылдырышып жатышты. Документтердин баары даярдалып бүткөндө, алар күтүлбөгөн жерден датаны дагы жылдырышканда, кайра баардык документтерди башынан жасаш керек болчу, алар болсо кайра датаны жылдырышты. Кеч күздө досума ал иштеп жаткан башкаруу тобу алмашканын, эми жаңы команда ишке киришип, биргелешип иштөөнү улантаарын кабарлашты.

Досум капа болду, ал мунун эмнени билдирет экенин билген. Жаңы жетекчиликтин коллективи даярдалып калган келишим менен тааныш эмес эле, ал эми болгон күчүн жоготуп коёт. Ал жаңы команда менен бүт процессти кайра баштоого туура келет. Ал жаңы башкаруу тобу менен жолукканда, алар анын компаниясынын сунуштарына кызыгышкандай болду. Ноябрь айынын аягында алар бардык чоо–жайын кайрадан текшерип, келишим түзүүгө ниеттенип жатышканын айтышты. Бирок, документтерди даярдоо жана аткаруу кайрадан кечеңдеп кетти. Акыры жаңы жылга эки күн калганда досума чалып, аны менен жолугуп, документтерге кол коюуну каалашарын айтышты, эгер ал ошол эле күнү алар менен жолугушууга даяр болсо, бүт суммасы накталай төлөнөт деп кошумчалашты. Бул келишимден

улам менин досум ошол жылы эки үйдү тең төлөө үчүн, үй–бүлөсү ишенимдүү койгон максатка жетүү үчүн, жетиштүү өлчөмдө комиссия алды.

Ал Падышачылыктын принциптерин үйрөнгөнү үчүн гана, мындай кымбат максатты жөн эле ойлонуп, кыялданууга кудурети жете алган, анткени ал буга чейин мынчалык чоң кардар менен иш алып барып, мынчалык чоң суммадагы акча тапкан эмес, ошондуктан эч нерсе мындай максатка жетээрин көрсөткөн эмес. Ал мага бул жеңиштин урматына чыныгы майрам уюштурушкандыгын айтты!

“Бул чын эле болду” деген категориядагы дагы бир окуя улуу балам менен болду. Албетте, балдарымдын баары өмүр бою Падышачылыктын иштеп жатканын көрүп жатышат. Алардын баары мен сүрөттөгөн принциптерди колдонушат жана Кудайдын укмуштуудай кереметтерди жасап жатканын көрүшөт. Алардын бардыгы отуз жашка чыга электигине карабастан, өздөрүнүн насыясыз сатып алышкан жеке унаалары бар, дээрлик бардыгы өз үйүндө жашашат, кээ бирлеринин кредиттери толук төлөнүп бүтсө, башкаларыныкы бир аз гана калган. Улуу уулум Тим насыясыз үй алгысы келген. Ал өзүнүн үрөнүн Кудай ага өз баасында жакшы үй берет деген ишеним менен сепкен. Мындан тышкары, ал курулушту жакшы билгендиктен, ремонтко муктаж болгон үйдү алуудан корккон эмес.

Ылайыктуу үй издеп, көп варианттарды карап чыкты, бирок туура келгенин таппады. Бир күнү ал унаасын айдап баратып, жолдо мурда көрбөгөн үйдүн сатыкка коюлуп турганын көрдү. Бул үй күрөө катары сатылып жаткан, үйгө бир аз оңдоо иштери керек болчу, бирок жалпы абалы жакшы болчу. Ал кыймылсыз мүлк агенттигине чалып, үйдүн баасын билүүнү суранган. Ал ага сумманы айтканда, ал уккан кулагына ишене алган жок: 37 000 доллар. Бул кантип болушу мүмкүн экенин ал түшүнгөн жок.

Агент үй жөнүндө сураштырып, укмуштуудай окуяны айтып берди. Үй чындап эле күрөөгө коюлган жана алты ай мурун ал

базарда 110 000 доллар болгон. Бул депозиттин баасы болчу, бирок ошол эле үй бир нече жыл мурун 160 000 долларга сатылган. Сыягы, үй сатыкка коюлган жарым жылдан бери ага эч ким кызыккан эмес. Ошондуктан, банк үй эмне үчүн сатып алуучулардын кызыгуусун жаратпаганын билбей, акырындык менен бааны төмөндөтө баштаган. Бирок, Тим жана анын кыймылсыз мүлк боюнча агенти бир аз тереңирээк казганда, алар мунун себебин табышты. Бул үйдү сатуу боюнча жарнакта такыр башка дарек, жада калса башка шаар көрсөтүлүп, маалымат алуу үчүн телефон номуру туура эмес көрсөтүлгөн. Ошондуктан, үй кайда экенин эч ким билчү эмес. Ал шаардын четинин кичинекей көчөсүнө, кыймылы жок туюк көчөгө курулган. Баа Тим үйдү байкаганга чейин төмөндөй берген. Керемет. Мен ага бул үй атайын ал үчүн катылганын айттым! Аны оңдоп–түзөп, бир аз кошумчаларды кошуп, 160 миң долларга саткан.

Кызым Эми “Ишенимде жашоо” жыйынында даңктоону жетектейт. Анын үй–бүлөсү төрттөн бешке өскөндүктөн, алар күйөөсү Джейсон экөөнө чоңураак үй керек деп чечишти. 2017–жылдын жай айларында Огайо штатындагы баалар асманга жеткен, сатыкта турган үйлөр адатта бир жуманын ичинде сатылган. Алар 250–300 миң долларлык, 2–4 гектар жер тилкеси бар, андан сырткары жеринен суу булагы болушун каалашкан жана ошондой үй табабыз деп үмүт кылышкан, бирок андай сунуштар болгон эмес. Ошол жайда ал аймактагы 40 сотыкка жакын жерлер 200 000ден ашык баага сатылып жаткан. Алар көп үйлөрдү карап чыгышкан, бирок бир азга токтоп, сыйынууну чечишти. Бул аракет үчүн үрөндү сепкенден кийин, алар Теңирге мындай дешти: «Биз бул издөөгө өтө көп убакыт короттук. Сен биздин үйүбүздүн кайда экенин билесиң, биз Сенден аны бизге керектүү убакта көрсөтүүңдү суранабыз. Биз мындан ары интернеттен издебейбиз же агентибиз менен үй жөнүндө сүйлөшпөйбүз!”

Бир күнү кечинде кызыктуу окуя болот. Алар өз үйүнө келгенде төрт жашар кызы:

– Апа, көчүп кетүүгө убакыт келди, – дейт.

– Эмнени айткың келип жатат? – деп сурады Эми.

– Жаңы үйгө көчүп кетүүгө убакыт келди, ал жерде менин бөлмөмө чейин кооз тепкич болот, – деди кызы.

– Кайсы үй? Сен түш көрдүңбү? – деп сурады Эми. Кызы ырастап жооп берди. Ошол күнү кечинде алар балдарды уктаткандан кийин Эми бул сүйлөшүүнү унута албай, Джейсонго интернетти карап көрүүнү сунуштады.

Алар чындыгында жаңы эле сатыкка коюлган күрөөдөгү үйдү көрүштү. Ал 4 гектар жер тилкесинде, алдында көл бар эки кабаттуу үй болчу. Бирок, анын баасы алар сепкен 300 000 долларлык нарк босогосунан 26 000 долларга ашыгыраакты түзгөн. Алар бааны төмөндөтүүнү талап кыла аларын чечишти, ошондуктан алар кыймылсыз мүлк агенттерин чакырышты. Алардын агенти эртеси күнү Флоридага учууну пландап жаткан, бирок аларга эртең менен саат тогузда үйдү көрсөтүүгө макул болгон.

Агент жолугушууга кечигип аткан, алар аны сырттан идеалдуу көрүнгөн үйдүн жанында күтүп жатышкан. Бул 4 гектар жер тилкесинде жана абдан кенен, үйдүн маңдайында көлү бар, баары эң сонун көрүнгөн үй болчу. Мындан тышкары, үйдүн айланасы токой менен курчалган, көз жоосун алган көрүнүш. Үйгө киргенде кызы түз эле бөлмөсүнө алып барган тепкичти көрүп, кубанганынан кыйкырып жиберди. Кыскасы, Джейсон менен Эми келишим түзүүгө даяр экендиктерин айтышты. Агент бардык чоо–жайын текшергенде, келишим ошол эле күнү он экиден кечикпей түзүлүшү керек экени билинди. Бир саатка жетпеген убакыт калды! Эгерде төрт жашар кызы аларга түшүн айтпаганда, ошол күнү кечинде интернеттен үйдү издешпесе, бул үйдү көрүшмөк да эмес.

Алар банк сураган бааны сунуштап, макулдук алышкан. Алар кандай бактылуу болушту. Үйдү текшерүү учурунда чатырдын абалы анча жакшы эмес экени жана беш жылдан кийин толук алмаштыруу керек экени белгилүү болду. Джейсондо бир идея пайда болду. Мындан улам ал банктан бааны төмөндөтүүнү

суранууну чечти. Агент аларга аракет да кылбагыла, анткени үй тендерсиз тизмеге коюлган жана ал банктын бааны төмөндөткөнүн мурда көргөн эмесмин деп кеңеш берген. Эмне болгонун тапкылачы. Банк аларга үйдү 296 000 долларга сатты, бул алар үйдү сатып алат деп ойлогон 300 000 доллардан азыраак. Кудай аларга так алар Андан сурагандай үй берди. Баалоочудан үй канча турушу мүмкүн деп сурашканда, ал: «500 000 доллар» деп жооп берди. Досум, бул кош бөлүк (двойная порция)! Көрүнүп тургандай, менин балдарымдын баары Падышачылыктын мыйзамдарына ылайык жашоодон ырахат алып атышат. Быйыл кичүү уулум Кристен жыйырма жашында биринчи үйү үчүн накталай акча төлөдү. Кантип? Алардын баары Падышачылыктын эрежелерине ылайык иш кылууну билишет!

8–БӨЛҮМ

# КОШ БӨЛҮК

Эми мен ишембилик тынчтык кандай иштээри жана жашооңордо ага кантип чөмүлсөңөр болот деген чөйрөнү тереңирээк изилдегим келет. Мен юбилейлик жылдагы окуябызга кайрылып, ага тиешелүү текстти карагым келет. Андан биз үч жыл түшүм жыйнабай туруп, кантип жашамак элек деген суроого Кудайдын адамдарга кайрылган сөздөрүн табабыз. Жакшы суроо!

> *Эгерде жетинчи жылы: "Же үрөн сеппесек, же түшүм жыйнабасак, эмне жейбиз?" дей турган болсоңор, Мен алтынчы жылы силерге батамды беремин, ошондо жер үч жылдын түшүмүн берет. Сегизинчи жылы үрөн себесиңер, бирок тогузунчу жылга чейин, анын түшүмүн жыйнаганга чейин, мурунку жылдын түшүмүнөн жейсиңер.*
>
> – Лебилер 25:20–22

Бул тексттен биз юбилейлик жылды да, анын алдындагы ишембилик жылды да алтынчы жылдын, мында кырк сегизинчи жылдын (акыркы юбилейден) түшүмү менен жашаса болот экендигин көрүп турабыз. Бул чоң түшүм болбосо, ишембилик эс алуу мүмкүн болмок эмес. Мен, сүрөттү ого бетер айкыныраак

кылыш керек деп ойлогон дагы бир үзүндүнү карап көрөлү.

> *Алар күндө эртең менен өздөрүнө жеткидей жыйнашчу. Күн ысыганда, ал эрип кетчү. Алтынчы күнү алар нанды эки эсе көп, киши башына эки гомордон жыйнашты. Муну жамаат башчылары Мусага айтып келишти. Муса аларга мындай деди: «Теңир мындай деди: Эртең – дем алыш, Теңирдин ыйык ишембиси. Отко бышыра турганыңарды бүгүн бышырып, кайната турганыңарды бүгүн кайнатып алгыла, артып калганын алып коюп, эртең мененкиге чейин сактагыла». Алар Муса айткандай кылып, артып калгандарын эртең мененкиге калтырып коюшту, ал сасыган да жок, курттаган да жок. Муса аларга: «Муну бүгүн жегиле, анткени бүгүн Кудайдын ишембиси. Бүгүн муну талаадан таппайсыңар. Аны алты күн жыйнагыла. Ал эми жетинчи күн – ишемби. Бул күнү манна болбойт», – деди. Кээ бирөөлөр жетинчи күнү жыйнаганы чыгышты, бирок эч нерсе таба алышкан жок. Ошондо Теңир Мусага мындай деди: «Качанкыга чейин Менин осуяттарым менен мыйзамдарымды аткаруудан баш тартасыңар? Эсиңерден чыкпасын, ишембини силерге Теңир берди, ошон үчүн Ал силерге алтынчы күнү эки күндүк нан берип жатат. Ишемби күнү ар ким өз үйүндө болсун, эч ким өз үйүнөн чыкпасын». Ошентип, эл жетинчи күнү эс алды.*
>
> – Мисирден Чыгуу 16:21–30

Бул үзүндүдө элди тамак–аш менен камсыз кылуу үчүн күн сайын асмандан түшкөн манна жөнүндө айтылат, бирок жетинчи күнү, эс алуу күнү ал болбойт деп айтылат. Ал бир гана күн сакталып, анан тез чирип кеткен. Алтынчы күнү гана аны чогултуп, бир күн сактоого болот эле, анткени ал күнү чогулганы бузулбайт болчу. Мыйзам Кайталоо китебинде манна эмне үчүн бир гана күн

сакталып, анан тез эле бузулуп калганын түшүндүргөн кызыктуу жазуу бар.

> *Акырында сага жакшылык кылыш үчүн, сени жоошутуш үчүн, сыноодон өткөрүш үчүн, сени ошол чөлдө ата–бабаң билбеген манна менен азыктанткан.*
>
> – Мыйзам кайталоо 8:16

Кудай Өз элин күн сайын Ага карап, Андан тамак күтүүнү, ошондой эле жашоо үчүн зарыл болгон нерселердин бардыгын күтүүнү үйрөткөн. Кудай Анын эли тамак–ашка гана муктаж болбостон, бийик шаар дубалдарына жана алптарга туш боло турган жерге бара жатканын билген. Мындай жагдайда Кудайга бекем таянуу өмүр менен өлүмдүн маселеси болот.

Келгиле, Мисирден Чыгуу китебине кайрылалы. Бул жерден биз ишемби күнү эс алуу алардын алтынчы күнү алган кош бөлүктүн аркасында гана мүмкүн болгонун айкын көрөбүз.

> *Эсиңерден чыкпасын, ишембини силерге Теңир берди, ошон үчүн Ал силерге алтынчы күнү эки күндүк нан берип жатат. Ишемби күнү ар ким өз үйүндө болсун, эч ким өз үйүнөн чыкпасын».*
>
> – Мисирден Чыгуу 16:29

Көрдүңөрбү? Ишембидеги эс алуу кош бөлүктүн (эки порциянын) аркасында гана мүмкүн болгон. Бул абдан маанилүү идея, мен силерден аны жазып алууну суранам.

## ИШЕМБИДЕГИ ЭС АЛУУ КОШ БӨЛҮКТҮН (ЭКИ ПОРЦИЯНЫН) АРКАСЫНДА ГАНА МҮМКҮН!

Мага муну башка контекстте көрсөтүүгө уруксат эткиле. Силерде бардыгы жетиштүүдөн көбүрөөк болмоюнча,

каргышка калган жер системасында чуркоо жана эмгек кылуудан тынчтык таба албайсыңар. Дренда экөөбүз кайда жүрбөйлү, бардык жерде: «Силер акча маселесин чечмейинче, өзүңөрдүн максатыңарды билбейсиңер!» деп айтабыз. Анткени, жетиштүүдөн ашыкча болбосо, ар кандай мүмкүнчүлүктөрдөн ажырап, өмүр бою эптеп аман калууга өкүм кылынган кул болосуңар. Мыйзам Кайталоо китебиндеги Ыбрайымдын батасынын пайдасы жөнүндө мурунку бөлүмдө жазганымды эстегиле (28:11–13). Ал жерден биз эптеп аман калуу режиминде жашоо силердин тагдырыңар эмес экенин айкын көрдүк! Эгер унутуп калган болсоңор, келгиле, кайра окуйлу.

> *Теңириң Өзү ата–бабаларыңа убада кылып, сага берген жерде сени укумдатып–тукумдатып көбөйтөт, малыңдын төлүн, жериңдин түшүмүн, бардыгын мол кылат. Теңир сенин жериңе өз убагында жамгыр берип туруш үчүн, сенин иштериңе батасын берип туруш үчүн, Өзүнүн берекелүү казынасы болгон асманын ачат. Ошондо сен көп элге карыз бересиң, өзүң карыз албайсың. Эгерде сактагыла жана аткаргыла деп, мен бүгүн берип жаткан Кудай–Теңириңдин осуяттарын аткарсаң, Теңир сени куйрук эмес, баш кылат, төмөн жакта эмес, жогору жакта болосуң.*
>
> – Мыйзам Кайталоо 28:11–13

Жакырчылык, эптеп аман калуу жана банкрот болуу силердин тагдырыңар эмес. Бирөөлөргө карыз берген, бирок өзүңөр карыз албаган адам болосуңар, силер куйрук эмес, баш болуп жаралгансыңар! Молчулук — Кудайдын Падышачылыгынын өзгөчөлүгү. Бул ишембидеги эс алуу, жетиштүүдөн да көп, кош бөлүк (эки порция)!

Мен силердин эмне ойлоп жатканыңарды билем. «Оо, Кудайым, Гэри, кандай сонун болмок, бирок азыр менин жашоом

бул сүрөттөн алыс.» Эч нерсе эмес, биз артка кайрылбайбыз, биз Кудайдын айткандарына карап, Падышачылыктын биз жөнүндө айткандарынын баары аткарылышын күтөбүз. Туура сүрөтсүз жана жашообуз кандай болушу керек экенин билбей туруп, биз оңой эле алданып калабыз жана каргыш тийген жердеги түзүлүштүн бузуку ой жүгүртүүсүнүн тузагына түшүп калабыз. Ишеним биздин жагдайыбызга эмес, Кудайдын Сөзүнө ылайык келет.

Кудай Дренда экөөбүзгө кош бөлүктү (порция) алууну кантип үйрөткөнүн айтып берерден мурун, мен силерге кош бөлүктүн (порциянын) менин оюмча, Жаңы Келишимдеги эң чоң окуяны айтып бергим келет.

**ИШЕНИМ БИЗДИН ЖАГДАЙЛАРЫБЫЗГА ЭМЕС, КУДАЙДЫН СӨЗҮНӨ ЫЛАЙЫК КЕЛЕТ.**

Силер муну буга чейин көп жолу уккансыңар, бирок, балким, силер аны азыр түшүнүп жаткан кош бөлүктүн контекстинде же Падышачылыктын жарыгында эч качан караган эмессиңер. Бул Луканын Жакшы Кабарындагы 15–бөлүмүндөгү окуя – адашкан уулдун окуясы. Силерден суранам, азыр алаксыбай, көңүлүңөрдү ага бургула. Билем, силер буга чейин окугансыңар, бирок келгиле, жаңыдан карап көрөлү.

*Ыйса дагы мындай деди: «Бир кишинин эки уулу бар экен. Алардын кенжеси атасына: “Ата, менин энчимди бер”, – дейт. Ошондо атасы балдарына мал–мүлкүн бөлүп берет. Көп өтпөй, кенже уулу энчисинин баарын алып, алыскы бир өлкөгө жөнөп кетет. Ал жактан ал жаман жолго түшүп, өзүнүн мал–мүлкүн ыгы жок ысырап кылат. Бардыгын түгөткөндөн кийин, ошол өлкөдө катуу ачарчылык болуп, ал муктаж боло баштайт. Ошондо ал ошол өлкөнүн бир адамына барып жабышып жалданат. Ал киши аны өзүнүн талаасына жиберип, чочколорун кайтартып коёт. Ал чочколор*

*жеген жемиш менен курсагын тойгузганына ыраазы болмок, бирок ага аны да эч ким бербейт. Ошондо ал акылына келип: "Атамдын жалчыларынын баары тамакты тоё жешет, мен болсо бул жерде ачкадан өлгөнү жүрөм. Туруп, атама кайтып барайын да: «Ата! Мен асмандагы Кудайдын алдында жана сенин алдыңда күнөөгө баттым. Мындан ары сенин уулуңмун деп аталууга татыксызмын. Мени жалчы кылып ал дейин»", – дейт. Ошентип, ал туруп, атасына жөнөйт. Атасы уулун алыстан эле көрүп, аяйт да, жүгүрүп барып, мойнунан кучактап өпкүлөйт. Ошондо уулу атасына: "Ата! Мен асмандагы Кудайдын алдында жана сенин алдыңда күнөөгө баттым. Мындан ары сенин уулуңмун деп аталууга татыксызмын", – дейт. Атасы болсо кулдарына: "Тезинен эң жакшы кийим алып келип, ага кийгизгиле. Колуна шакек тагып, бутуна бут кийим бергиле. Анан борго байланган торпокту алып келип сойгула, ичип–жеп көңүл ачалы. Анткени менин бул уулум өлгөн эле – тирилди, жоголгон эле – табылды", – дейт. Ошентип, алар тойлой башташат. Ошол учурда анын тун уулу талаада болот. Ал кайтып келе жатып, үйүнө жакындаганда, ырдап–бийлегендердин үндөрүн угат. Ошондо ал кулдардын бирин чакырып алып: "Эмне болуп жатат?" – деп сурайт. Кул ага: "Сенин иниң келди, атаң баласын аман–эсен көргөнү үчүн, борго байланган торпокту сойдуртту", – дейт. Муну укканда, анын ачуусу келип, үйгө киргиси келбейт. Атасы сыртка чыгып, аны чакырат. Ошондо ал атасына: "Мен сага ушунча жылдан бери кызмат кылып келе жатам, эч качан буйругуңду бузган жокмун. Бирок сен мага досторум менен көңүл ачканга бир улак да берген эмессиң. Ал эми өзүнүн мал–мүлкүн бузулган аялдар менен ыгы жок ысырап кылган уулуң келсе, ага*

*бордолгон торпок сойдуң", – деп жооп берет. Атасы болсо ага: "Балам, сен ар дайым менин жанымдасың, менин бардык мал–мүлкүм сеники. Бул нерсеге болсо сүйүнүп, кубануу керек болчу. Анткени бул иниң өлүк эле – тирилди, жоголгон эле – табылды!" – дейт».*

– Лука 15:11–32

Бул окуяда биз кенже уулдун өз үлүшүн алып үйдөн чыгып бараткaнын көрөбүз. Бул окуянын маанилүү деталы, анткени ал анын атасынын мурасындагы үлүшүнө байланыштуу. Ошондуктан, кичүү уулу мурастан өз үлүшүн алганын эстен чыгарбоо керек, мындан ары ал мурасты талап кыла албайт.

*"Алардын кенжеси атасына: "Ата, менин энчимди бер", – дейт. Ошондо атасы балдарына мал–мүлкүн бөлүп берет".*

Андан кийин, биз бул окуядан, кенже уулу кайда кеткенин билебиз: алыскы өлкөгө. Кенже уулу атасынын үйүнөн чыгып кеткенин жана аны менен бирге атасынын үйү жайгашкан өлкөнүн коопсуздугун, коргоосун жана мыйзамдарын таштап кеткенин түшүнүү маанилүү. Ал алыскы өлкөгө кетти, ал жакта мыйзам башка, жашоо образы башка. Кичүү уулу эмне кылып жатканын өзү да түшүнбөй атканына ишенем. Ал атасынын үйүндө жашап жүргөндө уулдуктун бардык артыкчылыктарынан пайдаланган жана атасыныда болгон нерсени жөн эле ала алган. Бирок, эмнегедир ал өзүнө бир нерсе жетишпей жатканын, андан каткан мүмкүнчүлүктү башка жактан таба аларын сезди.

Эгер силер муну дагы эле түшүнө элек болсоңор, анда Ыйса чындыгында бизге адамзаттын тарыхын, Адам атанын окуясын айтып жатат. Бул окуядагы Адам – атасынын үйүнөн кеткен кичүү уулу. Ал Атасына болгон кызматын таштап кетсе, башка жерден жакшы келечек таба аларын сезген. «Эгер Адам бул окуяда кичүү

уулу болсо, анда улуу уулу ким?» деп ойлоп жаткандырсыңар. Мен бул суроого кийинчерээк талкуунун аягында жооп берем, жөн гана Адам – үйдөн чыккан кичүү уулу экенин эстеп калгыла.

Адам ата менен Обо энеде баары бар болсо да, алар Атасынын үйүнөн чыгып кетсе, башка жерден дагы көбүрөөк бир нерсе табабыз деп алданган. Адам Атасынын үйүнө каршы козголоң чыгарып, кетүүнү чечкенде, ал жаңы өкмөттүн бийлиги астында болуп, мыйзамдары башка болгон жаңы падышачылыкка кирген. Ыйык Китепте ал караңгылыктын падышачылыгы жана анын башкаруучусу шайтан деп аталат. Мен Адам ата жаңы падышачылыктын жакырчылыгынан жана үмүтсүздүгүнөн үрөйү учканына ишенем. Башында баары сонун көрүнгөн. Акчасы бар кезде, көңүлдүү майрам токтогон жок! Бирок, ката кетиргенин түшүнгөндө, кеч болуп калды. Ал энчисин ысырап кылып түгөтүп бүткөндөн кийин өзү жоголгонун түшүндү. Анын аяндарга толгон акылы күтүүсүздөн бир күнүмдүк ишке: эптеп аман калууга бурулуп калды. Эртең күн жок болуп калды. Бүгүнкү гана күн калды, ал эч кандай убада берген жок.

> *Көп өтпөй, кенже уулу энчисинин баарын алып, алыскы бир өлкөгө жөнөп кетет. Ал жактан ал жаман жолго түшүп, өзүнүн мал–мүлкүн ыгы жок ысырап кылат.*

Кичүү уулу такай жакырчылыкка дуушар болгон падышачылыкта экенин түшүндү, ал дайыма коркунучтуу ачкачылыкта. Бала көргөн нерсеси менен келишүүгө аракет кылып жатат – ачкачылыктан өлүп жаткан адамдар. Молчулуктун үйүнөн келип, жашоонун жаңы көрүнүшүн түшүнүү үчүн, кыйынчылык менен күрөшүп жатты. Бирок, анын ач курсагы көргөндөрүнүн баары чындык экенин эске салып турду. Эптеп жашоо үчүн ал көчөгө чыгып, тилемчилик кылууга мажбур болуп жатты. Бул караңгылыктын падышачылыгында жер тикенек жана

чырмоок гана тууйт, аларды да алуу үчүн чоң күч–аракет жумшап, маңдай тери менен иштөө керек. Аябай муктаж болуп калган уулу жардам сурап жалына баштайт. Бирок, бардык адамдар бир кайыкта сүзүп баратышат. Эч ким аны менен бөлүшпөйт, анткени ар бир адам ага окшоп ачкачылыкты башынан өткөрүп жатат.

Ошентип бул баланын жашоосунда чечүүчү учур келет, бул бурулуш мага да, силерге да, бүткүл адамзатка да таасирин тийгизди. Ал өмүрүндө биринчи жолу кызматчы, жалданма кол жумушчу катары акы алуу үчүн ишке кабыл алынат. Бул анын чыныгы инсандыгын толугу менен бурмалоо. Ал азыр күчтүү, бай, кадыр–барктуу адамдын уулу эмес, ал күзөтчү, же касапчы, же кыймылсыз мүлк агенти, же почтальон, тизмени уланта берсе болот. Эми инсандыгы менен эмес иши менен таанылып калды! Ал өзүнүн инсандыгын жоготкон! Ал өзүнүн инсандыгын жоготкондугун дагы баса белгилөө үчүн, Ыйса анын ушунчалык айласы кетип, чочко багуучу болуп иштегенин айтат. Жүйүттөр чочколорду арам жаныбар деп эсептешкен жана Ыйса чогулган элге бул бала ушунчалык айласы кетип, жашоонун маанисин жоготуп койгонун айтат. Анын жашоосу уят жана шерменделикке айланды. Ал бир кезде ээ болгон падышачылык кадыр–баркы азыр алыскы элес болуп калды.

> *Бардыгын түгөткөндөн кийин, ошол өлкөдө катуу ачарчылык болуп, ал муктаж боло баштайт. Ошондо ал ошол өлкөнүн бир адамына барып жабышып жалданат. Ал киши аны өзүнүн талаасына жиберип, чочколорун кайтартып коёт. Ал чочколор жеген жемиш менен курсагын тойгузганына ыраазы болмок, бирок ага аны да эч ким бербейт.*

Бул окуя менен бүгүнкү адамзаттын ортосундагы параллелди көрүп турасыңар деп үмүттөнөм. Эки адам жолукканда эмне дешет? «Силер эмне жумуш кыласыңар» же «Силер кайда иштейсиңер?»

Адамдан анын ким экенин сурасаңар, ал адатта кесибинин атын айтып жооп берет. Неге? Анткени бул каргыш тийген жер системасында ар бирибиздин өз инсандыгыбыз бар жана биз аны табууга абдан аракет кылып жатабыз. Биз көңүлүбүздү бурган жана бизге маанилүү адамдай көрүнгөндөрдүн баарынын көчүрмөсү болууга даярбыз. Мунун баары Адам атанын Атасынын үйүнөн кетүүнү чечкенинен келип чыккан. Биздин эптеп аман калуу ой жүгүртүүбүздө биз өзүбүздү жоготуп, чындап эле ким экенибизди унутуп калдык. Бирок, мен силердин көңүл буруууңарды суранам, насааттагы жигит чочкоканада калган жок, бул окуяны тереңирээк изилдеген сайын силерге да ал жерде калуунун кереги жок экенин түшүнөсүңөр деп ишенем.

Ыйык Китепте айтылгандай, бир күнү бул жаш жигит эсине келип, атасынын үйүн эстеди, ал жерде атүгүл кызматчылары да дайыма жакшы тамактанышат. Чет өлкөдө болгон коркунучтуу ачарчылык маалында ал үйүндө жеген таттуу тамактарын кантип эстегенин элестете алам. Менин таякем Гарольд Экинчи Дүйнөлүк Согушта В–17 учагында штурман/радио оператору болуп кызмат кылган. Ал дыйкандын үй–бүлөсүндө туулуп–өскөн. Ар жекшембиде анын апасы куурулган тоок эти, картошка пюреси, үйдүн наны, жашыл буурчак жана башка көптөгөн даамдуу жашылчалар менен чоң түшкү тамак даярдачу. Десертке ал дайыма пирог же кекс бышырып турган. Мен, бул түшкү тамактар кандай сонун экенин угуп гана эмес, мындай да билем анткени, анын апасы менин тай энем болчу.

Согуш учурунда таякемдин учагы Германиянын үстүнөн атып түшүрүлүп, таякем Германиянын лагеринде көп айлап туткунда болгон. Тамак–аш дээрлик жок болчу. Мен бир жолу таякемден ал күндөрү кантип аман калганын сурадым, ал мага ошол кездеги ойлорунун баары үйгө, апасына жана анын куурулган тоогу менен картошка пюресине кайтуу болгонун айтты. Мен ишенем, бул жигит дагы ушундай окуяны башынан өткөрдү жана ага эмне жетишпей жатканын түшүндү. Бирок, ал мурастан өз үлүшүн

атасынан алгандыктан, мүлктү талап кыла алган эмес. Анда ал иш планын иштеп чыкты. Ал үйгө келип, атасынан жалынып–жалбарып, малайдын жумушун сурайт. Жалданма кызматкердин акылы менен бул анын бир гана тапкан варианты болчу.

> *Ошондо ал акылына келип: "Атамдын жалчыларынын баары тамакты тоё жешет, мен болсо бул жерде ачкадан өлгөнү жүрөм. Туруп, атама кайтып барайын да: «Ата! Мен асмандагы Кудайдын алдында жана сенин алдыңда күнөөгө баттым. Мындан ары сенин уулуңмун деп аталууга татыксызмын. Мени жалчы кылып ал дейин»", – дейт. Ошентип, ал туруп, атасына жөнөйт.*

Ошентип, ал атасынан жок дегенде баш калкалоочу жай жана тамак–аш үчүн иштегенге мүмкүнчүлүк берүүсүн өтүнөм деген планы менен үйүнө кетет. Бирок, Ыйык Китепте бул окуянын кереметтүү аякталуусу айтылат. Үйгө жакындаганда атасы аны алыстан көрүп, кучагын жайып, алдынан чуркап чыгат. Ушул учурдан баштап, атасы уулун чочконун кыгы каптап турса да кучактап алгандыктан, окуяны атанын сүйүүсү деп аташ керек. Ыйсаны уккан жүйүт угуучулар атасы уулун кучактап алганда, анын рухий жактан таза эмес болуп калганын билишкен.

Бирок, атасы уулу үчүн өз ыктыяры менен таза эмес болуп калган. Анан кызматчыларынан үйдөгү эң жакшы кийимдерди алып келип, уулуна кийгизип анын таза эместигин жабууну айтат. Ал өзүнүн күчүн билдирген мөөр шакекти алып, уулунун манжасына салат. Ал ага бутуна кийгизүү үчүн бут кийим берет, бул уулу кайрадан бүт мүлккө акысы бар дегенди билдирет. Ал эми, атасы кызматчыларына акыркы буйрукту берип жатканда, тун уулу ачууланат. Атасы уулунун кайтып келишине арнап семирген торпокту союп, бышырып берүүнү буйруйт. Кичүү уулу, татыксыз болсо да, кайрадан уулдук артыкчылыктарды алат, атасы аны уул катары ачык эле урматтап, анын үйдөгү мурдагы абалын толугу

менен калыбына келтирди.

Балким, бирок мунун кош бөлүккө (порцияга) кандай тиешеси бар? Баары. Ыйса үйдөн чыгып, кайра кайтып келген жаш уул жөнүндөгү насаатты колдонгон, анткени Анын угуучулары, жүйүт маданиятынан келген адамдар, анын маанисин жана мен силерге айтып жатканымды түшүнүшкөн. Эврей маданиятында тун уулу автоматтык түрдө кош үлүшүн алган. Эсиңерде болсо, үйдөн чыгып кетип кайтып келген улуу уулу эмес, кичүүсү болгон. Ошондой эле, ал үйдөн чыгып кеткенде мураска тиешелүү үлүшүн, өзүнүн тиешелүү бөлүгүн өзү менен кошо ала кеткени эсиңерде. Анын мындан ары мүлктү же андагы башка нерсени талап кылууга укугу жок болчу. Бирок, кичүү уулу кайтып келип, атасы аны кайра уулу катары кабыл алганда, анын кайтып келгенин майрамдоо үчүн байланган торпокту союуга буйрук бергенде, улуу уулунун ачуусу келип калат. Ал семиз торпок өзүнө таандык экенине, бул анын мүлкүнүн бир бөлүгү экенине ишенген.

Эми мен мааниси эмнеде экенин түшүндүрөм. Кичүү иниси мурастын өз үлүшүн алган болсо да, ал кайрадан атасы тараптан таанылып, эми мурастын экинчи бөлүгүнө ээ болду. Бул анын мүлкүнүн эки эселенген бөлүгүн алганын билдирген. Агасынын көз карашы боюнча, бул адилетсиздик болуп, бул тууралуу атасына ачуусу менен айтат. Кичүү уулу үй–бүлөгө шермендечиликтен башка эч нерсе алып келбегенин, ал болсо атасына ак ниеттүүлүк менен иштеген жылдарын эске салды. Эмне үчүн ал күтүлбөгөн жерден кош бөлүктү (порцияны) алат?

Бул адилеттүүбү? Азаптуу эмгектин жана тердин каргышка калган жердик системасынын көз карашынан алганда, бул адилетсиздик. Биз ак ниет иштеген улуу уулунун тарабын алмакпыз, атасы үчүн кылган иштерине карап адилетсиздикти доолаганга акысы бар деп.

Бирок, биз кайсы принцип боюнча адилеттүү деп баалайбыз?

Кимге жакшылык көргөзгүсү келгенин атасы соттоп, чечет эмеспи? Баарыбыз жашап жаткан каргышка калган жердеги түзүлүштүн жарыгында, эгер атасы кичүү уулуна мурастын дагы бир бөлүгүн берсе, улуу баласы азыраак нерсеге ыраазы болушуна арга жок деп болжолдоо оңой. Чындыгында бул андай эмес. Атасы ушунчалык бай болгондуктан, үйүндөгү кызматчылардын да акчасы керектүүдөн да ашыгыраак. Элестеткиле, уулдарына дагы канча таандык.

Шайтан силердин Кудайыбыздын канчалык улуу экенин жана силердин чынында ким экениңерди билишиңерди каалабайт. Ал башынан эле Атабызга жалган жалаа жаап келет. Камсыздандыруу компаниялары табигый кырсыктар Кудайдын иштери деп ырасташат. Диний мекемелер жакырчылыктын себептери Кудайдын каалосу менен болот деп ырасташат. Адамдар Кудай жакшы адамдарга да жамандык кылат деп айтышат. Акыл–эсиңерге келип, Ага бүт жүрөгүңөр менен кайрылмайынча, силердин ким экениңерди жана Атаңардын канчалык улуу экенин билбей калышыңар үчүн, шайтан силерди сокур кылат. Силерге айтып коёюн, Ага кайрылсаңар, Ал адашкан уулду кабыл алгандай, силерди кабыл алат.

Силер: «Улуу уулу ким?» деп сурайсыңар. Келгиле, таба алат бекенсиңер, байкап көрөлү.

> *Ошол учурда анын тун уулу талаада болот. Ал кайтып келе жатып, үйүнө жакындаганда, ырдап–бийлегендердин үндөрүн угат. Ошондо ал кулдардын бирин чакырып алып: "Эмне болуп жатат?" – деп сурайт. Кул ага: "Сенин иниң келди, атаң баласын аман–эсен көргөнү үчүн, борго байланган торпокту сойдуртту", – дейт. Муну укканда, анын ачуусу келип, үйгө киргиси келбейт. Атасы сыртка чыгып, аны чакырат. Ошондо ал атасына: "Мен сага ушунча жылдан бери кызмат кылып келе жатам, эч качан буйругуңду бузган жокмун.*

*Бирок сен мага досторум менен көңүл ачканга бир улак да берген эмессиң. Ал эми өзүнүн мал–мүлкүн бузулган аялдар менен ыгы жок ысырап кылган уулуң келсе, ага бордолгон торпок сойдуң", – деп жооп берет. Атасы болсо ага: "Балам, сен ар дайым менин жанымдасың, менин бардык мал–мүлкүм сеники. Бул нерсеге болсо сүйүнүп, кубануу керек болчу. Анткени бул иниң өлүк эле – тирилди, жоголгон эле – табылды!" – дейт».*

Улуу уулу ушунча жыл бою атасынын кулу сыяктуу болуп иштегенин, бирок ушунча убакыт аралыгында атасы достору менен көңүл ачууга улак да берген эмес дейт. «Ата, сен адилетсизсиң!» деген сөздөрүн чечмелеп берейин.

Бирок, атасынын эмне деп жооп бергенине көңүл бургула. «Сен ар дайым мени мененсиң, МЕНДЕ БОЛГОНДУН БААРЫ – сеники.» Токтогула! Тун уулу ким экенин эми түшүнүп жатасыңарбы? Ал тынымсыз иш менен алек болуп, атасынын кулу сыяктуу иштеп, өзүн туура эмес түшүнүп, атасынын мээриминен ырахат алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган. Атасында болгондун баары аныкы болчу.

**ШАЙТАН СИЛЕРДИН КУДАЙЫБЫЗДЫН КАНЧАЛЫК УЛУУ ЭКЕНИН ЖАНА СЛЕРДИН ЧЫНДЫГЫНДА КИМ ЭКЕНИҢЕРДИ БИЛГЕНИҢЕРДИ КААЛАБАЙТ.**

Силердики туура, тун уулу биринчи келишимдин мыйзамын билдирет. Биринчи уулу атасынын жактыруусуна ээ болуу үчүн, жумуш менен алек болгондуктан, атасынын үйүндөгү артыкчылыктардан пайдалана алган эмес. Чоң уулу эки бөлүк үлүш алууга укуктуу болсо да, андан кичүү уулу гана ырахат ала алган.

Силер кичүү уулусуңар!

Силерге эки эселенген үлүш берилди. Силер өз иштериңердин негизинде эмес, Машаякта ким экениңердин негизинде кабыл алынган уулсуңар – Кудайдын уулу же кызысыңар, силер иштебеген, бирок Атаңардан бекер алган мурастан ырахат алууга толук жөндөмдүүсүңөр.

9–БӨЛҮМ

# ЖЕТИШТҮҮДӨН ДА КӨБҮРӨӨК!

Мен бул бөлүмдүн аталышы силер үчүн шектүү болушу мүмкүн экенин түшүнөм, бирок биз дал ушул багытта бара жатабыз, жетиштүүдөн да көбүрөөк алыш үчүн. Мен силерге акча табуунун эң акыркы жана эң сонун жолдорун көрсөтүп жатканым үчүн эмес, силер Кудайдын баласы болгондугуңар үчүн жана Атаңардын үйүндөгү жакшылыктан жана гүлдөп–өнүгүүдөн ырахат алуу силердин мыйзамдуу укугуңар. Балким, азыр силердин жашооңордун учурдагы шарттарында, силерде бардыгы жетиштүү болгонун, кош жардам түшүнүгүн элестетүү кыйын. Бирок, эркиндикке карай жол дал ушул жерден – ой жүгүртүүдөн башталышы керек. Силердин ойлоруңар Кудайдын Сөзү менен

**БАЛКИМ, АЗЫР СИЛЕРДИН ЖАШООҢОРДУН ШАРТТАРЫНДА СИЛЕРДЕ БААРЫ ЖЕТИШТҮҮ БОЛГОНУН, КОШ БӨЛҮК ТҮШҮНҮГҮН ЭЛЕСТЕТҮҮ КЫЙЫН. БИРОК, ЭРКИНДИККЕ ЖОЛ ДАЛ УШУЛ ЖЕРДЕН – ОЙ ЖҮГҮРТҮҮДӨН БАШТАЛЫШЫ КЕРЕК.**

шайкеш келмейинче, Анын артыкчылыктарынан пайдалана албайсыңар. Андыктан, айланаңарда көргөн нерселерден көзүңөрдү алгыла жана Кудайдын Падышачылыгында силердики деп айткан нерселерге көңүл бургула. Жашооңордо анын аткарылып жатканын көрбөй жатканыңар үчүн, Кудайдын Сөзү менен талашууну токтоткула. Тескерисинче, Кудайдын Сөзү менен куралданып, жагдайыңар менен күрөшө баштагыла, алар Кудай силердики деп айтканга жараша өзгөрүшү керек. Мен да силердей эле адаммын, жөн гана силерге эмнени айтып жатсам, ошону аткардым. Кудайдын айтканына ишенгиле! Кудайдын Сөзү чөгөлөтпөйт, ал кандай гана жагдай болбосун өзгөрүүгө алып келет. Мисалы, бул жерде муну буга чейин уккан (же жокпу?) скептикалык абалдагы аялдан электрондук кат алдым.

«Мен жыйырма эки жылдык күрөштү бир нече сүйлөм менен сүрөттөөгө аракет кылайын. Жолдошум экөөбүз машайакчылардын үйлөрүндө чоңойдук жана жыйынга үзгүлтүксүз барчубуз. Ал тургай, жаштар кызматында, жекшембилик мектепте ж. б. кызмат да кылганбыз. Үйлөнүү тоюбуздан кийин баш кошконубуздун биринчи жылы каржылык жактан жакшы болду...

Бул жыйырма эки жылдан ашык убакыт мурун болгон. Ошондон тарта каржы темасы бизди тынымсыз азапка салып, салгылашууга аргасыз кылды, менин ишенимим дайыма солгундап турду, анткени мен эмне үчүн Ыйык Жазууда бир нерсе айтылганын, бирок жашоодо таптакыр башка нерсе болуп атканын түшүнбөдүм. Эгерде Кудайдын Сөзү түбөлүктүү жана өзгөрбөс болсо, жана Кудай кечээ, бүгүн жана түбөлүккө бирдей болсо, анда убада кылынган нерселердин баары кайда? Көрсө, Ал шейит, жалганчы жана лунатик болгон тура!

Келгиле, 2013–жылдын 28–январына кайттык деп элестетип көрөлү... Жолдошума айттым: “Же Кудай Өзүн көрсөтөт, же мен баарын таштайм” деп. Мен жыйындан жана Кудайдан тажадым. Мен жумуштар менен чыгып кеткенимде, күйөөм Ыйык Рухтун

чакырыгына баш ийип, жакын досубузга телефон чалып, болгон окуяны айтып берет. Ал бизге Гэри Кисини угууну сунуштады. Ал өзү менен болгон окуя тууралуу күбөлүк айтты. Ошондуктан, үйгө келсем жолдошум экөөнүн сүйлөшкөндөрүн айтып, эртеси барып насааттарды жаздырып аларын айтты.

Мен эмне болгонун билбейм (анткени, мен пасторлордон жана мугалимдерден ушул «рухий нерселер» жөнүндө жетиштүү уктум), бирок мен досума чалып, ал ошол күнү кечинде бош бекен деп сурадым. Ошол эле күнү кечинде кар калың жааганына карабай, унаага отуруп, аны көздөй айдадым. Жолдо баратып Кудайга: «Бул мен ойлогон нерсе болсо, жакшы болмок!» — дедим.

Эртеси сабактарды уга баштадык, экөөбүз тең таң калып калдык. Баары түшүнүктүү боло баштады. Бул ишеним жөнүндө аяттардын баары, тобо кылгандыгыңзга кантип бекем кармануу керектиги жөнүндө. Акыры, баш катырманын бардык бөлүктөрү ордуна келди. Бир нече жыл мурун, биз Падышачылык жөнүндө укканбыз, БИРОК ага кантип келүү ПРОЦЕССин, бизге үйрөтүү үчүн эч ким убара болгон эмес... «МЫНА, АЛ!» Силер муну жасадыңар.

Ошондуктан, биз алган билимибизди дароо иш жүзүндө колдоно баштадык. Ипотекалык төлөмдү жүргүзүү үчүн бизге каражат керек болчу. Бейшемби болчу, күйөөм ата–энемдикинде майда–чүйдө жумуштарды бүтүрүп жатыптыр... Алар менден дайыма күйөөмө канча төлөшүбүз керек деп сурашчу (биздин оор абалыбызды билишчү). Мен: «Канча кааласаңар», – деп жооп берчүмүн. Баары бир ал ипотекалык төлөмдү төлөө үчүн жетишсиз болмок... БИРОК, бул бейшемби гана күнү эле.

Жума: Бизге дисктерди берген досубуз менен жолугушуубуз бар эле. Кар калың жаап жаткан, бирок жолдошум экөөбүз аны менен жолугуп, Падышачылык жана анын кантип иштээри жөнүндө сүйлөшкүбүз келген.

Биз кетердин алдында ал биз үчүн сыйынууну сунуштап, бизге чек тапшырды... Теңир анын жүрөгүнө биздин жашообузга үрөн

себүүнү салыптыр. Биз айран–таң калдык. Чекти ачканыбызда, биздин ипотекалык төлөмдү жана башка эсептерибизди жабууга ЖЕТИШЕРЛИКТЕН АШЫГЫРААК бар экен!

Мен жолдошума айттым, бизге мындан артык кереги жок! Кудайдын ишенимдүү экенинин эскертүүсү кылып, квитанцияны сүрөткө тартып алдым. Душманга көргөнү жакпай, дароо (апыртып айтпай элемин, чын эле ошол замат) биздин урукту уурдап кетүүгө аракет кылды. Биз дароо эле өзүбүз үчүн чечтик, бул сабактарда уккандардын баары биз үчүн чындык болот жана келечегибизди талкалай турган сөздү айтууга жол бербейбиз деп. Душман аёосуз болду, бирок биз калканыбызды бийик көтөрүп, бекем кармадык.

Окуямды улантаардан мурун, мен өжөр италиялык аял экенимди, белгилүү «гүлдөп–өсүү окууларынан» абдан чарчаганымды билишиңизди каалайм, менин күйөөм аны билген. Мен сиздин сабактарыңызга бекем карманганым чыныгы керемет, жолдошум кээде мени карап, ушундай да болушу мүмкүнбү деп таң калат!

Биз ишенимди бошотуп, 2013–жылдын март айында курулуш компаниябызга 150 000 долларга келишим түзөбүз, мөөнөтү өтүп кеткен төлөмдөр, салыктар ж.б. үчүн деп үрөн септик. Ошол жылдын 5–апрелинде биз БИР КҮНДӨ жалпы суммасы 450 000 доллар болгон эки келишимге кол койдук! Падышачылык принциптерин колдоно баштаганыбызга эки эле ай болду.

Балдарыбызга эмне болуп жатканын баарын түшүндүрдүк, алар да натыйжасын көрүштү. Азыр алар өздөрүнүн каалоолор тизмесин түзүп, өздөрүнүн акча чогулткан кутучаларынан каалаган нерсесине үрөн себишет. Ар бир бөлмөдө Ыйык Китептин аяттары илинип турат, атүгүл беш жашар балабыз да аларга келип: «Мен алам деп ишенем» деп жар салат.

Биз азыр көбүрөөк акча курмандык кыла алаарыбызга абдан ыраазыбыз жана биз толугу менен карыздан кутулууга жана милдеттерибизди аткарууга бир күн жакындадык!

Менин электрондук почтама жооп берүүгө убакыт бөлгөнүңүз үчүн ырахмат, пастор Гэри. Биз сиздин убактыңыздын чектелүү экенин түшүнөбүз жана аны мен үчүн тапканыңыз Кудайдын улуу Падышачылыгы жөнүндөгү бул таң калыштуу кабар менен канчалык бөлүшкүсү келгениңизди көрсөтүп турат».

Буга окшогон каттарды күн сайын алам. Силерге жана мага окшогондор Машаякта ким экени, Кудайдын Падышачылыгы кандай иштээринен жана анын артыкчылыктарынан ырахат алуу жөнүндө чындыкты үйрөнүп жатышат. Ошентип, бул бөлүмдө мен Дренда экөөбүздүн кош бөлүктүн (порциянын) принцибин кантип ачканыбызды айтып берем жана биздин окуялар силерге дем берерине ишенем.

Дренда экөөбүз Кудайдын Падышачылыгынын мыйзамдарын жана принциптерин изилдей баштаганда, мен бул китептин биринчи бөлүгүндө айтып өткөндөй, биздин жашообуз түп–тамырынан бери өзгөрдү, акчасыздыктан, азаптуу паникалык чабуулдардан депрессияга каршы даарылардан, маңыздуу, маани жана камсыз кылуу менен толтурулган жашоого айланды. Кайра–кайра кереметтерге күбө болуп, бири–бирибизге таң калып: «Муну көрдүңбү? Мына сага!» деп аттык. Биз дайыма Кудайдын Падышачылыгынын Ыйык Китепте айтылгандай иш–аракет кылып жатканын көрүп, «Бул кантип жана эмне үчүн болду?» же «Биз кандай принципти ачтык?» деген суроолорду бердик. Жашообузда ашыкчадан да көбүрөөккө жетсек да, кош бөлүктү (порцияны) мен айта турган окуялардагыдай ачык көрө элекпиз. Биз эки эселенген бөлүккө кубандык, бирок биз көргөндүн бардыгы кош бөлүк экенин билген эмеспиз жана Кудай ал жөнүндөгү түшүнүгүбүздү бекемдей берди. Кудай бизге кош бөлүктү кененирээк түшүнүүгө кандайча жардам бергенин түшүндүрүүдөн мурун, мен Ыйык Китептеги негизги аятыбызды карап чыгууну каалайм.

*Демек, Кудайдын эли үчүн ишемби күн али алдыда.*

*Кудай Өз иштерин бүтүргөндөн кийин эс алгандай эле, Анын бейпил [ишеним] жайына кирген адам да өз иштерин [азаптуу эмгектин, тердин жана эптеп аман калуунун жер бетиндеги каргыш тийген системасы] бүтүргөндөн кийин эс алат [анткени Ал бүттү].*

— Эврейлерге 4:9,10
(Кашанын ичиндеги белгилер меники. – Г.К.)

Силер эми билесиңер, ишемби күндөгү эс алуу бул жөн эле Эски Келишимдеги факт эмес, Жаңы Келишимдеги Машайакка ишенген ар бир адамга берилген убада экенин. Ошондой эле, эгерде силерде жетиштүүдөн артык болбосо, же Мисирден Чыгуу китебинин 16–бөлүмүндө көргөндөй, эки эселенген бөлүк (порция) болбосо, ишемби күндү өткөрүү мүмкүн эмес экенин билесиңер. Суранам, эки эселенген бөлүк (порция) деп, Кудай силерден кандайдыр бир долбоорду кабыл алууну суранган сайын, дайыма колуңарда ашыкча акча болот деп ойлобогула.

Жашоомдо банкта акчам жок болуп турганда Ыйса мага долбоор башта деп айткан учурлар болгон. Кийин түшүндүм, Кудай акчага эч качан тынчсызданбайт жана анын кайдан келерин билет. Бирок, Ал бул булакты керек болгонго чейин душман акчаны уурдоого аракет кылбашы үчүн жашырат. Силерге алдын ала эскертип коёюн: Эгер силерге Ыйык Рух иш–аракет кылууну буйруганына ишенсеңер гана, алдыга жылуу жөнүндө чечим кабыл алгыла. Ыйса бир долбоорду колго ал деп айтканга чейин, алдын ала ишке ашырууга мүмкүнчүлүгү жок туруп, кыймылдабагыла. Кудайдан убакыт жана керектүү камсыздоо келгиче күткүлө.

Жалпысынан алганда, биз ишенгендер каржылык молчулукта жашоого чакырылганбыз. Биз кайырчы эмеспиз, бирок биз Атабызга окшоп ар кандай жагдайда берешендик кыла алабыз. Уккула, Кудай силерге бир нерсени көрсөтүп жатса эле, бул иш–аракет кылууга убакыт келди дегенди билдирбейт. Көбүнчө Ал силерге багытты жана даярданууга убакыт берүү үчүн бир

нерселерди көрсөтөт. Мен өз тажрыйбамдан билем, убакыт багытты түшүнүү жөндөмү сыяктуу эле маанилүү.

Ыйса Өзүнүн кичи мекенинде кызматын баштаганда, чөлдө кырк күн жана түн жүргөндөн кийин, Иордан дарыясында Чөмүлдүрүүчү Жакан тарабынан чөмүлдүрүлгөндөн кийин, жергиликтүү синагогага барып, Ышайа китебинин түрмөгүн алып, алтымыш төртүнчү бөлүмүн таап окуй баштады. Бул окуя Луканын Жакшы Кабарында жазылган.

> *«Теңирдин Руху Менде, анткени Ал Мени жакырларга Жакшы Кабар таратууга дайындады. Мени жүрөгү жаралууларды айыктырууга, туткундарга боштондук жарыялоого, сокурлардын көзүн ачууга, кыйналгандарды эркиндикке чыгарууга, Теңирдин ырайым кылуу жылын жарыя кылууга жиберди». Анан Ыйса китепти жаап, кызматчыга кайтарып берип, ордуна отурду. Синагогадагылардын бардыгынын көздөрү Ага тигилди. Ошондо Ыйса аларга: «Силер уккан ушул пайгамбарчылык бүгүн орундалды», – деди.*
>
> – Лука 4:18–21

Албетте, бул бардыгынын кыжырын келтирди, анткени Ал Өзү Ким окуп жаткан болсо, Ошол экенин билдирди. Ыйса окууну кайсы жерден токтотконуна көңүл бурсаңар. Ышайа пайгамбардын китебинде мындай дейт:

> *Теңирдин руху Менде, анткени Теңир Мени жакырларга жакшы кабар таратууга майлады. Мени жүрөгү кайгыргандарды айыктырууга, туткундарга эркиндик жарыя кылууга, камактагыларга зындандын ачылышын жарыя кылууга.*
>
> – Ышайа 61:1

Ыйсанын сүйлөмдүн ортосунда токтоп калганына көңүл бурсаңар. Ал: «биздин Кудайыбыздын өч алуу күнү» деген сөздү окуган жок. Ал муну ушул сүйлөмдүн «Теңирдин жагымду жайы» деген биринчи бөлүгүнө көңүл бургусу келгендиктен жасады. Теңирдин жагымдуу жайы деген эмне? Юбилейлик жыл! Мындайча айтканда, Ыйса ишемби күн, ишемби жыл жана юбилейлик жыл бизге көрсөткөн көлөкөсүнүн баары Ал келгендиктен, бул жерде жана азыр аткарылганын айткан. Ышайа пайгамбардын Китебинин 61–бөлүмү толугу менен Ыйсанын биз үчүн эмне кылганын айтып берет. Андан кош бөлүккө (порцияга) тиешелүү бир нече аяттарды карап көрөлү.

> *Маскара болгонуңар үчүн, силерге эки эсе болот. Кордук көргөнүңөр үчүн, энчиңерге сүйүнөсүңөр, анткени өз жериңерде эки эсе аласыңар. Силерде түбөлүк кубаныч болот. «Анткени Мен, Теңир, акыйкаттыкты жакшы көрөм, талап–тоноочулук менен зордук–зомбулукту жек көрөм. Аларга чындык боюнча сыйлык берем, алар менен түбөлүк келишим түзөм. Ошондо алардын тукуму элдер арасында белгилүү болот, алардын укум–тукуму уруулардын арасында белгилүү болот. Аларды көргөндөрдүн баары алардын Теңирден бата алган тукум экенин таанып билишет».*
>
> – Ышайа 61:7–9

Каржылык маселелерди чечүүдө алсыз болгонуң үчүн уялуу деген эмне экенин жакшы билем. Көп учурда биздин каржылык абалыбыз үчүн мен кемсинтүү менен башаламандыкты сезчүмүн. Бир жолу шаарыбыздагы ресторандардын бирине жыйырма чакты досторубузду чакырганым эсимде. Кайсы иш–чараны белгилеп жатканыбыз эсимде жок, бирок мен бардык эсепти алдын ала төлөөнү сунуштадым. Кечки тамак учурунда өзүмдү ыңгайсыз сезгеним эсимде, анткени баарын тойгузганга акчам жок болчу.

Мен иштеп жаткан бир келишим үчүн алам деп ойлогон акчам өз убагында келген жок. Бардык карталарымдын ичинен бирөө гана блоктолгон эмес, бирок андагы акча каражаттарын колдонууга чек коюлган эле, мен бул жолу аны менен төлөй аламбы же жокпу билбей да аткам. Эсепти төлөөгө убакыт келгенде, төлөм ишке ашпай калды. Мен өзүмдү абдан ыңгайсыз сезип, конокторумдун биринен эсепти төлөөгө жардам берүүсүн суранууга аргасыз болдум.

**ЭГЕР КУДАЙ СИЛЕРГЕ БИР НЕРСЕ КӨРСӨТҮП ЖАТСА, КЫЙМЫЛ–АРАКЕТ КЫЛУУ УБАКТЫСЫ КЕЛДИ ДЕГЕНДИК ЭМЕС. АДАТТА АЛ БИР НЕРСЕНИ КӨРСӨТКӨНҮНҮН СЕБЕБИ, СИЛЕРГЕ ДАЯРДАНУУГА УБАКЫТ ЖАНА БАГЫТ БЕРИП ЖАТАТ.**

Менде мындай окуялар көп, бирок аларды майда–чүйдөсүнө чейин уга баштоо үчүн колуңардагы сүлгү (салфетка) жетиштүү болбойт го деп ойлойм. Бирок, Кудайга мактоолор болсун, Ыйса аркылуу бизди тааныгандардын баары биз Кудай батасын берген эл экенибизди моюнга алууга аргасыз болушат!

Кош бөлүк силерге тиешелүү, Ыйса – силердин ишемби күнүңөр, Ал силердин кош бөлүгүңөр! Эгер силер менин мурунку китептеримдин бирин окуган болсоңор, анда Теңир мага бугуга аңчылык кылуу аркылуу Падышачылык жөнүндө көп нерселерди үйрөткөнүн билесиңер. Андан дагы, бугуларга аңчылык кылуу Кудайдын менин көңүлүмдү Падышачылыкка бурдуруу жолу болгон. Буга чейин көп жылдар бою кийиктерге аңчылык кылгам, бирок майнап чыкпады. Канча убакыт, канча акча коротсом да олжосуз, бугусуз калгам. Чынын айтсам, бир да жолу ок чыгарганга мүмкүнчүлүк болгон эмес. Ушул жылы, мен келе жаткан маралдарга аңчылык мезгили жөнүндө ойлонуп жаткан кезимде,

Кудай мага: «Быйыл кийикти кантип алуу керектигин Мен көрсөтүп берейин», – деди. Албетте, мен мунун маанисин такыр түшүнгөн жокмун, бирок чекти алып, акчанын жанына “1987–жылдагы бугу үчүн” деп жазып, анан Ал көрсөткөн жыйынга жөнөтүүнү айтты. Ал мага Дренданы чакырып, аны менен бирге бул чекке колубузду коюп, сыйынуу менен Марктын Жакшы Кабарындагы сөздөрдү жарыялоону айтты:

> *Ошондуктан силерге айтып коёюн, Кудайдан эмнени сурасаңар да, аларыңарга ишенгиле, ошондо силерге берилет.*
>
> – Марк 11:24

Кыскасы, ошол жылы такыр тааныш эмес жерге барып, болжолу менен кырк мүнөттө эле бугумду алдым. Дренда экөөбүз акыркы отуз жылдан бери ушул кадамдарды аткарып келебиз, ошондон бери мен ар дайым бугуларымды аңчылыктын алгачкы 30–40 мүнөтүндө алып келем. Жылдар бою мен аң уулап жүргөндө Кудайдын укмуштуудай нерселерди жасаганын көрдүм жана Падышачылыктын мыйзамдары боюнча бир нече сабак алдым. (Бул окуялардын баары менин “Ишеним менен аңчылык” китебимде баяндалган.)

Адатта Огайо штатынын суук мезгилинде мылтык менен мергенчиликке караганда, токойлор жандуу түскө ээ болгон күздүн жылуу айларында арбалет менен мергенчиликти кылганды жакшы көрөм. Бул штатта жылына алты кийикти атып алууга уруксат берилет, бул көп. Мен үй–бүлөмдү багуу үчүн мынчалык көп бугу аткан эмесмин. Адатта үйүбүздүн муздаткычында жылына эки–үч кийиктин эти болот. Менин айтайын деп жатканымды баалай алышыңар үчүн, мен көп жылдар бою аңчылык кылганымда бир эле дарактан эртең менен же ошол эле күнү кечинде эки кийикти атып ала албаганымды түшүнүшүңөр керек. Баса, эгерде силер мергенчи болбосоңор, ооба, биз даракта отуруп эле арбалеттен атабыз.

Көбүнчө бир кийикти аткандан кийин токойдон чыгып, эртеси кайра келип, дагы бир кийикти өлтүрөм. Бирок, бир күнү кечинде аңчылык кылып жүргөндө Теңир мага бир нерсени үйрөткүсү келди.

Аңчылык үчүн күздүн сонун күнү болчу, бир аз булуттанып, маал–маалы менен майда жамгыр жаап турду. Бул жекшемби күнү кечинде болчу, мен бир нече эртең мененки кызматты өткөргөндөн кийин өзүмдү чарчагандай сезип турдум, ошондуктан токойго барууну чыдамсыздык менен күтүп жаттым. Дренда дүкөнгө барууга камданып жаткан эле, биз олжону тоңдургучка салууга убакыт келди деп чечтик. Ал унаага бараткада мен камуфляжымды кийип, буюмдарымды чогултуп жаттым. Ал айдап кетүүгө даяр болгон маалда сыртка чыктым. Ал унааны от алдырып, терезени ылдый түшүрүп, мага: «Кош бөлүк (порция)» деди. Мен анын бул сөздөрдү эмне үчүн айтканын билген жокмун, бирок кийин ал эмне үчүн муну кылганын мойнуна алды, анткени ошол учурда ал аларды Теңирден угуп, мага айтышы керек экенин сезген.

Ошол жылы үч бугуга үрөн сепкен элек жана бул аңчылык мезгилинин биринчи күнү болчу. Мен аны тез өөп алдым да, макулмун деп, токойго кирип кеттим. Мен өзүмдүн менчигимде аңчылык кылам, ошондуктан кайда бараарымды жакшы билчүмүн. Мен дарактын баш калкалоочу жайына чыкканда мүйүз сурнайымды бир нече жолу тарттым. Он беш мүнөттөн кийин сегиз бутактуу мүйүзү бар чоң эркек бугу чуркап чыкты, мен отуз беш метрден ок чыгардым, бугу меники болду. Бул укмуштуудай болду! Мен ылдый түшүп, бугунун жанына жакындадым, бирок кийин Дренданын «кош бөлүк (порция)» деген сөзү эсиме түшүп, кийикти ал жыгылган жерге таштап, кайра дарагыма келип, баш калкалоочу жайга чыктым.

Менин ылдыйга түшүп, басып, анан кайра жашыруун жериме кайтып, даракка чыккандагы кыймылымдан улам, бардык жерге тараган жытты айтпаганда да, табигый дүйнөдө, аң уулоого уруксат берилген убаккыттын калган бир нече мүнөтүндө дагы

бир кийикти атып алуу мүмкүнчүлүгү аз деп ойлодум. Бирок, он беш мүнөттөй убакыт өткөндөн кийин, мен даракта отурсам, жаткан бугуну көздөй дагы бир кийик келди, мен аны бир ок менен таамай атып түшүрдүм. Укмуштуудай, бир дарактан катарлаш эки бугу. Менде буга чейин мындай болгон эмес. Бул окуя менин көңүлүмдү бурду, мен бул Дренда айтып жаткан кош бөлүк (порция) экенин билдим.

Кийинки беш жылдын ичинде ошол эле окуя кайталанды. Арбалет менен ууга чыккан сайын бир дарактан эки кийикти бир нече мүнөт аралыгында атып алчумун. Мен мунун адаттан тыш экенин билдим жана Кудай мага өзүнүн Падышачылыгы жөнүндө дагы бир сабак берип жатканын түшүнүп, кош бөлүк жөнүндө ойлоно баштадым.

Мен ар дайым куралдарды жана албетте мергенчиликти жакшы көрөм. Менин аңчылык үчүн колдонгон мылтыктарымдын коллекциясы бар жана алардын баары мага абдан жагат. Дренда экөөбүздүн 24 гектар менчик жерибиз бар, анын 10 гектары токой, 6 гектары саз. Күзүндө саз, жайдын канчалык нымдуу болгонуна жараша кургак болуп же сууга толушу мүмкүн.

Ошол жылы жай абдан нымдуу болгондуктан күзгү өрдөккө чыгуу мезгили келгенде, сазда суу көп болчу. Жыл сайын сазда суу көп болгондо өрдөктөр ал жакка дайыма учуп келишет, бирок мен аларга көп көңүл бурган эмесмин. Бирок, быйыл суу өтө көп болуп, өрдөктөр үйүрү менен учуп келип атышты, ошондуктан мен туруштук бере албадым. Мурда аларга аңчылык кылбасам да, сазга түшүп, бир аз аң атып көрүүнү чечтим. Аңчылык кереметтүү жүрүп жаткан. Өрдөктөр көп болчу, ошол жылы биз аларды кечки тамакка тез–тезден бышырып турдук.

Ошол жылы өрдөккө мергенчилик кылып жүрүп, алар көбүнчө ок жетпеген бийиктикте учуп жүргөнүн байкадым. Мен көбүнчө коёндор менен кыргоолдорго аңчылык кылганда алчу универсалдуу мылытыгымды колдончумун, бирок өрдөктөр ок

жетпеген бийиктикте учуп жүрүшчү, ошондо өрдөк үчүн атайын жасалган мылтыктын жаңы түрү жөнүндө бир жерден укканымды эстедим. Бул мылтыктардан чоң бөлчөктөр менен атууга болот эле, ал узагыраак атууга мүмкүндүк берет. Мен аларды сөзсүз карап көрүшүм керек деп ойлогонум эсимде.

Ошентип, мен сезон аяктагандан бир ай өткөндөн кийин жергиликтүү спорттук товарлар дүкөнүндө болуп, сууда сүзүүчү канаттуулар үчүн аң улоо категориясындагы мылтыктардын стеллажын көрдүм. Курал–жарактын орточо баасы 2000 долларды түздү, мен сатып алууну бир аз кийинкиге калтырууну чечтим, анткени он ай ичинде жаңы, өрдөккө аңчылык кылуу сезону ачылганга чейин мага мылтык керек болбой калышы мүмкүн. Ошол эле учурда мен ойлонбой туруп: «Теңирим, мен өзүмө ушундай мылтык каалайт элем» деп үнүмдү чыгарып сүйлөдүм. Мен айткандарымды көп ойлонбостон дүкөндөн чыгып кеттим, бирок бир нече жумадан кийин корпоративдик сатуу чогулушунда баяндамачы болдум. Бул жыйын чогулушу эмес, бул кадимки бизнес фирмасында кезектеги сатуу жолугушуусу болчу. Презентациямдын аягында жетекчи семинар үчүн ыраазычылык билдирип, “Биз сиздин баяндамаңыз үчүн ыраазычылыгыбызды билдирип, белек тартуулагыбыз келип турат”, – деди. Анан биз жолукканга бир нече жума калганда мен спорт дүкөнүндө карап жүргөн мылтыкты алып чыкканда таң калдым. «Теңир, менде ушундай мылтык болсо экен» деген сөзүм, мурда көп мылтыктарды белек кылганым ушул түшүмдү алып келди.

Биринчи китебимдеги «Сенин каржылык төңкөрүшүң. Макулдашуунун күчү» сериясында мен бул мылтыкты алган принцип жөнүндө айткам. Мен аны орок принциби деп атайм, ал Марктын Жакшы Кабарында баяндалат (4:26–29). Эгер силер аны окуй элек болсоңор, бул китептин көчүрмөсүн табууну сунуштайм. Бул мылтыкка кантип ээ болуп калганым албетте таң калыштуу, бирок мен чындап эле ушуга байланыштуу эсиме келген дагы бир окуяга токтолгум келет.

Бир күнү, бул мылтык менин коллекциямда пайда болгондон кийин жана мен түшүмдү кантип кыймылга келтиргенимди түшүнгөндөн кийин, алгым келген башка мылтыктар жөнүндө ойлоно баштадым. Мен ондогон мылтыктарды септим, ошондуктан Падышачылыктын мыйзамдары менен тажрыйба жүргүзүү кызыктуу болот деп ойлодум. Менин коллекциямда бир гана эки ооз мылтык жок болчу. Бул сонун курал жана адатта арзан эмес. Ошондуктан мен: «Теңирим, менде бир жакшы кош ооз мылтык болсо экен!» — дедим.

Бир айга жакын убакыт өткөндөн кийин кызматта иштеген шеригим телефон чалып, эки ооз мылтык бергиси келгенин айтты. Мен аябай сүйүндүм, шеригим почта аркылуу жөнөтөм деди. Бир нече күндөн кийин мен эки ооздуу мылтыктан экини алдым, укмуштуудай! Мен эки курал алганыма көңүл бурсаңар. Мен: «Мына сагаа!» деп ойлодум. Анан мен өнөктөшүмө чалып, мага жөнөткөн сонун белеги үчүн ыраазычылык билдирдим. Бир нече күндөн кийин ал мага дагы эки мылтык жөнөттү. Мен ага дагы бир жолу ыраазычылык билдирип телефон чалсам, ал:

«Сиз мага жеке өзүңүз телефон чалып ыраазычылык билдиргениңизге абдан таасирлендим, мен сизге дагы эки кош ооз мылтык бергим келди», – дейт.

Бул белектер мага абдан таасир этти, бирок мен бир үлгүнү байкай баштадым. Ар бир жолу эки мылтык? Эки эселенген кош бөлүккө (порцияга) окшойт.

Болжол менен эки ай мурун мен эртең менен бир жыйында семинар өткөрүп, анан кечинде ошол эле шаардагы башка жыйында окутушум керек болчу. Эртең мененки сессиядан кийин мага бир киши келип:

Мен сизге өзүмдүн сонун “Браунинг” жарым автомат мылтыгымды жибергим келет.

Мен кайрадан абдан кубандым. Кызык, бирок ошол эле күнү кечинде башка жыйындан дагы бир адам мага келип:

– Мен сизге мылтык белек кылгым келип турат, – деди.

Бул мен дайыма суктанган, бирок коллекциямда эч качан болбогон жаңы Марлин 30/30 мылтыгы болчу. Мен дагы таң калдым, бирок бул кош бөлүк (порция) экенин түшүнө баштадым.

Бул кайталанганга чейин бир нече жума өттү – мага бир күндө эки мылтык беришти. Мен так айта алам: мен эки мылтык менен баталаланган адаммын. Бирок, кандай окуяны айтсам да, мен дайыма “бул кантип болду?” деген суроону берем. Албетте, буга чейин көп мылтык сепкем деп айткам, бирок ага чейин «Теңир, мен муну каалайм» деп айткан эмесмин. Бул кайра эле, силер билишиңер керек болгон орок принциби. Бирок, орок принцибинен тышкары, мен ачык жана так кош бөлүк (порция) принцибин козгодум жана аны кантип жасаганымды так билгим келди. Менин көз карашым боюнча Теңир мага Падышачылыктын оруп–жыюунун бул маанилүү аспектисин көптөрүбүз байкабай жатканыбызды көрсөттү деп ишенем жана мен бул темага кийинки бөлүмдө токтолом. Бирок, мен ага өтөөрдөн мурун, ошол эле жылы эмнелер болгонун айтып беришим керек.

Мылтыкты почта аркылуу алгандан кийин, төмөнкү окуя болду – бул менин башымдан өткөн эң таң калыштуу окуялардын бири. Эч кандай шек жок – бул окуя кош бөлүктүн үлгүсү болгон. Бул менин унааларыма, айрыкча мага белекке берилген ак бермет “кадиллакка” байланыштуу, бул тууралуу мен мурунку бөлүмдөрдүн биринде айткан элем. Айтканымдай эле, Дренда экөөбүз унаага жакын эмеспиз. Биз адатта, алар иштебей калганга чейин же жөн эле көрүнүшү анча болбой калганга чейин айдайбыз.

Бул окуяда мен дагы бир жолу айта кетейин, Дренда экөөбүз буга чейин унааларды белекке бергенбиз бирок, биз бул берешендиктен түшүм жыйнагыбыз келет деген ишенимибизге эч качан конкреттүү талап койгон эмеспиз. Бирок, конференция учурунда биз ижарага алган “кадиллак эскалейди” айдап жүргөнүбүз тууралуу окуяны эстесеңер: “Бизге бул унаа жагат,

ушундан алышыбыз керек" дегенибизде, бирөө бизге жөн эле телефон чалып, аны бизге сатып бергиси келерин айтаарын күткөн эмесбиз. Бирок, албетте, дал ушундай болгон. Анан албетте, биз ошондойду каалаганыбызды эч кимге айткан жок элек. Ошентип, мен силерге мурда айткандай, бизде ак бермет "эскалейддин" кыска версиясы пайда болду, ал кереметүү болгон жана ошол бойдон калууда. Мен аны жакшы көрөм.

Бирок, бул окуяга өткөн жайда болгон андан да таң калыштуу кошумча бар. Өткөн жайда биз "кадиллак эскалейдди" айдап жүргөнүбүзгө бир жарым жыл болду, бир күнү мен мотордун диагностикалык жарыгы күйүп калганын байкадым.

Мен бул маанилүү эмес көйгөй деп ойлогом бирок, баары бир ага көңүл бурууну чечтим. Ошондуктан, дилерге моторун текшерүүнү сурандым. Мага такыр көйгөй жок экенин айтышты. Датчик түтүктө аз өлчөмдө май кармап жатканын аныктады бирок, бул тынчсызданууга себеп болбошу керек. Мен бул унааны канча айдасам, мотор мага ошончо кызмат кылат. Эмнеге май кармап жатканын сурадым. Менин моделимде ыңгайлаштырылган чыгаруу системасы орнотулган жана алар датчиктин күйүп атканына ушу себеп болушу мүмкүн деп ойлошкон. Андан кийин алар мени мотордо эч кандай көйгөй жок жана ал мага көпкө кызмат кылат деп тынчтандырып, ишендиришти.

**МЕН ПАДЫШАНЫ ЖАНА АНЫН ПАДЫШАЧЫЛЫГЫН ИЗДЕЙМ, БИРОК ПАДЫШАЧЫЛЫКТАН МЕН ЖЕТИШТҮҮДӨН КӨБҮРӨГҮН – КОШ БӨЛҮКТҮ ТАБАМ!**

Бир күнү мага бул машинаны белек кылып берген адам менен сүйлөшүүдө мен датчик менен болгон көйгөйдү айттым. Ал:

– Ооба, мен башка "джи–эм–си" машиналарында да ушундай көйгөйгө туш болдум. Айтмакчы, өзгөчө бул көйгөй мурунку моделдер үчүн мүнөздүү, – деди.

Андан кийин ал бул унаага эч кандай таасирин тийгизбеши керектигин жана мен аны дагы он жыл же андан да көп убакыт көйгөйсүз айдай берсем болот деп кошумчалады.

Ал Дренда экөөбүздүн Флоридада үйүбүз бар экенин билген, аны сүйлөшүүгө чейин эле сатып алганбыз. Ал мага:

– Билесиңби, бул машинаны Флоридада айдоо үчүн коюп кой, мен сага Огайодо айдоо үчүн жаңысын берем, – дегенде таң калып эле калдым.

Ооба, азыр менде ак бермет түстөгү кыскартылган моделдеги эки “кадиллак эскалейд” бар, алар биринчи унаада анда–санда күйүп турган жарыктан башка бардык жагынан идеалдуу. Экөө тең абдан кооз унаалар. Бул кайрадан «Силер муну көрдүңөрбү?» деген көз ирмемдердин бири болду. Дренда экөөбүз бул кооз машиналарды айдап бараткандa кээде бири–бирибизди чымчып коюшубуз керек. Алардын эч кимиси үчүн акча төлөгөн жокпуз. Бирок, бул учурда биз анын кош бөлүк (порция) экенин так билебиз.

Мен бул окуяларды мактаныш үчүн айтпайм, бирок досум, мен бактылуумун! Мен эки эселенген бөлүккө сүйүнүп атам, ал эми силер билип калгандай, бул жетиштүүдөн көбүрөөк дегенди билдирет. Менин мылтык сейфим жетиштүүдөн да көбүрөөк болуп мылтыктарга толгон. Менде эки бирдей “кадиллак эскалейд” бар, мен эч бирине төлөгөн жокмун. Бул жетиштүүдөн көбүрөөк экенине кошуласыңар го деп ойлойм! Мен силерди материалдык баалуулуктарды кубалаага чакырган жокмун, кеп анда эмес. Мен буюмдарга карманга жокмун, материалдык байлыкка табынып, аларга умтулбайм. Мен Падышаны жана Анын Падышачылыгын издейм, бирок Падышачылыктан мен жетиштүүдөн да көп нерсени табам – эки эселенген бөлүктү!

Күтө тургула, ушуну менен эле Кудайдын жакшылыгы жана кош бөлүк жөнүндөгү күбөлүгүмдүн аяктаган жокмун.

Акыркы жыйырма жылдан бери жубайым океандын жээгинен үй алгысы келди. Жок, мен башкача айтайын. Ал ар дайым аны

каалаган! Ал океанды абдан жакшы көрөт. Эмнеси болсо да, ал көп жылдар бою океан жээгиндеги үйлөрдү карап келет. Бир күнү сатууда ага жаккан үй пайда болуп калды бирок, биз жыйын долбоорлоруна акча керек болуп, үйдү сатып алууну кийинкиге калтырдык. Ал эми, бул жылы мен үйдө велоспорт менен машыгып жатып, жер төлөдө сыйынып аттым. Күтүлбөгөн жерден Теңир мага адаттан тыш түрдө кайрылды:

– Дрендага айт, Флоридага, ал үй алгысы келген шаарга барсын, ал ушул аптада океандын жээгинен үй сатып алышы керек.

Охоо, ушул жумадабы? Муну укканда жан дүйнөмдө чоң кубанычты сездим. Ошентип, мен Дрендага Теңир айткандарынын баарын айтып бердим жана биз ошол шаарда жашаган досубузга кайрылып, Дренданы бир нече күн үйлөрдү көрүүгө алып барууну өтүндүк. Досубуз муну кубаныч менен кылам деп жооп берди.

Ошентип, Дренда интернетке кирип, ал көргүсү келген жыйырма бештей үйдүн тизмесин түздү. Флоридада ал өзүнүн тизмесин жыйырма бештен бешке чейин кыскартып, бизге ылайыктуу болгон үйлөрдүн бирин өзгөчө жактырды. Анан мага ушул беш үйдү жана ага өзгөчө жаккан үйдү көрсөтсүн деп, анын жанына учуп бардым. Беш үйдүн ичинен экөөнү тандап алдык – ал жактырган үйдү жана кооз бирок, анчалык эмес болгон бир үйдү. Моюнга алышым керек, мен ал жактырган үйдү көргөндө Дренданын табитин дароо түшүндүм жана биз ага сурамжылоо жөнөттүк. Үй ээси аны кабыл алып жана жаңы үйүбүздү сатып алуу үчүн документтерди бүтүрө баштадык.

Бир нече жумадан кийин, биз Огайо штатындагы үйдө эс алып жатканыбызда, Дренда дем алып, мындай деди:

– Бул менин үйүм го!

Мен ага жооп бердим:

– Бул сенин үйүң экенин билем. Кудай мага сени ал жакка жөнөткөн жумада океандын боюнан сага үй сатып алышымды айтты.

– Жок, сен түшүнгөн жоксуң. Бул менин үйүм, – деди ал. Анан ал бир нече жыл катары менен ошол аймактагы үйлөрдү издеп жүргөнүн жана бир күнү кыймылсыз мүлк каталогунан биз азыр сатып алып жаткан үйдүн сүрөтүн көрүп калганын айтты. Ал ага абдан жаккан. Ага мунун ичиндеги бардык нерсе жаккан: испаниянын жер ортолук деңизинин архитектурасы, планировкасы, жайгашкан жери, бардыгы. Ал бул сүрөткө сөөмөйүн коюп: «Теңирим, мен бул үйдү каалайм!» – дегенин эстетти. Бирок, ал үйдүн өтө кымбат экенин жана биз башка долбоорлорго накталай акча салганыбызды билгендиктен, ал ошол убакта биз үчүн арзаныраак болгон башка үйлөрдү караганды уланткан. Бирок, ал башка үйлөрдү жактырган эмес жана ошентип отуруп сатып алууга каражат жеткен эмес. Болгону, бизде үй боюнча жан дүйнөбүздө тынчтыгыбыз болгон эмес.

Мындан эки жыл мурун жээкке жакын, океан боюндагы үйдүн үрөнүн сепкенибизди да айта кетейин. Биз ошондо, бул шаарда пляждын жанында үйүбүз бар экенине ишенип макулдашканбыз жана аны себилген күнү алганыбызга макул болдук. Экөөбүз кол кармашып, Дренданын жээкке жакын океандын боюнда үйү бар деген бүтүмгө келген жер жана учур так эсимде. Эми, келишимге кол коюп жатканыбызда, Дренда күтүлбөгөн жерден эки жыл мурун көргөн сүрөтүн эстеп, бул үй ошол үй, анын үйү экенин түшүндү!

Бул үйдүн тарыхын изилдеп чыккандан кийин, биз ээси бир нече жыл мурун бул үйдү сатууга аракет кылганын, бирок аны сатууга үлгүрбөй, аны сатыктан алып салганын аныктадык. Мына так ошо убакта Дренда кыймылсыз мүлк тизмесинен үйдүн сүрөттөрүн көргөн. Бирок, андан кийин ээси аны кайра сатыкка коюуну чечти жана Дренданы тез арада ал жакка жөнөтүү зарылдыгын сезип, «ушул жумада үй сатып алышың керек» деген сөздөрдү эмне үчүн мен укканымды түшүндүм. Ал силерге айтып бере алат, мен адатта оңой менен акча сарптабайм. Убакыт – баарын чечет. Бул жолу менде башка долбоорлорго салынбаган бош акча бар болчу. Ошондуктан, үй сатып алууга мүмкүнчүлүгүм бар болчу.

Мен ишенем, аны көп адамдар көргөн, ошондуктан биз тез арада аракет кылышыбыз керек болчу. Таң калыштуусу, бул эки жылда баасы көтөрүлгөн эмес, Дренда үйдү биринчи көргөндөгүдөй эле болчу. Менимче, Кудай аны ал үчүн сактап турган!

Бирок, бул окуяда кош бөлүк менен байланышкан уландысы бар. Үйүбүз менен келишим бүтөөрүн күтүп жатканыбызда Дренданын апасы чалды. Алардын Канадада үйү бар болчу, ошол кезде алар ага отуз эки жыл ээлик кылып келген. Бул жылдардын арасында биз ал жерде бир нече жолу болдук жана үй жана жайгашкан жер абдан жакты. Үй сууга жакын аралда турган. Анын үстүнө, арткы террассадан он метр алыстыкта океан болгон. Дренданын ата–энеси карып калышты жана алар мындан ары мынчалык алыс жайгашкан үйдү карап, аны кароого кеткен чыгымдарды төлөөгө алы жок экенин айтышкан. Алар бизге кайрылып, сатып алууну сунушташкан, мен баш тарттым. Жайгашкан жер Огайодан отуз бир сааттык аралыкта болгондуктан, мага жакса да, үй сатып алуунун маанисин көргөн жокмун, анткени мен ал үйгө көп бара албайм. Ошондуктан, үйдү сатуу үчүн ата–энелери кыймылсыз мүлк агенттигине кайрылышкан, бирок эки жылдан бери бир дагы сатып алуучу ага олуттуу кызыккан эмес.

**КОШ БӨЛҮК БИР ТҮРДӨГҮ ЭКИ БУЮМ МЕНЕН ЧЕКТЕЛЕТ ДЕП ОЙЛОБОГУЛА. ЧЫНДЫГЫНДА КОШ БӨЛҮК БИР НЕРСЕНИН ЖЕТИШТҮҮДӨН ДА КӨБҮРӨӨГҮНӨ ЭЭ БОЛУУ ДЕГЕНДИ БИЛДИРЕТ.**

Биз жээктин жанындагы океандын боюндагы үй боюнча келишимди күтүп жатканыбызда, ата–энеси телефон чалып, үйүн сатууда ийгиликсиз аракет кылышкандыктан, биз алардан үйдү сатып алып, ошону менен аны үй–бүлөдө калтыргыбыз келсе, анда бааны эки эсеге кыскартууга даяр экенин айтышты.

Мен бул сунушту ойлоно баштадым, балдарым ал жакта

чоңоюп, ал жердин өзү да кооз эле. Ошентип, Дренда экөөбүз сыйынып, үйдү сатып алууга макул болдук. Бизде аны төлөөгө жетиштүү акча бар болчу. Андан сырткары, мындан бир жыл мурун биздин компаниябыз үчүн учак да сатып алганбыз, аны менен отуз бир саат жол жүргөндүн ордуна беш саатта учуп бара алат элек. Ошентип, азыр ал жакка жетүү алда канча ыңгайлуу болду.

Бир күнү, биз алуу–сатуу келишимдерин түзүп бүткөндөн кийин, мен кеңседе отурганда, күтүлбөгөн жерден: «Бир аз күтө тургула, бул эки эселенген бөлүк (порция)!» деген нерсе оюма келди. Жубайым көп жылдар бою океандын жээгиндеги үйгө ээ болууну кыялданчу. Эми эки айдын ичинде анын Америка Кошмо Штаттарынын түштүгүндө кышында жылуу, бирок жайында көпкө туруууга өтө ысык болгон үйү бар болуп калды. Экинчи үй жайгашкан Канадада температура жайында идеалдуу, бирок кышында өтө суук. Биз анын эки мезгилге тең океан жээгинде үйлөрү бар экенин түшүндүк. Укмуштуудай. Албетте, эки келишим түзүлүп бүткөндөн кийин экөөбүз тең бири–бирибизге: «Сен муну көрдүңбү?» дедик. Менин оюмча, бул эки эселенген жардамдын жыты экенине жана баары ага ишарат кылганына макул болосуңар. Керемет!

Биз кош бөлүктүн иш–аракетин так көрө алышыбыз үчүн, Кудайдын Дренда экөөбүзгө бир эле түрдөгү нерседен экиден бергендигине бир нече мисал келтирдим. Бирок, мен силер кош бөлүк (порция) бир эле түрдөгү эки нерсе менен гана чектелет деп ойлобойсуңар деп ишенгим келет. Чындыгында, кош бөлүк (порция) бир нерсенин жетиштүүдөн да көбүрөөк болушун билдирет. Кудай менин көңүлүмдү кош бөлүккө буруу үчүн, бир эле түрдөгү эки нерсенин ачык–айкын мисалдарын колдонгон. Демек, кандай гана нерсе болбосун, анын ашыкча болушу эки эселенген бөлүк дегенди билдирет. Силер эки эселенген жардамдын жана ишембилик эс алуунун реалдуулугун түшүнө алдыңар деп үмүттөнөм. Падышачылыктагы жашоо укмуштуудай!

Азыр мен бул бөлүмдү жазып жатып, мен Канададагы

үйүбүздө, терезеден океанды карап отурам. Чайкалар менен өрдөктөр биздин үйдөн жыйырма метр нары жагында эле жээкти бойлоп жүрүшөт. Мен тынчтыкты сезип турам, эч кандай кыйналуу жок, баары үчүн төлөнгөн жана бул бата. Мен тапшырманы аткарып атам, Атамдын Падышачылыгы жөнүндөгү Жакшы Кабарды бөлүшүп жатам, мен Анын үйүндөгү уулумун, Анын улуу Падышачылыгынын жаранымын жана эки эселенген жардамдан ырахат алып жатам!

Дренда экөөбүз Кудайдын Падышачылыгы жана анын ичиндеги биздин жашообузга таасир эткен мыйзамдар, ошондой эле бизге өздөрүнүн окуяларын электрондук почта аркылуу жөнөткөн миңдеген адамдардын жашоосу жөнүндө көптөгөн окуяларды жазсак болот. Мен айткандай, силер Ыйык Китептен бардык нерсе жөнүндө окуй аласыңар, бирок Ыйык Китеп биздин көз алдыбызда болуп жатканын көрүү абдан сонун.

Мен дагы бир эскертүү кошкум келет. Кудай Дренда экөөбүзгө кандай батасын берип жатканын жана биз басып өткөн жол жөнүндө айтуу мен үчүн өтө коркунучтуу. Адамдар муну көбүнчө туура эмес кабыл алышат. Кээде алар бизди текеберленип же мактанып жатабыз деп ойлошот. Анткени, биз алардын ондуктарын же курмандыктарын алып, өзүбүзгө жумшайбыз деп ойлошот. Сураныч түшүнгүлөчү, Дренда экөөбүз телеберүүлөрдүн кирешесинен жана материалдарыбызды сатуудан акча албайбыз. Ооба, албетте, биз пастор болуп кызмат кылган жыйындан айлык алабыз. Бирок, биздин өзүбүздүн жеке бизнесибиз бар жана ар дайым болгон, Кудай ага батасын берип турат. Мен жөн гана биз бөлүшкөн бул жеке окуялар аркылуу жүрөгүбүздү ачкым келет. Мен силерге чындыгында эмне болуп жатканын жана бул окуялар аркылуу Кудай бизге эмнелерди үйрөткөнүн айтып беришим керек деп ойлодум. Мен силер менен Дренда менен Гэри Кесиге гана таандык жыйынтыктарды бөлүшүп жаткан жокмун, биз анчалык деле кыйын эмеспиз! Жашоодо биз көргөн жана ырахат алган нерселер Атабыздын жана Анын Падышачылыгынын биздин

жашообуздагы ишинин натыйжасы. Биз бул окуяларды бөлүшүп жатканыбыздын себеби, силер да аларга берилишиңерди каалайбыз! Түшүнгүлө, биз эч ким эмес болчубуз, мен бул китепти бир себептен улам жазып жатам. Мен мунун кандайча иштээрин билүүңөрдү каалайм, силер үчүн Кудайда болгон нерсенин алышыңарды жана түшүнүшүңөрдү каалайм.

Мен жакырчылыкты бүт жүрөгүм менен жек көрөрүмдү түшүнгүлө. Тынымсыз стресс жана коркуу менен жашаган ошол тогуз жыл жер бетиндеги таза тозок эле! Ишембидеги эс алуу меники сыяктуу эле силердики экенин эсиңерде деп үмүттөнөм! Кийинки бөлүмдө мен силерге ишемби күндөгү эс алууга кантип кошулууга болорун түшүнүүгө жардам берем.

Мен бул бөлүмгө дагы бир гана эскертүүнү кошом. Мурунку сүйлөмдү жазып бүтүп жатканымда, катчым кабинетке кирип, мага бир куту жеткирилгенин айтты. Мен кызыгып, аны ачтым. Ичинде эки кооз мылтык бар экен. Кандай дем! Бул жерде жазгандарымдын баарына Кудай өзүнүн «Оомийин» деп айткан сыяктуу.

Бул китеп басылып чыккандан кийин жана биринчи нускасын басып чыгарылаары менен, мен бул принциптерди Атлантадагы Revolution (“Алмашуу”) конференциябызда биринчи жолу ырахаттануу менен үйрөттүм. Мен кубаныч менен бардыгына жаңы китебимди тартууладым. Сахнага чыгып сүйлөөгө камданып жатсам, катчым мага телефон чалып, мага биринчи эки мылтык берген мырза телефон чалганын, ал мени менен дароо сүйлөшкүсү келгенин айтты. Мен ага дароо чалдым. Ал менин кайра чалганыма абдан кубанып, мага дагы эки мылтык жөнөтүү үчүн “Юпиэс” кеңсесине кирип чыкканын түшүндүрдү! Андан сырткары ал Дрендага да мылтык жөнөткөн бирок, анын аңчылык кылбасын билгендиктен, ага жүз долларлык купюралар түрүндө 1500 доллар жөнөткөн. Мен таң калдым. Кудай мени жумушумда кайра кубаттап, мындан ары да уланта бер деп жатканын сездим. Муну адамдар билиши керек, Кудай муну

силердин да билишиңерди каалайт! Кыскасы мен үйгө келгенде толкунданууу менен кутучаны ачтым. Дренда экөөбүз, эң кооз кош ооздуу жаңы браунинг мылтыктарын алдык. Андан сырткары 20 калибрлүү "браунинг голд" жарым автоматтык мылтыгын алдым, ал эми Дренда болсо, албетте анын 1500 долларын алды. Кош бөлүк (порция)!

Эмнеге мынча көп мылтык керек деп ойлоп жаткандырсыңар. Моюнга алышым керек, азыр менде эң сонун арзан да эмес курал–жарактардын чоң коллекциясы бар жана мен ушул эле суроону берип жаткам. Кудай мага бул Анын ресурстары канчалык зор экенин жана Анын ырыскысы менин күткөнүмдөн жана эптеп аман калуу үчүн зарыл болгон нерселерден алда канча жогору экенин көрсөтүү Анын жолу экенин ачып берди. Мен муну алып атам! Мен муну көрүп турам!

## 10 – БӨЛҮМ

# КОШ БӨЛҮКТҮН СЫРЫ

Мен буга чейин ишемби деген эмне жана кош бөлүктүн аркасында кантип мүмкүн боло тургандыгы жөнүндө айттым. Силердин оюңардагы суроо: «Кантип кош бөлүктү (порцияны) алсам болот?» Макул, кызыкканыңарга кубанычтамын! Бул суроого жооп табуу үчүн келгиле, Ыйса Машаяк 5000 адамды беш нан жана эки балык менен тойгузганына кайрылалы.

*Бир топ убакыт өткөндөн кийин, Анын шакирттери жанына келип: «Бул ээн талаа экен, кеч да кирип кетти. Элди тарат, алар тегеректеги айыл–кыштактарга барып, өздөрүнө нан сатып алышсын, алардын жей турган эч нерсеси жок», – дешти. Ыйса болсо: «Аларга тамакты силер бергиле», – деп жооп берди. Шакирттери Ыйсага: «Биз, эмне, аларды тамактандыруу үчүн, эки жүз динарийге нан сатып келелиби?» – дешти. Ыйса аларга: «Силерде канча нан бар? Барып, карагылачы», – деди. Алар билип келип: «Беш нан, эки балык бар экен», – дешти. Ошондо Ыйса аларга элди топ–топ кылып бөлүп, чөптүн үстүнө отургузууну буйруду. Эл жүздөн, элүүдөн болуп, катар–катар отурушту. Ыйса беш нан менен эки балыкты алды да, асманды карап, Кудайга ыраазычылык билдирди. Анан нанды сындырып, элге*

> *таратыш үчүн, шакирттерине берди. Эки балыкты да бардыгына бөлүп берди. Бардыгы тоё жешти. Артып калган нан менен балыкты чогултканда, он эки себет толду. Тамактанган эркектердин саны беш миңге жакын эле.*
>
> Марк 6:35–44

Биз буга чейин бул окуяны чагылдырганбыз, бирок бул жерде эки эселенген порция боюнча кээ бир маанилүү кеңештер бар. Бул окуяда Ыйса табияттан тышкаркы түрдө нан менен балыкты көбөйтүп, эл тойгонго чейин жешти.

Менимче, аялдар менен балдарды кошкондо 20 000дей адам, адамдардын беш нан, эки балыкка толук каниет кылганы албетте бул Кудайдын иши. Анан да биз Кудайдын Падышачылыгын жана анын иштөө жолдорун даңктай алабыз. Ал эми, элди тойгузуп койгону бул окуянын толук көрүнүшү эмес, эгер ошол жерде токтоп калсаңар, анда эки эселенген үлүштөн куру калып жатасыңар. Келгиле, бир аз тереңирээк казып көрөлү.

**ЖӨН ГАНА ТОЙГОНГО ЖЕ КАНАГАТТАНУУГА КАРАГАНДА, ЖАШООНУН ЖАКШЫ ЖОЛУ БАР. КАНАГАТТАНУУНУН МЕНТАЛИТЕТИ МЕНЕН КӨП НЕРСЕЛЕРДИ КУРУУ МҮМКҮН ЭМЕС. БҮГҮНГӨ ГАНА КӨҢҮЛ БУРУУ КАНАГАТТАНУУНУН ДЕҢГЭЭЛИ МЕНЕН ГАНА ЧЕКТЕЛИП КАЛАТ.**

Жөн гана тойгонго же канааттануу издөөгө караганда, жашоонун жакшы жолу бар. Канагаттануунун менталитети менен көп нерселерди куруу мүмкүн эмес. Бүгүнгө гана көңүл буруу канагаттануунун деңгээли менен гана чектелип калат.

> *<u>Бардыгы тоё жешти.</u> Артып калган нан менен балыкты чогултканда, он эки себет толду. <u>Тамактанган эркектердин саны беш миңге жакын эле.</u>*

Бул текст бизге эмне дейт? Бардыгы тойгондон кийин, он эки себет нан менен балыктын кесиндилерин чогултушту. Эки порциянын аныктамасы – бул жетиштүү болушу керек. Жетиштүү – бул демек, тойгонго жетишерлик, ал эми эл тоюп калгандан кийин артып калган он эки себет бул – жетишерликтен да ашыкча эки бөлүк. Сураныч, бул айырмачылык силердин оюңарга тереңирээк тамырласын. Мен силердин акылыңарда жетиштүүлүк жана эки эселенген бөлүк жөнүндө так элестетүү болушун каалайм. Бул окуяны ишке ашыруу үчүн, Ыйса ошол кырдаалда падышачылыктын күчүн кантип колдонгонуна тереңдеп кирүүгө менин убактым жок – 5000 адам тамактанды. Бирок, толук түшүндүрмөлөрдү бул сериядагы китептердин “Сенин каржылык төңкөрүшүң. Макулдашуунун күчү” деп аталган биринчи китептен таба аласыңар.

Анын ордуна, мен бул окуяда эки эселенген жардамга, ашыкча каныккандыкка жана анын кандайча болуп өткөнүнө токтолгум келет. Ооба, бул укмуштуудай окуя – 20 000 адам тамактанган, мына сага! Кудайдын Падышачылыгында тойгондуктан башка дагы көп нерсе бар, бирок албетте, ашыкча тоюудан мурун жөн гана тоюу керек. Каннықандык (тойгондук) жана канааттануу сонун, бирок эртеңки күнү эмне болот? Айтайын дегеним, эгер силердин максатыңар тоюу гана болсо, кайра ачка болгонуңарда эмне болот?

Көптөгөн машайакчылар тойгон абалында болуп турушат бирок, эки эселенген бөлүктү (порцияны) өткөрүп жиберишет. Теңирдин ишемби күнүн алып келген нерсе кош бөлүк. Тойгондук – бул убактылуу гана чечим болуп саналат. Бул камсыздык маселесин чечпейт. Азыр ачка болбосоңуз дагы, ачка кала турганыңызды билүү, коркуу эшигин ачып, эптеп аман калууңузду ойлоп, чуркап иштөөңүзгө себеп болот. Жок, жөн гана каныгуу же канааттануу,

издөөгө караганда жашоонун жакшы жолу бар. Тоюу менталитети менен гана көп нерсени куруу мүмкүн эмес. Бүгүнкү күнгө гана көңүл буруу, көрүү мүмкүнчүлүгүн тойгондуктун деңгээлине чейин гана чектейт. Тоюу максатына ээ болуу, дагы эле талыкпаган эмгек жана жердеги тер аркылуу эптеп аман калуу системасынын каргышка калган максатын көздөйт.

## Тойгонго суусаган адам бир күнгө эле ток болот, эки эселенген бөлүк эртеңди жаратат!

Маданият тармагынын талаасындагы, ошондой эле жыйындын көбүндөгү ой жүгүртүүгө мисал келтирейин. Кимдир бирөөдөн алардын каржылык абалы кандай экенин сурасаңар, көптөгөн жоопторду аласыңар балким, анча деле жакшы эмес. Бирок, кимдир бирөөдөн: “Бизде баары сонун” деген оң жооп алсаңар, андан: “Үйүңөр үчүн төлөгөнүңөргө канча болду?” деп сурагыла. Алар балким, таң кала тиктеп: “Иий, биз үй үчүн төлөп бүтө элекпиз. Биз жөн гана бардык төлөмдөрүбүздү төлөйбүз жана банкта бир аз аманатыбыз бар деп айттык»,– деп жооп берет. «Абдан жакшы!” – деп айтасыңар. «Силерде чынында эле баары жакшы экен. Айткылачы, банкта 10 миң доллардан ашык акчаңар барбы?» Албетте, менин оюмча, кимдир бирөө муну сурашы күмөн бирок, силер сурасаңар жана алар жооп беришсе, жооп болжол менен төмөнкүдөй болот: «Жок, бирок бизде 800 доллар бар.» Бул адамдар жакшы унаасы, жакшы үйү жана банкта бир аз акчасы бар болгондуктан, аларда каржылык жактан баары жакшы деп олуттуу ойлошот. Алар канныкан жашоо образы жөнүндө айтып берип жатышат. Банкта 100 000 доллар, же андан да жакшысы 500 000 доллары бар, үйдүн акчасын төлөп салгандар жөнүндө эмне айтууга болот? Бул көпчүлүк адамдар үчүн жашоонун жетиштүү сүрөтү болмок. Канааттануу – бул сонун жана зарыл, бирок тамак–аш кампасында он эки себет нан жана балык болгону жетиштүүдөн да көбүрөөк жана бул жерде тынчтык бар!

Бир күнү бир кардар менен отуруп, анын каржы маселесин

талкууладым. Мен анын карыздарын анализдеп жаткам, анын кырк миң долларга жакын кредиттик карта карызы бар экен. Анын активдерин карап, анын эсебинде 40 миң долларга жакын акча бар экенин көрдүм. «Джо, – дедим мен, – бул жеңилден да жеңил. Силерде үч кредиттик картаны толугу менен төлөөгө акчаңар бар экен. Кредиттериңерди төлөп салгыла! Бирок, билесиңерби эмне? Джо муну каалабай турганын айтты. Мен таң калып, анын себебин сурадым. Ал, эсебинде акчасы болгондо өзүн коопсуз жана каржылык жактан өзүн көз каранды эмес сезээрин айтты. Мен жөн гана ага карадым. «Бул өзүңөрдү бай сезем дегениңер эмнени билдирет? Бул иллюзия. Силердин эсебиңерде 40 000 доллар болсо да, чындыгында 40 000 долларыңар жок, анткени силер 40 000 доллар карызсыңар. Силердин кабылдооңор туура эмес жана силер бул туура эмес түшүнүк үчүн көбүрөөк акча төлөп жатасыңар».

Биз бир сааттай сүйлөштүк бирок, ал эмне үчүн кыйналып иштеп төлөп жаткан карызына өзүнүн эсебиндеги акчасынын көбүрөөк бөлүгүн багыттаса туура болоорун дале түшүнө алган жок. Дагы бир саат ынандыргандан кийин, мен ага багындым да, үйгө кеттим. Бул акчаны өздүк эсебинде кармоого аракет кылып, өзүнө эч кандай кепилдик берген эмес, ал жаңылып жатат. Оо, банкта 40 000 доллар бар деген кагаз почта аркылуу келгенде, ага бул жагымдуу болгонун билем. Бирок, анын каржылык абалынын чыныгы көрүнүшүн алуу үчүн, ал анын кредиттик карта билдирүүлөрүн да карап чыгышы керек болчу.

Канаттануу – бул сонун, бирок ал силерге жалган коопсуздук сезимин бериши мүмкүн. Бир аз алдыга карап, силер азыр жеген нерсеңер бир нече сааттан кийин пайда боло турган муктаждыктарыңарды канааттандыра албасын түшүнүү керек. Силер кайра ачка болосуңар. Эгерде силер жөн гана тез чечимди, тез канаттанууну издеп жатсаңар, анда силер жашооңорду чындап өзгөртө турган бир нерсени колдон чыгарсыңар: эки эселенген бөлүктү.

Баарыбыз жер бетиндеги каргыштын каржы системасында,

тердегенче азаптуу жумушта чоңойгондо, биз бир нерсени кыялданчубуз – токтоону! Мен муну мурунку бөлүмдө айтканмын. Биз көбүрөөк жумуш же башка мүмкүнчүлүктөрдү кыялданган жокпуз анткени, ачыгын айтканда, биз жашоодон чарчап, кийинки отпускага чейин туруштук берүүгө аракет кылып жатканбыз. Көрдүңөрбү, кулдар ашыкча иштөөнү кыялданбайт. Кулдар бир нерсени кыялданышат – дүйшөмбү күнкү эртең мененди эмес, жума күнкү кечти. Неге? Анткени, кулдар бир гана нерсени кыялданышат – токтоону. Уксаңар: «токтотууну чыдамсыздык менен күтүп жүрөм» деп, ашыкча иштеген адамдын ой жүгүртүүсү силерди эч кайда алып барбайт. Силердин уктоочу бөлмөңөргө периште кирип, Кудайдан келген идеяны силер менен бөлүшсө дагы, баары бир менталитетиңер силерге тоскоол болот. Муну жазып алгыла.

## КОШ БӨЛҮКТҮ АЛУУ ҮЧҮН, СИЛЕР ТОКЧУЛУГУҢАРДЫ БАЙКАБАШЫҢАР КЕРЕК!

Бул билдирүү эки эселенген бөлүктүн ачкычы болуп саналат. Мен билем, бул азыр көп деле мааниге ээ эмес, бирок качандыр бир күнү мааниге ээ болот. Эмнени айткым келгенин көрсөтүү үчүн, мен Марктын Жакшы Кабарындагы эмес, Жакандын Жакшы Кабарындагы 5000 адамдын тойдуруу жөнүндөгү окуяга кайрылгым келет. Жакандан биз ошол эле окуяны көрөбүз, бирок Маркта жок кээ бир деталдары менен.

> *Ыйса нандарды алып, Кудайга ыраазычылык билдирди да, шакирттерине берди. Алар отургандарга таратышты. Балыктан да алардын каалашынча беришти. Эл тойгондон кийин, Ал шакирттерине: «Ысырап болбошу үчүн, арткан нанды жыйнап алгыла», – деди.*
>
> – Жакан 6:11,12

Окуянын бул вариантында биз шакирттерине бир күкүм да текке кетпеши үчүн, калдыктарды чогултууну айткан Ыйса экенин көрөбүз. Мен муну түшүнүшүңөрдү каалайм. Мүмкүнчүлүктү көрбөгөндүктөн, аларга мындай кылууну айтууга туура келди. Өзүңөрдү алардын ордуна коюп көргүлө. Тоюп, канааттандыңар, болгону жатып алып, уктап алгыңар келип турат. Жердеги каргыш системасына жана кулдук менталитетке үйрөтүлгөндүктөн, эгер силер тойгон болсоңор, анда токтотууга убакыт келди деп эсептейсиңер. Көрдүңөрбү, кулдук менталитет менен адам керек болгондо гана иштеп, кереги жокто, канааттанганда токтоп калат. Ыйса аларга алардын көз алдында болгон нерсени чогултууну айтышы керек болчу. Тамак–аштын калдыктары алардын айланасында жерде жатты бирок, аларды чогултууга кымындай да аракет кылышкан жок. Кайрадан эле, алардын ою боюнча, бул бөлүктөр менен канаттууларга жеш үчүн калтыруудан башка эмне кылса болот эле?

Ыйса аларга бир нерсеге, абдан маанилүү нерсеге үйрөтүүгө аракет кылган. Ыйса аларга эч нерсе текке кетпеши үчүн, калдыктарды чогултууну айткандан кийин мындай дейт! Бирок, бул эмнени билдирет? Бардыгы ток, баары бактылуу, азыр эч ким нан менен балыкты каалабайт, жок эле дегенде азыркы учурда. Бирок, маселе мына ушунда: ишемби – силер керектүүдөн көбүрөөк чогултмайынча, мүмкүн эмес. Алтынчы күнү ысрайылдыктар маннаны чогултканда, аларга керектүүдөн көбүрөөк чогултуу керектиги айтылды. Ошол күнү керектен ашык чогултуп, алар өзүн жетинчи күнү, эс алуу күнү тамак–аш менен камсыз кылышты. Ыйса шакирттерин колунда болгонуна гана ыраазы болбой, тескерисинче, Падышачылыктан толугу менен камсыз болууга умтулууну үйрөткөн. Дагы айтам, келечекти бир каныккандык менен кура албайсыңар бирок, эки эселенген бөлүк менен кура аласыңар. Тойгон адам бүгүнкү нанды жейт бирок, калган он эки себет тамак эртеңкиге тандоо берет.

Бул жерде мен силердин көрүүңөрдү каалаган негизги принцип.

Ыйса аларды көрсөткөнгө чейин шакирттер калдыктарды

көрүшкөн эмес, Кудай аларга эки эселенген бөлүктү, ишембилик күндү берген. Алар жөн гана муну байкашкан эмес. Кудайдын Падышачылыгы тамак–аш менен камсыз кылып, нан менен балыктарды көбөйтүп, бул адамдарды тойгузган бирок, Кудайдын Падышачылыгы ар дайым эки эселенген бөлүктү берет. Кудай эч качан жетиштүүнү гана берип койбойт, *Ал ар дайым жетиштүүдөн да ашыкчаны берет*. Көйгөй – силер аны көрбөшүңөрдө болушу мүмкүн!

> *Бергиле, ошондо силерге да берилет: жакшы ченем менен ченеп, ыкшап, бастырып, ашыра толтуруп, этегиңерге төгүшөт, анткени кандай ченем менен өлчөп берсеңер, силерге да ошондой ченем менен өлчөнүп берилет».*
>
> – Лука 6:38

Бергиле, ошондо силерге да берилет, жакшы ченем менен ченеп, ыкшап, бастырып бергиле. Бирок, аят муну менен бүтпөйт. Силердин ыкшап, бастырылган ченемиңер–бул силердин ушу күнгө болгон камсыздыгыңар. Бирок, андан ары аятта «ашыра толтуруп» деп айтылат! Ашыра толтурулганы – бул кош бөлүк. Кудай ар дайым кош бөлүктү берет, эч качан аздан бербейт! Бирок, силер муну билбесеңер жана нан ашыгы менен болуп атса, анда аны жөн эле жерге түшүрүп коюшуңар мүмкүн, анткени силер толугу менен алдыңардагы дароо тоюу үчүн керектүү бөлүккө көңүл буруп, ашыгын кармаганга даяр эмессиңер. Мындай жол менен силер эки эселенген бөлүктү алып ырахат алууга даяр эмессиңер. Бирок, Кудайдын Падышачылыгы кандай иштээрин түшүнүп, толук кам көрүүнү алдын ала көрүп билсеңер, анда иш–аракет кылууга жана Кудай бергендин баарын алууга даяр болмоксуңар.

Силерге башка мисал келтиргенге уруксат эткиле.

> *Шымон Ага: «Устат, биз түнү бою эмгектенип, эч нерсе кармай алган жокпуз. Бирок Сен айтып жаткан*

*соң, торду салайын», – деди. Алар торду салып, абдан көп балык кармашты. Балыктын көптүгүнөн тор айрыла баштады. Ошондо алар кол булгап, экинчи кайыктагы жолдошторун жардамга чакырышты. Алар келип, балыктарды салышканда, эки кайык тең толуп калды. Кайыктар чөгө баштады. Муну көргөн Шымон Петир Ыйсанын бутуна жыгылып: «Теңир, менин жанымдан кет. Анткени мен күнөөкөр адаммын», – деди. Анткени ушунча көп балык кармагандарынан улам, аны жана анын жанындагылардын баарын коркунуч басты. Шымондун достору болгон Зебедей уулдары Жакып менен Жакан да коркуп кетишкен эле. Ошондо Ыйса Шымонго: «Коркпо, мындан ары адамдарды кармайсың», – деди.*

– Лука 5:5–10

Бул биз мурда окуган окуянын бир бөлүгү. Кудайдын Падышачылыгынын айынан Петирдин эки кайыгы балыктарга толуп, чөгүп кете жаздады. Бул анын балык уулоо жөнүндөгү ойлоруна карама–каршы келип, аны таң калтырды. Бирок, кийинки жолу Ыйса: «Эй Петир, алысыраак сүзүп бар, ошондо сен каалаганча балык кармай аласың», — деп айтса эмне болмок? Кандай деп ойлойсуңар, ал эки кайык алат беле? Мен күмөнсүйм. Ал досторунан канча кайык таба алса, ошончо кайык чогултуп келмек. Неге? Анткени, ал Кудайдын Падышачылыгынын кандайча иштээри жөнүндө башкача күтүүгө жана билимге ээ болмок.

Бул бүтүндөй талкуунун максаты – Кудай жиберип жаткан камсыздоону көрбөй жатканыңарды түшүнүп жатасыңар деп ынангым келет. Албетте, бул камсыздоонун көбү долларлык купюра түрүндө болбойт. Бирок, ал идеялар, кудайлык дайындоо жана Ыйык Рухтун көрсөтмөлөрү түрүндө болот. Эгерде биз даяр болбосок, башкача айтканда, кош бөлүктү туура түшүнбөсөк, анда жер каргышынын шартында эптеп аман калуу адатыбыздан улам алардан өтүп кетебиз.

Нандардын көбөйүшү жөнүндөгү аңгемеде Ыйса шакирттерине Кудайдын Падышачылыгы кандайча иштээрин, эмнени күтүүнү жана эмнени алдын ала көрүп–билүүнү үйрөтүүгө аракет кылып жатат. Алардын кулдук акыл–эси аларга тегеректе жаткан бардык нандын дараметин көрүүгө жол бербегендиктен, Ал аларды көрүүгө үйрөтүшү керек болчу: «Эмнени көрүп жатасыңар? Карагылачы! Кудай силер үчүн камдап койгон нерселердин баарын көрбөй эатасыңар».

Мен бир азга Мисирден Чыгуу китебинин 16–бөлүмүнө кайрылгым келет, анткени мен белгилей кетким келген дагы бир ой бар.

> *Алар күндө эртең менен өздөрүнө жеткидей жыйнашчу. Күн ысыганда, ал эрип кетчү. Алтынч ы к үнү алар нанды эки эсе көп, киши башына эки гомордон жыйнашты. Муну жамаат башчылары Мусага айтып келишти. Муса аларга мындай деди: «Теңир мындай деди: Эртең – дем алыш, Теңирдин ыйык ишембиси. Отко бышыра турганыңарды бүгүн бышырып, кайната турганы ңарды бүгүн кайнатып алгыла, артып калганын алып коюп, эртең мененкиге чейин сактагыла». Алар Муса айткандай кылып, артып калгандарын эртең мененкиге калтырып коюшту, ал сасыган да жок, курттаган да жок. Муса аларга: «Муну бүгүн жегиле, анткени б үгүн Кудайдын ишембиси. Бүгүн муну талаадан таппайсыңар. Аны алты күн жыйнагыла. Ал эми жетинчи күн – ишемби. Бул күнү манна болбойт», – деди. Кээ бирөөлөр жетинчи күнү жыйнаганы чыгышты, бирок эч нерсе таба алышкан жок. Ошондо Теңир Мусага мындай деди: «Качанкыга чейин Менин осуяттарым менен мыйзамдарымды аткаруудан баш тартасы ңар? Эсиңерден чыкпасын, ишембини силерге Теңир берди, ошон үчүн Ал силерге алтынчы күнү эки күндүк нан берип*

*жатат. Ишемби күнү ар ким өз үйүндө болсун, эч ким өз үйүнөн чыкпасын». Ошентип, эл жетинчи күнү эс алды.*

– Мисирден Чыгуу 16:21–30

Жогоруда айтылгандай, эки эселенген бөлүк – бул ишембиликти мүмкүн кылган нерсе. Бирок, таң калыштуусу, Кудай буга чейин алтынчы күнү эки эселенген бөлүктү берген болсо да, көптөр аны эс алуу күнү издеп, бирок тапкан эмес. Көйгөйдүн баары Кудай бул бөлүктү камсыз кылууда ишенимди актабай койгондо эмес. Алар жөн гана алтынчы күнү берилип калган кош бөлүк жөнүндө туура түшүнө албагандыктан, аны көрө алышкан жок. Алар адаттагыдай эле, бир күнгө жетиштүүнү чогулткан. Жетинчи күнү ачка болуп, эч нерсе табышкан жок. Балким, алардын көз карашы боюнча, Кудай алардын ишенимин актай алган жок. Бирок, Кудай эч кимди капаланткан жок, алар жөн гана кош бөлүк принциби жөнүндө билишчү эмес. Эгер алар билишсе, башкача пландаштырышмак. Бүгүнкү күндө канчалаган адамдар тентип, муктаждыктарын табууга аракет кылып, Кудай аларга баарын эчак берип койгонун түшүнбөй жүрүшөт? Менин оюмча, бул үзүндүнүн эң кызыктуусу, алар жетиштүү жыйнабаганы үчүн Кудай аларга ачууланып жатканы! Кызык, бул биздин жыйындарыбызда кантип айтылмак?

*Үрөн себүүчүгө үрөн, жегенге нан берген Кудай сепкен үрөнүңөрдүн түшүмүн да мол кылып, адилеттигиңердин жемишин арттырат. Бардык нерсеге бай, жоомарт болушуңар үчүн ошондой кылат. Ошентип, силердин жоомарттыгыңар бизде Кудайга болгон ыраазычылыкты жаратат.*

– 2 Корунттуктар 9:10,11

Павел Кудайдын Падышачылыгынын натыйжасы — ар кандай жагдайда берешен болуу үчүн, ар тараптан байышыңар керек экенин так түшүндүрөт. Досум, бул эки эселенген бөлүктү талап

кылат. Молчулук болмоюнча, ар качан берешен боло албайсыңар.

Мурунку бөлүмдө мен силерге кантип жылына үч–төрт миллион доллар тапкан жумушуман, кантип бир жылда он бир миллион доллардан ашык иштегенимди айтып бердим. Ал эми, бул өсүш бир эле жылдын ичинде болгон. Анын кантип болгонун да айтып бердим: Кудай мага аны кантип жасоону үйрөтүү үчүн түш берди. Бирок, азыр мен Анын мага айтканын силер менен бөлүшүшүм керек, анткени азыр бул силерге түшүнүктүү болот. Түшүмдө Кудай мага эки эле сөз берди. Туура, эки эле сөз. Ушул эки сөз ошол жылы менин кирешемди жүз миңдеген долларга өзгөрттү, мен мурункудан көбүрөөк маркетинг же жарнама кылган эмесмин. Компаниямдын ишинде өзүмдөн башка эч нерсени өзгөрткөн жокмун. Бул эки сөз жеке мага таасир эткен нерсени өзгөртүү боюнча көрсөтмөм болду жана бул өзгөртүүлөр биздин бизнести жана менин кирешемди төрт эседен ашык көбөйттү. «Бул кайсы эки сөз?» – деп сурайсыңар. «Учурдан пайдалан!»

Ооба, учурдан пайдалан. «Анан баары ушубу? Бул эки сөз баарын жасадыбы?» Ооба, бул ошолор. КУДАЙ АР ДАЙЫМ Өзүнүн ырыскысын эки эселеп жиберерин түшүнгөндөн кийин, Анын мага эмне деп айтканын түшүнөсүңөр.

Менин компаниям, бардык соода компаниялары сыяктуу эле, адамдарга жардам берүү менен пайда табат. Компания адамдарга канчалык жакшы жардам берсе, ошончолук көп акча табат. Бул чындык бирок, көптөгөн соода ишканалары жетекчиликтин начардыгынан жана иштеп жаткан кардарларды башкаруунун начардыгынан, же жаңы кардарларды издештирүүнүн жана тартуунун жетишсиздигинен улам, кардарлардын суроо–талаптарын канааттандыра албай жаткандыгы да чындык.

Биздин учурда, биз ишке абдан тыгыз байландык жана бул жаман эмес болсо да, кээде биз кардарларыбыздын суроо–талаптарына каалагандай тез жооп бере албай жаттык. Жеке мени ала турган болсок, мен кардарлар менен инвестиция тармагында иштейм жана бул мага абдан жагат. Бирок, менин графигимден

улам, потенциалдуу инвестициялык кардар чалып, мага жеке байланыш үчүн кайрылганда, мен ага биринчи жыйырма төрт сааттын ичинде кайра чалууга дайыма эле убактым боло бербейт.

Мен каалайм бирок, аны жасоого убактым болбой жатат.

Билесиңерби, элдер суроо бергенде, алар жооп берген компанияны тандап алышат. Кээде жеке инвестициялык муктаждыктарын талкуулоо үчүн, потенциалдуу кардарларга болгон чалууларды кийинкиге калтыруу зыяндуу болушу мүмкүн. Алар суроолоруна жооп алуу үчүн, убактысы болгон башка бирөөгө чалышы мүмкүн. Көп нерсе туура эмес болушу мүмкүн бирок, чечим, эл күткөн жоопторду берүүгө даяр болуу болуп саналат.

**ТЕҢИР МАГА АШЫКТЫК ДЕГЕН, ИШЕМБИ, АЛ АНЫ МЕНЕН МЕНИ ЭЧАК КАМСЫЗ КЫЛЫП КОЙГОНУН АЙТКАН. МЕН ЖӨН ГАНА АНЫ КӨРӨ АЛБАПТЫРМЫН!**

Ошентип, Теңир мага бул эки сөздү бергенде, алардын маанисин түшүндүм. Эгер мен чындап эле ийгиликке жетип, алдыңкы ондукка кирип, 100 000 доллар бонус алгым келсе, башка көз караш менен карашым керек болчу. Учурдан пайдаланып калышым керек болчу! Ошондуктан, мен иш–аракетимди өзгөрттүм. Кимдир бирөө телефон чалып, инвестициялык кеңеш сураса, мүмкүн болсо бир–эки мүнөттүн ичинде кайра чалып, мүмкүн болсо дароо жолугуп турам деген эрежени киргизем. Менин кардарларым өлкөнүн ар кайсы аймактарында жайгашкан жана бул милдеттенмени аткаруу абдан кыйын болоору убадаланып турат. Бирок, мен буга даяр болчумун. Мен өзүмдүн компаниямдын жетекчисине телефон чалып, Кудайдын айтканын айттым жана бардык өкүлдөрүмө ушундай мамиледе болууну жана келип калган учурда ар бир мүмкүнчүлүктү пайдаланууну айтуусун сурандым. Жылдын аягына чейин биз бул жабдуучу менен алдыңкы ондукка кирүү үчүн зарыл болгон 11 миллиондон

ашык суммага товар жүгүртүүнү жасадык. Бирок, андан тышкары, биз башка жеткирүүчүлөрүбүз үчүн дагы миллиондогон акчаларды камсыз кылдык.

Бул улуу ачылыштын учуру. Биз эч нерсени өзгөрткөн жокпуз, жөн гана биз менен сүйлөшкүсү келген жаңы кардарга тез жооп бердик. Көрдүңөрбү, Теңир мага ашыктык деген, ишемби, Ал аны менен мени эчак камсыз кылып койгонун айткан. Мен аны жөн гана көрө албаптырмын!

Демек, кош бөлүктү кантип алуу керектигин түшүндүргөн Падышачылыктын кош бөлүк деген мыйзамы жок. Ал ар дайым бар. Кудай ар дайым эки эселенген бөлүктү берет.

## КУДАЙ ЭЧ КАЧАН БҮГҮНКҮ ГАНА КАМСЫЗДЫКТЫ ЖИБЕРБЕЙТ. АЛ АР ДАЙЫМ <u>АНЫ МЕНЕН</u> КОШУП КОШ БӨЛҮКТҮ ЖИБЕРЕТ!

Кайра эле, биздин көйгөй – биз жөн гана кош бөлүктү көрбөй жатабызда.

## <u>Бирок, андан да чоң көйгөй – биз аны издөөнү да билген эмеспиз!</u>

Мага Ыйсанын: «Ысырап болбош үчүн!» деген сөздөрү жагат. Кудай мунун баарын жөнөттү жана Ал силердин муну алышыңарды каалайт. Ал буга чейин жиберген маннаны эл жетинчи күнү издеп жүргөнүнө капа болду. Ал, ишембиден ырахат алыш үчүн, аны алтынчы күнү жибергенин Мусага эскертти. Негизи, Ал аларга: «Ишемби Мен үчүн эмес, силер үчүн. Ошон үчүн мен силерге эки эселенген бөлүк жибердим» деп айткан. Ыйсанын да ошол эле нерсени айтканын угуп жатасыңарбы? «Эй, балдар, бул бөлүктөрүн чогултуп, баарын тыкан тизип койгула. Кудай муну силерге эки эселенген бөлүктөн ырахат алып, тынчтыкка ээ болушуңар үчүн жиберди».

Ыйсанын 5000 адамды беш нан жана эки балык менен тойгузганы жөнүндөгү окуяда шакирттер эч кандай калдыкты көрүшкөн эмес. Алар аны издешкен да жок. Бирок, Ыйса аларга аны чогултуу керектигин айтты жана түшүм жоголгон жок. Бүгүн Ыйык Рух бизге тоюунун чегинен да ары карап жана кош бөлүктү кармап калууга жардам бериши керек. Эгер сурасак, биз көрө албаган нерселерди Ал көрсөтөт. Эң негизгиси, силер муну түшүндүңөр деп үмүттөнөм, кош бөлүк силерге мурунтан эле түшүрүлгөн, аны алышыңар гана керек.

Кош бөлүк – бул жетинчи терге чейин азаптуу жумуштан турган жердеги каргыш тийген системадан чыгуунун жалгыз жолу болгондуктан, шайтан аны жек көрөт. Ал машайакчыларды, эгерде алар акча табуу үчүн, эки жумушта иштеп, төлөмдөрдү төлөө үчүн күрөшүп жатса, анда аларда баары жакшы эле деп ишендирүүгө аракет кылышы мүмкүн. Ал эми, Кудайдын Падышачылыгын колдоо үчүн акчасы бар, каржылык коркунучу жана тынчсыздануусу жок жашаган машайакчыны токтоткусу келет. Шайтандын ниети – силерди өмүр бою жокчулукта, эч нерсеге эч кандай таасири жок абалда, бактысыз жашоонун кулу кылып кармоо. Акча – бул таасир! Шайтан Кудайдын батасын алууңаарга тоскоол болуу үчүн, баарын жасайт. Мына ушул себептен мен силерге айтайын дегендеримди түшүнүү абдан маанилүү.

## Кош бөлүк жашырылган!

Шакирттерге тыныгуу берүүгө убакыт келди. Алар ашыктыкты көрбөгөнүнүн себеби бар болчу. Албетте, биз айткандай, алар издешкен да эмес бирок, чындыгында башка фактор да бар болчу. Силер адатта калдыктарды чогултпайсыңар! Башкача айтканда, алардын түшүнүгү боюнча, тегеректе жаткан нан менен балыктар жөн эле калдыктар болгон.

Эмне үчүн Петир салык төлөш үчүн керек болгон тыйын балыктын оозуна катылып калган? Аны ошол жерден издейм деп ким ойлоптур? Раввиндин сөзү боюнча, түнү бою балык уулап, эч

**ШАЙТАНДЫН НИЕТИ – СИЛЕРДИ ӨМҮР БОЮ ЖОКЧУЛУКТА, ЭЧ НЕРСЕГЕ ЭЧ КАНДАЙ ТААСИРИ ЖОК АБАЛДА, БАКТЫСЫЗ ЖАШООНУН КУЛУ КЫЛЫП КАРМОО.**

нерсе кармай албаган тажрыйбалуу балыкчылардын эки кайыгы, бул балыкчылардын өмүрүндөгү эң көп кармалган балыктардын салмагынан чөгүп кете жаздайт деп ким ойлогон? 2 Шемуелдеги үйүндө бир аз майдан башка акчасы эмес эч нерсеси жок, өзүн банкрот деп жарыялаганы жаткан аял эмнегедир ушунчалык көп майга ээ болуп, карыздарын жаап, карызсыз жашоого мүмкүнчүлүгү болуп калат деп ким ойлогон? Эч ким ойлогон эмес. Класстын жетишкендиги боюнча тизменин ылдыйынан экинчи болуп мектепти бүтүргөн Гэри Кеси бүгүн миллионер болуп, күн сайын дүйнө жүзү боюнча миңдеген адамдардын алдында сүйлөйт деп ким ойлогон? Эч ким! Бул окуялардын баарында Кудай кырдаалды өзгөртүү үчүн күтүлбөгөн нерсени колдонгон.

Эгерде ашып–ташуу, кош бөлүк ачык–айкын көрүнүп, көзгө көрүнгөн жерде эле болсо, шайтан аны көрүп, анын жолун тосуп, уурдап кетүүгө аракет кылмак. Мына ушундан улам Кудай өз байлыгын ачык сактабайт. Алар жашырылган. Шайтан сенин ырыскыга тойгонуңду жактырбайт, бирок анын эң жек көргөнү – сенин ашыктыкка жана ишембиге өткөнүң. Мен силерге Кудайдын жердеги падышачылыктагы ишинин принцибине байланыштуу түшүнүшүңөр керек болгон бир нерсени көрсөтүп берейин.

> *Биз Кудайдын жашыруун сыр катары сакталып келген акылмандуулугу жөнүндө сүйлөйбүз. Биздин даңкталышыбыз үчүн, Кудай аны дүйнө жаратыла электен мурун эле белгилеп койгон. Ал акылмандыкты бул дүйнөнүн бийликтегилеринин бири да түшүнгөн жок. Түшүнүшсө, даңктуу Теңирди айкаш жыгачка кадашмак эмес.*
>
> – 1 Корунттуктарга 2:7,8

Бул үзүндү бизге ачык көрсөтүп турат, эгерде шайтан Кудайдын планы жөнүндө билгенде, ал тактикасын өзгөртмөк! Ошон үчүн Кудай жашыруун иштерди жүргүзүшү керек. Шайтан ачык–айкын нерселердин баарына реакция кылмак. Ошол себептүү, мол ырыскыңарды колуңарга бекем кармап же оруп баштаганга чейин ачык–айкын көрсөтүү мүмкүн эмес. Менде көп жылдардан бери кайталап келе жаткан сөзүм бар. Кудайдын байлыгы силерден эмес, силер үчүн жашырылган.

## *Силер* үчүн, *силерден* жашырылган!

Көптөгөн адамдар мага Кудай Өзүнүн жооптору менен бөлүшүү үчүн түн ортосуна чейин күтпөсүн каалай турганын айтышат. Бирок досум, Кудай тынчсызданбайт. Ал төлөмдүн кайсы убакытта болорун билет жана силерге жакшы болуш үчүн Кудай колун эрте ачпайт, анткени анын ичиндегини шайтан кармап калбашы үчүн.

> *Сен Менин Теңир экенимди, сени атыңдан чакырган Ысрайылдын Кудайы экенимди билишиң үчүн, Мен сага караңгы жерге сакталган казыналарды жана катылган байлыктарды берем.*
>
> – Ышайа 45:3

Жашыруун байлык? Бул эң мыкты Голливуд тасмасынын сценарийине караганда жакшыраак. Мен силерге Кудай менин бизнестеги жашоомдо эки эселенген бөлүктү кармап калууга кантип жардам бергени жөнүндө мисал келтирейин. Көп жылдар мурун мен отуруп, каржылык кызмат көрсөтүүчү компаниямдын жылдык кирешеси жана чыгымы жөнүндө отчетту карадым. Мен ыраазы болсом да — карызым жок жана банкта бир аз акчам болсо да — алдыда дагы көп нерсе бар экенин билчүмүн. Мен Падышачылыкта каржылагым келген көптөгөн долбоорлорду көрдүм, көп нерсе кылыш керек болчу жана мунун баарына акча керек эле.

Мен бул жөнүндө сыйынып жатканда, Теңир мага *бөлүктөр*

термини жөнүндө сүйлөй баштады. Алгач Анын эмнени айткысы келгенин түшүнгөн жокмун бирок, мен бул жөнүндө канчалык көбүрөөк сыйынып, уккан сайын ошончо көбүрөөк түшүнө баштадым. Биз жаңы эле окуган таржымалдай бөлүктөрдү өткөрүп жатыптырмын. Алардын баалуулугу анча деле маанилүү эмес деп эсептелген – же аларды чогултууга сарпталган энергияга арзыбагандыктан, же алардын баалуулугу эскирген нарк системасына негизделген. Же балким, алардын потенциалдуу колдонулушунун кемчиликтери жана чектелген кабылдоосу азыркы учурда кандай кабыл алынганына салыштырмалуу, алардын наркынын мүмкүн болуучу өсүшүн түшүнүүнү чектеген.

Мен ишенем, силер адамдардан “биз дайыма ушундай кылып келгенбиз” деген сөздөрүн көп уккансыңар. Эмне дейм, мен силерге айта алам: бул ыкма менен силер эки эселенген бөлүктү ала албайсыңар.

Маалыматтарды карап жатканда, мен чогултушум керек болгон столдун үстүндө калтырып жаткан көптөгөн бөлүктөргө Кудай менин көзүмдү ачты. Ар бир кардар үчүн артыкчылыктардын бири – анын кандай активдери жана карыздары бар экенин көрүү үчүн, ал жөнүндө толук маалымат профилин түзүү. Андан кийин биз карызды төлөөгө колдонула турган акчаны табуу үчүн анализ жасайбыз. Албетте, биз маалымат баракчасында учурдагы ипотекалык статусун, пайыздык ченди жана кредиттин шарттарын көрсөтөбүз. Ошол учурда биз кардарларыбызга жогорку пайыздык кредиттик карта карызын төлөө үчүн, өз каражаттарынын эсебинен кредит линиясын алууну сунуштаганбыз, бул ошол кездеги таза пайыздык ченди стандарттык 21 пайыздан 6 пайызга чейин төмөндөткөн. Бул маневрдин эле айынан орточо үй–бүлө айына 500 доллардан 600 долларга чейин үнөмдөгөн. Мындай кырдаал жаралганда, биз кардарларыбызды алардын банкына кайра барып, каржыланган насыя алуу үчүн жөнөттүк.

Мен өзүмдүн маалыматтарымды изилдеп жатканымда, Ыйык Рух ушул ипотека маселесине көңүлүмдү бурду. «Эмне үчүн сага ипотекалык көйгөйлөрдү караганга болбосун?» Ошондо мен мунун

мааниси бар деп ойлодум. Бизде буга чейин кардарлардын ишеними бар болчу, бизде алар жөнүндө маалыматтар бар болчу, акыры, биз биринчи кезекте алардын карызын кайра каржылоону сунуштаганбыз.

Бул аспектти кылыш үчүн мен таптакыр жаңы бизнести үйрөнүшүм, лицензиялоодон өтүшүм, даярдануу курстарына катышуум жана дагы көп башка нерселерди кылышым керек болчу. Мунун баарына менде убакытым жок болчу. Бирок, мен бул жөнүндө сыйынууну улантып жатканда, Теңир мага ипотекалык компаниямды түзүү жана башкаруу үчүн бирөөнү жалдоого түрткү берди, мен аны аткардым. Ипотека менен иштөөнүн биринчи жылында биз кошумча 160 000 доллар таза киреше алдык. Эгерде мен карап туруп, бирок көрө албаган бир бөлүгүн Ыйык Рухка көрсөтүүгө уруксат бербегенимде, менде бул акча эч качан болмок эмес.

Кийинчерээк мен Ыйык Рух мага көрсөткөн бөлүктөр болуп эсептелген дагы көп нерселерди чогулта алдым. Мен башка адамдардан, ал жакка киришүүнүн кереги жок деген сөздөрдү укканым, ал нерселерге бир тараптуу караганым үчүн, көз жаздымда калтырган бир бөлүк – биз үчүн чоң ийгилик болду. Акыры аны жакшылап карап чыкканда, бул аймак жөнүндө уккан маалыматтын баары туура эмес экенин жана бул чындыгында биздин компания үчүн абдан ылайыктуу экенин түшүндүм. Бул бөлүк чындыгында менин негизги бизнес моделиме караганда көбүрөөк киреше берип, миллиондогон доллар пайда алып келди. Бул түзмө–түз көп миллион долларлык бөлүк болду!

Ошентип, мен муну силерге так түшүндүрүп берейин. Кош бөлүк аян аркылуу алынат! Аян – бул Ыйык Рух силерге көрсөтө турган, силер өзүңөр биле албай турган нерсе. Башкача айтканда, Ыйык Рух силердин көзүңөрдү өзүңөр көрө албаган нерселерге ачат. Бул аяндын билими деп аталат.

## Аян – эки эселенген бөлүктүн ачкычы!

Адамдар менден: «Ыйык Рухту кантип уга алам деп сурашат. Мен кантип угуп, бул жашыруун идеяларды жана мүмкүнчүлүктөрдү

кантип түшүнөм?» Сонун суроолор. Бул китепте Кудайдын үнүн угуу тууралуу майда–чүйдөсүнө чейин айтып берүүгө убактым жок. Ошондуктан, мен "Ыйык Рух менен чөмүлтүлүү" деп аталган башка китебимди карап чыгууну сунуштайм (Ze Baptism of the Holy Spirit). Силер аны Amazon платформасынан же биздин веб–сайттан сатып алсаңар болот. Бул китептен силер Ыйык Рухтун бизге Кудайдын жашыруун пландарын ачып берүү үчүн кандайча иштээри жөнүндө көбүрөөк маалымат таба аласыңар, биз жердеги падышачылыкта, азыркы учурда жана так ушул жерде шайтандын көз алдында гүлдөй алабыз жана ал эч нерсе кыла албайт. Бирок, силер туура багытта кыймылдооңор үчүн, келгиле, 1 Корунттуктарга кайрылалы.

> *Ар кандай тилдерде сүйлөгөн адам адамдарга эмес, Кудайга сүйлөп жатат. Анткени аны эч ким түшүнгөн жок, ал сырларды руху менен айтып жатат.*
>
> – 1 Корунттуктар 14:2

4–аятта мындай дейт:

> *Ар кандай тилдерде сүйлөгөн адам өзүн бекемдейт.*

*Бекемдейт* деген сөз «үйрөтүү же түшүнүк берүү» дегенди билдирет. Мен буга муктажмын, силер дагы. Ыйык Китептин бул үзүндүсүндө башка тилдерде сүйлөө же Пабыл сүрөттөгөндөй Рухта сыйынуу жөнүндө сөз болгондо, Ыйык Рухтун бул ролу жөнүндө эмнени укканыңарга карабастан, кимдир бирөө силерге анын бар экенин айтканбы же жокпу элчилердин доорунан бери унутулуп калган же шайтандан экен дейби, мунун баарына крабастан – өзүңөрдүн Ыйык Китебиңерди окугула деп шыктандыргым келет! Рухтагы сыйынуу – бул жөн эле Ыйык Рухтун жердеги падышачылыкта силер аркылуу сыйынып, эмне болуп жатканын шайтанга билгизбестен, Анын эркин аткаруу үчүн. Рухта сыйынуу – бул асмандан аян алуунун негизги ачкычы жана

мен силерди менин айткандарымды изилдөөгө чакырам. Эгер силерде суроолор пайда болсо, менин китебимди алгыла. Бул Ыйык Рухтун биздин жашообуздагы укмуштуудай ролун көбүрөөк түшүнүүгө жардам берерин билем.

Мен бул китепти негизинен ушул бөлүмдүн мазмунун жалпылаган Ыйык Жазуунун эки аяты менен жыйынтыктагым келет.

> *Биздин ичибизде күчү менен аракеттенип жаткан, сураганыбыздан да же ойлогонубуздан да артык кыла ала турган Кудай. Жыйында Машайак Ыйса аркылуу муундан муунга, кылымдан кылымга даңкталсын! Оомийин!*
>
> – Эфестиктер 3:20, 21

Силер эч качан ойлобогон нерсени сурай албайсыңар. Учурда менде эки учак бар: мен көңүл ачуу үчүн уча турган кичинекей учак жана өлкөнүн каалаган жерине уча турган бизнес–джет. Мен бизнес үчүн учак сатып алууну ойлонуп жатканда, баасы мени таң калтырды. Учактар – арзан ырахат эмес! Мен артка чегинип, ойлоно баштадым: “Мен бизнес–джетсиз деле боло алам. Анткени, бул абдан чоң акча» деп. Бирок, мен жума сайын коммерциялык авиакаттамдары менен учуп, бир айда жыйырма үч рейс жасадым. Бул оор болду. Ооба, менде камсыздоо бар деп айта алам. Менин бардык учууларым төлөнгөн, аларды төлөөдө акча көйгөйү болгон жок. Бирок, менин аба жолундагы саякаттарым барган сайын азыраак тынчтыкты камсыз кылган. Каттамдар токтотулуп же кечигип, башаламандыкка айланды. Бул мен муктаж болгон ишемби эмес эле.

Акыры, мен бул жерде Кудайды чектеп жатканымды моюнга алдым. Ал – кош бөлүктүн Кудайы. Дренда экөөбүз бир жылдан ашык убакыт учак алганга батына албай жүргөнүбүздү кайгыруу менен айтып коюшум керек. Акырында, Кудай биздин көңүлүбүздү бул учакка буруп, эки жылдан бери бул учакты берүүгө аракет кылып жатканын айтты! Биз тобо кылып, чечим кабыл алдык. Биз так биз каалаган жана керек болгон бизнес–джеттин үрөнүн септик жана муну кылгандан кийин эки айдын ичинде аны

алдык. Бул убакыттын ичинде Кудай мага кыраакылык жана кээ бир бизнес операцияларында ийгилик берди, акча качан керек болгондо пайда болуп жатты. Ооба, Теңир – кош бөлүктүн Кудайы. Айырмасы эмнеде? Эми, менин жашоомдо, өз учагыңда учуу менен коммерциялык каттамда учуунун ортосундагы айырманы велосипед тээп же үйүңдөн 50 миль алыстыкта машине айдаганга салыштырса болот. Олуттуу! Кудай эки жыл бою муну мага жеткирүүгө аракет кылды, мен болсо токтукта, жөн гана карап туруп, бирок Кудай мага берген эки эселенген бөлүктү көрбөй жүрдүм. Мен аны жөн гана көрүшүм керек эле.

Мүмкүн, силер ушунчалык оңдоп–түзөөгө муктаж болгон унааны айдайсыңар, эртең менен көзүңөрдү ачканыңарда эле аны жүрүп кетсин деп сыйынып жаткандырсыңар. Бош банк эсебин карап, ошонун негизинде эптеп аман калуу чечимдерин кабыл алууну токтоткула. Анын ордуна, эки эселенген бөлүктүн Кудайы силерге ишемби күнүнүн тынчтыгына жана бейпилдигине ээ болуу үчүн, силер билишиңер керек болгон бөлүктөрдү, жашыруун нерселерди көрсөтүүсүнө жол бергиле. Ал силерге план берип, аны кантип ишке ашырууну көрсөтөт. Жөн эле сурангыла. Ыйса айткандай: «Эч нерсе ысырап болбосун!» Сиз үчүн эки эселенген бөлүк мурунтан эле каралган!

> *Демек, Кудайдын эли үчүн ишемби күн али алдыда. Кудай Өз иштерин бүтүргөндөн кийин эс алгандай эле, Анын бейпил жайына кирген адам да өз иштерин бүтүргөндөн кийин эс алат.*
>
> – Эврейлерге 4:9,10

Мен бул китеп силер үчүн жана Теңир Ыйса Машайак менен бирге жүрүшүңөр үчүн бата болду деп ишенем. Мен айткандай, бул “Сенин каржылык төңкөрүшүң” сериясындагы экинчи китеп. Алар жалпысынан бешөө болот, андыктан кийинки китептин чыгышына биздин сайттан көз салып

тургула. Ошондой эле, биздин Team Revolution насаатчылык программабыздын мүчөсү болууну ойлонуп көргүлө. Анан дагы, биздин веб–сайттардан Team Revolution жөнүндө кеңири маалыматты таба аласыңар.

Гэри жана Дренда Кисилер, Нью Олбани, Огайо, 1–(800)–815–0818 шаарында Forward Financial Group компаниясына ээлик кылышат жана аны башкарышат.

Гэри жана Дренда Кисилер, Огайо штатындагы Жаңы Олбани шаарындагы Life of Faith жыйынынын пасторлору.

Гэри жана Дренда Кисилерден башка ресурстар FaithLifeNow.com, GaryKeeese.com же Drenda.com induce даректеринде жеткиликтүү.

## “Силердин каржылык төңкөрүшүңөр” деп аталган сериядагы Гэри Кисинин башка китептери

Макулдашуунун күчү

Стратегиянын күчү

Камсыздоонун күчү

Марттыктын күчү

Сиздин тилиңизде көбүрөөк акысыз
окуу куралдарын жүктөп алуу үчүн,
**FLNFree.com** сайтына кириңиз!

Сиздин тилиңизде көбүрөөк АКЫСЫЗ окуу
каражаттарын каалайсызбы? **FLNFree.com** сайтына кириңиз.

# СЕНИН КАРЖЫЛЫК ТӨҢКӨРҮШҮҢ
## Тынчтыктын күчү

**Силер чарчадыңарбы?**

**Арс чычкандай чуркай беруудөн чарчадыңарбы?**

**Токтоп калууну сезгенден чарчадыңарбы?**

**Тынчсыздануудан чарчадыңарбы?**

**Бакыттын жоктугунан чарчадыңарбы?**

**Силер мындан ары мындай жашабашыңар керек.**

Аян-ачылыштарга толгон бул өзгөчө саякатта Гэри Кисиге кошулгула жана ЖАҢЫ СИСТЕМА ЖӨНҮНДӨ – жашооңорду толук өзгөртө турган, тогуз жыл бою чарчаган, эмоционалдык, физикалык, каржылык планда акыркы демине чейин эптеп аман калуу үчүн күрөшкөн анын жашоосун толугу менен өзгөрткөн нерсе ЖӨНҮНДӨ БИЛГИЛЕ.

Буларды билип алгыла:

- Гэри үчүн баары кантип өзгөрдү – ал каржылык жактан да, физикалык жактан да толук көңүлү чөккөн абалдан максаттуу жана саламаттыктагы жашоого кантип жетти. Эми ал унааларды нак акча төлөп алып, өз үйүн куруп, карызга кирбей туруп эле бир нече компанияларды ачып жана жүз миңдеген адамдарды Падышачылыкта жашоого... тынчтыктагы жашоого үйрөтүп жатат.
- СИЛЕР үчүн баары кантип өзгөрүлөт – кантип СИЛЕР жеткилең тынчтыкта жашай аласыңар.

Ал тургай, бир учун бир учуна эптеп жалгаштырууда силер билгендердин баары чарчоодон, алсыроодон буттары чалыштап жатса да, силер антип жашоого милдеттүү эмессиңер.

Ишембилердин негизге принциптерин талдап алуу менен, силер өз жашооңордо чыныгы натыйжаларды көрө аласыңар. Силер муктаждыгыңар канааттандырылган, арс чычкандай чуркоодон эркин болгон, өз максатыңар менен эңсөөңөрдү табууда эркин болгон жана анда гүлдөп-өскөн, эптеп эле аман калууга аракеттенбестен ийгиликке жеткен, бардыгы көрүп көнүп калгандан айырмаланган натыйжаларды көрсөтө алган жашоодо жашай аларыңарды дүйнөгө жарыялай аласыңар.

Токтоп калбагыла. Чарчоонун барымтасы болбогула.

Өзүңөр үчүн жаңы жашоону ачкыла!



ГЭРИ КИСИ – автор, баяндамачы, ишкер, финансылык эксперт жана кайтаруучу, ал адамдарга жашоодо өзгөчө, ишеним, үй-бүлө жана каржы жаатында жеңишке жетүүдө жардам берүүгө умтулат. Гэри жана анын жубайы Дренда - бир нече ийгиликтүү компанияларды жаратуучулар жана эки телевизиондук программаны ("Акча маселелерин чечүү" жана "Дренда" деген) чыгарышкан, бүткүл дүйнө боюнча конференцияларды өткөрүп жана практикалык ресурстарды сунуш кылышат. Жубайлар Кисилер – Огайо штатындагы, Колумбус шаарынын жанында жайгашкан "Ишенимдеги жашоо" жыйынынын кайтаруучулары.

GKM GARY KEESEE MINISTRIES

garykeesee.com